Co-funded by the European Union
При поддержке Европейского Союза

IPHR International Partnership for Human Rights

Юристы за права человека

ЖАРАНДЫК КООМДУН
СОТ АДИЛЕТТИГИ СЕКТОРУНА
МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА
УЛУТТУК ТҮЙҮНҮ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИ ТУТУМУНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ

1-Чөйрө. Кылмыш-жаза саясаты

Бишкек
2025

Бул аналитикалык отчет Кыргызстанда кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумуна мониторинг жүргүзүү боюнча «Акыйкат кареги» Улуттук түйүнүнүн мүчөсү тарабынан жүргүзүлгөн мониторингдин негизинде Адам укуктары үчүн эл аралык өнөктөштүк уюму (IPHR) жана «Юристтер адам укуктары үчүн» коомдук фонду (LHR) менен биргеликте ишке ашырылып жаткан долбоордун алкагында Европа Биримдигинин колдоосу астында даярдалды.

Отчет: долбоордун алкагында белгилүү эл аралык жана улуттук эксперттер тарабынан иштелип чыккан кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүнө мониторинг жүргүзүүнүн комплекстүү Усулдамасына ылайык 1-чөйрөнү: Кылмыш-жаза саясатын каттыйт.[1] *Бул «Акыйкат карегинин» мүчөлөрү жаңы Усулдаманы колдонуп мониторинг жүргүзүүсүнүн негизинде даярдаган аналитикалык отчеттор сериясынын бир бөлүгү болуп эсептелет жана долбоордун эксперттеринин колдоосу менен.*

Бул басылма Европа Биримдигинин каржылык колдоосу астында даярдалды. Бул басылманын мазмуну Адам укуктары боюнча эл аралык Өнөктөштүктүн жана «Юристтер адам укугу үчүн» КФ жоопкерчилигинин предмети болуп эсептелет жана Европа Биримдигинин көз карашын милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

[1] Усулдама орус жана кыргыз тилдеринде кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://iphronline.org/articles/new-methodology-for-monitoring-the-criminal-justice-sector-developed/

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ 2

КЫСКАРТУУЛАР 6

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР 8

УСУЛДАМА 20

БАА БЕРҮҮ ҮЧҮН НЕГИЗГИ СУРООЛОР 26

1.Кылмыш-жаза саясаты жана Кылмыш-жаза кодекси 26

2.Кылмыш-жаза кодексинин принциптери жана алардын колдонулушу 35

3.Кылмыш-жаза кодексинин мейкиндикте жана адамдардын чөйрөсүндө колдонулушу 55

4.Кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелери 63

ЧӨЙРӨНҮ БААЛОО 98

КОРУТУНДУ 109

ТИРКЕМЕ 1.1. Кылмыш-жаза кодексинин беренелеринде укуктук аныктык принцибине ылайык келбеген түшүнүктөрдүн жана белгилердин болжолдуу тизмеси 111

КИРИШҮҮ

Мониторинг жүргүзүү үчүн тандалып алынган «Кылмыш-жаза саясаты» өлкө үчүн дагы актуалдуу болуп эсептелет, себеби бул чөйрөдөгү мыйзамдар жана ага тиешелүү укук колдонуу тажрыйбасы акыркы жылдары маанилүү өзгөрүүлөргө кабылышты. Көз карандысыз Кыргызстандын биринчи Кылмыш-жаза кодекси 1997-жылы[2] советтик кодекстин базасында кабыл алынган (Кыргыз ССРи Кылмыш-жаза кодекси, 1960-ж.). Кылмыш-жаза чөйрөсүндө айрым изилдөөлөр жүргүзүлгөн, бирок тутумдуу (системалуу) түрдө эмес, бир нече институттардын алкагында жүргүзүлүп келген. [3] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза саясатына талдоо биринчи жолу 2007-жылы[4] ошол кезде колдонуудагы 1997-жылы кабыл алынган Кылмыш-жаза кодексине жүргүзүлгөн. Бул реформанын ийгилиги өлүм жазасы сыяктуу жазанын түрүнөн баш тартуу болуп эсептелген. Мындан соң, Кылмыш-жаза кодексинин ченемдерин КЖК ченемдерин КР тарабынан ратификацияланган эл аралык стандарттарга жана эл аралык келишимдерге шайкеш келтирүү муктаждыгы пайда болгон. 2012-жылдын 17-январында Кыргыз Республикасынын Президентинин №6 «Кыргыз Республикасынын сот тутумун андан ары реформалоо жаатындагы макулдашылган сунуштамаларды иштеп чыгуу боюнча Комиссияны түзүү жөнүндө» Жарлыгы чыккан.[5] Ушуга байланыштуу, кеңири коомдук жана эксперттик талкуулар жүргүзүлгөн, мындан соң Кыргыз Республикасында Сот реформасын жүргүзүүнүн концепциясынын долбоору иштелип чыккан (Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза сот өндүрүшүн реформалоонун концептуалдык суроолору: 2023-жылдын 22-апрелиндеги эксперттик форумдун стенограммасы) [6] . Концепциянын долбоору Президенттин кароосуна киргизилген жана андан соң 2012-жылдын 8-августунда № 147[7] «Кыргыз Республикасында укук адилеттигин жакшыртуу жаатындагы чаралар жөнүндө» Жарлык чыккан. Концепциянын негизги жоболору Кылмыш-жаза кодексинин өзөгү катары киргизилген.[8]

Кылмыш-жаза мыйзамынын жаңы концепциясы кылмыш жасаган адамдарга карата репрессивдүү ыкмаларды өзгөртүү бөлүгүндө көбүрөөк прогрессивдүү боло алды жана жабырлануучулардын укуктарын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүктөрдү түздү. Концепция ошондой эле жосундарды декриминалдаштыруу жана депенализациялоо менен байланыштуу бир

---

[2] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси, 1-октябрь, 1997-жыл, №68 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/568/edition/920090/ru

[3] 2006-2007-жылдарга карата Кыргыз Республикасындагы кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча мамлекеттик программа, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген, 28-февраль, 2006-жыл, №132 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/53-203/edition/326033/ru

[4] Supplementary Human Dimension Meeting on Protection and Promotion of Human Rights: Responsibilities and Effective Remedies Vienna, 12 – 13 July 2007 Session I: the role of national courts in promoting and protecting human rights URL: https://www.osce.org/files/f/documents/1/0/26064.pdf

[5] Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын сот системасын андан ары реформалоо жаатындагы макулдашылган сунуштамаларды иштеп чыгуу боюнча Комиссияны түзүү жөнүндө» Жарлыгы, 17-январь, 2012-жыл №6 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/5-5398/edition/752098/ru

[6] Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза сот өндүрүшүн реформалоонун концептуалдуу суроолору: эксперттик форумдун стенограммасы, 22-апрель, 2013-жыл URL: https://studylib.ru/doc/2176801/konceptual._nye-voprosy-reformirovaniya-%3E%3E%3E

[7] Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасындагы укук адилеттигин жакшыртуу боюнча чаралары жөнүндө» Жарлыгы, 8-август, 2012-жыл, № 147 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/61388/edition/1061251/ru

[8] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси, 2-февраль, 2017-жыл, №19 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111527/edition/1186183/ru

катар аракеттерди караштырган. Кылмыш-жаза тутуму гуманизациялоо тарабына өзгөртүлгөн. Өзгөртүүлөргө кылмыш-жаза жазаларын дайындоо тутуму дагы кабылган, ал адилеттүүлүк принцибин ишке ашырууга карай өзгөртүлгөн. Кылмыш-жаза укук бузууларын кылмыштарга жана жосундарга бөлүү жүргүзүлгөн. Кылмыш-жаза жосундары жөнүндө жаңы Кодекс күчүнө киргизилген.[9] Эл аралык конвенцияларга ылайык юридикалык жактарга карата кылмыш-жаза жоопкерчилиги киргизилген, жаңы пробация институту пайда болгон, коррупция тобокелчиликтерине тоскоол боло турган жаңы жазалоо тутуму түзүлгөн, ошондой эле жазалоонун түрлөрүнүн жана өлчөмдөрүнүн катышы бекитилген, коопсуздук чаралары сыяктуу кылмыш-жаза укуктук чаралар киргизилген, эркиндигинен ажыратуунун максималдуу мөөнөттөрү 15 жылга чейин төмөндөтүлгөн, административдик жана кылмыш-жаза жоопкерчилигин так бөлүштүрүү жүргүзүлгөн, Кылмыш-жаза кодексинин Өзгөчө ченемдери тутумдаштырылган, аскер учурунда кылмыштарды жасагандыгы үчүн жоопкерчилик караштырылды. Мына ошентип, реформа бир топ прогрессивдүү өзгөртүүлөрдү камтыган.

2021-жылдагы [10] жаңы кылмыш-жаза-укуктук реформасы кылмыш-жаза мыйзамдарынын өзгөрүүсүнө алып келди: өлкөнүн 2021-жылдагы Конституциясында булар айтылганына карабастан, Кылмыш-жаза кодексинен юридикалык жактардын жоопкерчилиги, коопсуздук чаралары алынып салынды, жосундар алынып салынды ж.б.

Калыптанган кылмыш-жаза саясатынын жоктугунан улам, Кыргызстандын кылмыш-жаза мыйзамы ал эл аралык стандарттарга шайкеш келеби, прогрессивдүү институттар барбы жана кылмыш-жаза укугунун бардык принциптери сакталып жатабы жаатында талдоо жүргүзүүнүн курч зарылдыгы келип чыкты.

Бул талдоо жүргүзүү укук колдонуу кандай ишке ашырылып жаткандыгын жана ал өлкөдө адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына кандай таасирин тийгизип жаткандыгын, укук адилеттигинин калктын аярлуу топторуна жеткиликтүүлүгүн көрсөтүп берүүгө арналган, ошондой эле жакынкы жылдарда кылмыш-жаза саясатын реформалоо боюнча мамлекет үчүн багыттамаларды иштеп чыгууга жана өлкөдөгү кылмыш-жаза укук адилеттигин реформалоо сүроолору боюнча сүйлөшүүлөргө жарандык коомдун катышуусуна көмөктөшүүгө максатталган.

Мониторингдин максаты кылмыш-жаза мыйзамынын учурдагы ченемдеринин натыйжалуулугун иликтеп чыгуу, өлкөдөгү кылмыш-жаза саясатынын өнүгүүсүнүн учурдагы абалына жана өнүгүү динамикасына талдоо жүргүзүү, ошондой эле анын адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга шайкеш келүүсүнө баа берүү болуп эсептелет. Мониторинг жүргүзүү ченемдердин жана тажрыйбалардын адам укуктарынын эл аралык стандарттарына шайкеш келүүсүнө жана аярлуу топторду коргоого өзгөчө көңүл буруу менен, кылмыш-жаза саясатын андан ары жакшыртуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү аныктоого багытталган.

Изилдөөнүн **милдеттери** кийинкилер болуп эсептелет: өлкөнүн Конституциясынын жана универсалдуу эл аралык стандарттардын негизинде өлкөдөгү кылмыш-жаза саясатынын негизги элементтеринин абалына мониторинг жүргүзүү, ошондой эле кылмыш-жаза саясаты

[9] Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси, 1-февраль, 2017-жыл, №18 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111529/edition/1107370/ru

[10] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси. 28-октябрь, 2021-жыл. №127. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

чөйөсүндөгү улуттук мыйзамдарга жана эл аралык конвенцияларга салыштырмалуу талдоо жүргүзүүнү ишке ашыруу.

Мониторинг жүргүзүүнүн усулдамасы кылмыш-жаза саясатын илиздөөгө карата комплекстүү ыкманы караштырган. Бул максатта көрсөткүчтөрдү чогултуунун сандык дагы, ошондой эле сапаттык дагы усулдары колдонулду: укуктук талдоо жүргүзүү, жарым түзүмдөштүрүлгөн маектешүү, фокус-топтук талкуулар, анкетирлөө жана мамлекеттик органдарга суроо-талаптарды жиберүү. Тандоону иштеп чыгуу процесси анын репрезентативдүүлүгүн жана адекваттуулугун камсыз кылуу үчүн, аны иштеп чыгуу процесси кылмыш-жаза тутумунун жана анын катышуучуларынын ар түрдүү тараптарын камтуу максатын койгон. Кылмыш-жаза саясатынын учурдагы абалына ар тараптуу талдоо жүргүзүү үчүн тандоону калыптандыруунун маанилүү аспектиси сапаттык жана сандык көрсөткүчтөрдүн ортосундагы балансты сактоо болду. Көрсөткүчтөрдү комплекстүү түшүнүү үчүн, ошондой эле изилдөөчү суроолорго ар тараптуу жооп берүүгө жардам берүүчү талдоо жүргүзүүнүн аралаш усулдары колдонулду: статистикалык талдоо жүргүзүү, сапаттуу талдоо жүргүзүү жана документтерге контент талдоо жүргүзүү.

Отчеттун **түзүмү** кийинки негизги төрт бөлүмдөн турат:

1-бөлүм «Кылмыш-жаза саясаты жана Кылмыш-жаза кодекси» өлкөнүн учурдагы кылмыш-жаза саясатын, ошондой эле өлкөнүн Кылмыш-жаза кодексинин негизинде укуктун кайсы принциптери камтылгандыгын сыпаттап турат.

2-бөлүм «Кылмыш-жаза кодексинин принциптери жана аларды колдонуу» Кылмыш-жаза кодексинде бекитилген кылмыш-жаза принциптеринин колдонулуусун түшүндүрүп берүү максатында бул принциптердин сыпаттамасын камтыйт.

3-бөлүмдө *«Кылмыш-жаза кодексинин таасири мейкиндикте жана адамдардын чөйрөсү боюнча»* аймактуулук принцибинин таасири, өлкөнүн чегинен сырткары жасалган кылмыштарга карата жарандуулук принцибинин таасири, эл аралык кылмыштарга жана эл аралык мүнөздөгү кылмыштарга карата универсалдуу юрисдикция принцибинин колдонулушу каралат. Бөлүмдө ошондой эле экстрадациялоо процедуралары жана анын эл аралык стандарттарга карата шайкештиги каралып чыкты.

4-бөлүмдө «Кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелер» мамлекеттин кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелерин ак ниеттүү аткаруусу суроосу ачылып берилет. Бөлүм Кылмыш-жаза кодексинде эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуу, юридикалык жактардын кылмыш-жаза жоопкерчилиги, атайын конфискациялоо кандайча жөнгө салынып жаткандыгын жана жабырлануучулардын укуктарын коргооонун механизмдерин карап чыгат. Бөлүмдө балдарга жана жаш адамдарга карата жазаларды дайындоонун жана аларга карата гумандуулукту жана алардын укуктарын коргоону камсыз кылган кылмыш-жаза жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрү сыпатталып берилет.

Мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктарын кылмыш-жаза мыйзамдарын жана укук колдонуу тажрыйбасын мындан ары жакшыртуу, жеткиликтүү иштеп чыгуу үчүн колдоно алышат, ошондой эле мамлекеттик органдар кылмыш-жаза саясатын калыптандырууда натыйжалуу чечим кабыл алуу жаатында колдонушса болот.

Изилдөө бир нече чектөөлөрдү башынан кечирди. Мониторингдин алкагында көрсөткүчтөрдү чогултууда мамлекеттик органдардан изилдөө үчүн зарыл суроо-талаптарга жана мамлекеттик-укуктук статистикага жоопторду бербөө байкалды. Жалпысынан

мониторинг жүргүзүүдө мамлекеттик органдар кызматташууга төмөн кызыкдарлыкты же өз коопсуздуктарына карата тынчсызданууну көрсөтүштү.

Изилдөөчүлөр командасы КР Акыйкатчысынын кеңсесине, маалымат берүүчүлөр катары катышкан айрым укук коргоочуларга жана адвокаттарга **ыраазычылык билдирет.** Изилдөөгө кийинки эл аралык эксперттер тарабынан колдоо көрсөтүлдү: Т. Зинович, М. Хавронюк.

КЫСКАРТУУЛАР

АУЖД	Адам укуктары боюнча жалпы декларация
ЖС	Жогорку сот
МКЮЖ	Мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам
ЖК	Жогорку Кеңеш (Кыргыз Республикасынын Парламенти)
КР	Кыргыз Республикасы
КК	Көзөмөлдөөчү көрсөткүч
ДМЧА	Ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар
ИИМ	Ички иштер министрлиги
Усулдама	Кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумуна мониторинг жүргүзүүнүн усулдамасы
ЖСУЭП	Жарандык жана Саясий Укуктар жөнүндө Эл аралык Пакты
ЭАКЖС	Эл аралык кылмыш-жаза соту
ЮМ	Юстиция министрлиги
ЧУА	Ченемдик-укуктук актылар
КАУБ	Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбор
ЕККУ	Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюм
ЖКУ	Жарандык коом уюмдары
ЖӨБО	Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары
БУУӨП	Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасы
ЖМК	Жалпыга маалымдоо каражаттары
БУУ АУЖКБ	БУУнун адам укуктары боюнча Жогорку Комиссары Башкармалыгы
КЖК	Кылмыш-жаза кодекси
БУУ БКБ	Бириккен Улуттар Уюмунун Баңги заттары жана кылмыштуулук башкармалыгы
КПК	Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси
КЖАК	Кылмыш-жаза-аткаруу кодекси
ФТТ	Фокус топтук талкуулоо

АЮЖБ	Аймактык юстиция башкармалыгынын алдындагы Калкка акысыз консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү боюнча борбор
МКЮЖ КБ	Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбор

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР
1-чөйрө Кылмыш-жаза саясаты 13 индикатордон турат (23 көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр), алар эл аралык стандарттарга шайкеш келүү предметине карата изилденип чыкты. Изилдөөнүн жыйынтыгында эксперттер тобу тарабынан кийинкидей көбүрөөк маанилүү деп табылган корутундулар чыгарылды: ● Кыргызстанда кылмыштуулуктун алдын алуунун мамлекеттик концепциялары жана мамлекеттик программалары түзүлө турган, ошондой эле анын негизинде кылмыш-жаза мыйзамына өзгөртүүлөр киргизиле турган жана өзгөрө турган кылмыш-жаза саясатынын бирдиктүү калыптанган доктринасы жок. ● Кылмыш-жаза укугу принциби өлкөнүн Кылмыш-жаза кодексине киргизилген, бирок жаңы мыйзамдарды кабыл алып жаткан учурда айрым принциптер мыйзам чыгаруучу тарабынан дайыма эле эске алына бербейт. Мыйзамдар жаатындагы кийинки (келечектеги) реформа КЖК Өзгөчө бөлүгүнүн ченемдерин кылмыш-жаза-укук принциптерине шайкеш келтирүүгө багытталышы керек. ● Коррупциялык кылмыштарга карата айыптоочу өкүмдөрдү аткаруу жана кылмыш куугунтуктоонун эскирүү мөөнөтү өткөндүгү институту эл аралык стандарттарга шайкеш келбейт. ● Учурдагы Кылмыш-жаза кодексинде кылмыш жасагандыгы үчүн юридикалык жактарга карата таасир этүү чаралары караштырылган эмес, бул болсо эл аралык милдеттенмелерге шайкеш келбейт. ● Мүлктү атайын конфискациялоо институту мыйзамдар жаатындагы жакшыртууга, жеткиликтүү иштеп чыгууга муктаж, ал эми укук коргоо тажрыйбасы бир тараптуу эмес ишке ашырылууда. Кылмыш-жаза саясаты 1-чөйрөсүн жалпы жыйынтыктоочу баалоо – мүмкүн болуучу 23 баллдын ичинен 12, 5 балл.

Кылмыш-жаза саясаты жана Кылмыш-жаза кодекси	
Макам жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
1.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Кыргызстанда, анын негизинде кылмыштын алдын алуунун мамлекеттик концепциялары жана программалары калыптануусу керек болгон, ошондой эле кылмыш-жаза мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилүүсү керек болгон бир бүтүн калыптанган кылмыш-жаза саясаты доктринасы жок. Учурдагы Министрлер Кабинети тарабынан киргизилип жаткан Мамлекеттик программалар жана концепциялар учурдагы белгилүү бир мезгил ичинде аныкталган чакырыктарга жана коркунучтарга	**1.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч.** Министрлер Кабинетине Кылмыш-жаза саясаты концепциясын (жалпы укуктук саясаттын алкагында мүмкүн) иштеп чыгуу жана кабыл алуу жана аны аткаруу сунушталат. Кылмыш-жаза саясаты түзүмдөшкөн болушу керек, кылмыштуулуктун алдын алууга багытталган конкреттүү максатка жана милдеттерге ээ болушу зарыл. Ошол эле учурда, максат кылмыштуулуктун алдын алуу жана адамдын укуктары менен эркиндиктерин сактоо болуусу керек. Бул документ мыйзамдык жөнгө салуудагы бошуктарды

негизделген (мисалы, экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттерди көрүү жөнүндө). Кылмыш-жаза мыйзамынын тез-тезден өзгөрүүсү (КЖК 1997-ж., КЖК 2017-ж., КЖК 2021-ж.), өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун үзгүлтүксүз түрдө киргизилүүсү тутумдуулуктун (системалуулуктун) жоктугу жана укук колдонуунун натыйжалуулугун жоготуу тобокелчиликтерине салымын кошууда. Ошондой эле, кылмыш-жаза саясатын калыптандыруу укуктук статистиканы жана илимий криминологиялык изилдөөлөрдү эске алуусу керек. Кылмыш-жаза саясаты мындан сырткары, парламенттик шайлоолордун жүрүшүндө дагы калыптанат. Бирок шайлоо алдындагы программаларында кылмыш-жаза саясаты чөйрөсү боюнча берген убадаларын ишке ашырууга айрым гана саясий партиялар көңүл бурушат. Мыйзамдарга талдоо жүргүзүү КР КЖК кылмыш-жаза укугунун жана кылмыш-жаза укуктук мамилелердин жалгыз булагы экендигин көрсөттү. Кылмыш-жаза кодекси мыйзам чыгаруучу бийликти ишке ашырган жогорку өкүлчүлүктүк орган тарабынан мыйзам формасында кабыл алынат (КР Жогорку Кеңеши). **2.1-КК.** КЖК укук үстөмдүгү жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери менен ченемдери бекитилген өлкөнүн Конституциясына негизделет. Учурдагы кылмыш-жаза мыйзамдары кылмыш-жаза укук бузууларын; акыл-эси соо эмес адамдар, кылмыш-жаза жоопкерчилиги жаш курагына толо элек адамдар тарабынан жасалган укуккка каршы жосундарды жөнгө салат; келтирилген зыяндарды жана залалдарды кайтарууну, кылмыш-жаза укуктук зыяндарын жөнгө салат. 2017-2021-жылдагы реформаларда Кылмыш-жаза кодексинен кайталап жасоо жана рецидив сыяктуу институттар алынып салынган.	жоюу жана Кылмыш-жаза кодексинин ченемдерин алардын аныктыгын жогорулатуу багытында оңдоп-түзөө максатында, жакынкы 5 жылда Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза саясатын өнүктүрүү жана кылмыш-жаза кылмыштарына каршы аракеттерди жасоо сыроолору боюнча илимий жактан негизделген стратегияны жана натыйжалуу тактиканы камтуусу керек. Саясий партияларга шайлоо алдындагы мезгилде өздөрүнүн программаларына кылмыш-жаза мыйзамдарын өзгөртүүгө байланыштуу конкреттүү иш-чараларды киргизүү сунушталат (сөз айрым бир жосундарды криминализациялоо жана декриминализациялоо, ошондой эле пенализациялоо жана депенализациялоо жөнүндө болуп жатат). Саясий партиялар тарабынан сунушталган кылмыш-жаза саясатын ар түрдүү аспектиде жана багыттарда өзгөртүү жаатындагы идеялар, ниеттер тутумдуу (системалуу) мүнөзгө ээ болуусу зарыл жана кылмыш-жаза саясаты жөнүндөгү калыпка салынган бирдиктүү мамлекеттик саясатка негизделиши зарыл (кылмыш-укуктук доктринаны жана коомдун кызыкчылыктарын эске алуу менен). Шайлоо алдындагы убадалардын натыйжалуулугу алардын аткарылуусу менен салыштырылуусу керек. Бул келечектеги шайлоолордо партияга электоратынын ишенимин жогорулатат. **2.1-КК.** КР ЖК позитивдүү эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен, өзгөчө сотко чейинки иликтөө жана кылмыш-жаза жосундары жөнүндө иштерди сотто кароо процедураларын жөнөкөйлөштүрүү мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен, КР Конституциясына ылайык Кылмыш-жаза жоругу институтун кайтарып келүү мүмкүнчүлүгүн караштыруусу зарыл, бул болсо кылмыш-жаза тутуму юстициясына олуттуу түрдө позитивдүү таасирин тийгизе алат.

Азыркы учурда кылмыш-жаза мыйзамдарында кылмыш-жаза жорук, түшүнүгү жок, ошол эле учурда болсо өлкөнүн Конституциясы жорукту кылмыш менен катар киргизүүнү караштырат. Бул конституциялык көрсөтмө жоруктар жөнүндө иштер боюнча өзгөчө маанилүү болуп эсептелет, анткени кылмыш жасаган адамдарга карата жайылтылуучу ушундай эле процессуалдык кепилдиктер менен камсыз болуулары керек.	
Кылмыш-жаза кодексинин принциптери жана аларды колдонуу	
Макамы жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
3.1-КК. КР Кылмыш-жаза мыйзамдарында жосундун кылмыштуулугу жана анын жазалануусу, ошондой эле башка кылмыш-жаза-укуктук кесепеттери өлкөнүн Кылмыш-жаза кодекси менен гана аныкталат деп караштырылган. Жарандардын абалын начарлата турган өзгөртүүлөр өткөн убакытка карата колдонулбайт, ал эми жарандардын абалын жеңилдетүүчү жоболор милдеттүү түрдө колдонулат. **КП 3.2.** Юридикалык аныктык принциби КЖК бекитилген. Бирок КЖК бир катар ченемдери так эмес жазылган же укук колдонуучуга түшүнүксүз, бул ушул принципке карама-каршы келет. Ушул сыяктуу эле шайкеш келбестиктер КЖК кылмыштардын өзүнчө курамдарына тиешелүү бир катар аныктамаларда (белгилерде) жана Укук бузуулар жөнүндө кодекстеги укук бузуулардын курамына тиешелүү дагы аныктамаларда байкалат (мисалы, үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө, порнографиялык мүнөздөгү предметтерди таратуу жөнүндө ж.б.). Ошондой эле укук колдонуучу тарабынан баа бериле турган түшүнүктөрдүн туура эмес чечмеленүүсүнө жол бербөө максатында, КЖК айрым ченемдерин жеткиликтүү иштеп чыгуу зарыл. **КП 3.3**. Жарандардын мыйзам алдындагы теңчилик принциби КР КЖК 4-беренесинде	**3.1-КК.** КР ЖК Кылмыш-жаза кодексинде бекитилген мыйзамдуулук принцибин эске алуу менен, кылмыш-укук бөлүгү жаатындагы мыйзамдарды кабыл алуусу зарыл. Жосундун кылмыштуулугу жана анын жазалануусу, ошондой эле башка кылмыш-жаза-укуктук кесепеттери өлкөнүн Кылмыш-жаза кодекси менен гана аныкталарын эске алуу керек; КР ЖК Эл аралык кылмыш-жаза сотунун Рим статутун ратификациялоосу максаттуу болуп саналат. **3.2-КК**. КР ЖК Кылмыш-жаза кодексинде бекитилген юридикалык аныктык принцибин эске алуу менен кылмыш-жаза-укуктук бөлүгүндөгү мыйзамдарды кабыл алуусу маанилүү. КЖК жоболору жаранга кандай жосундар кылмыш болуп эсептелерин жана аларды жасагандыгы үчүн кандай кылмыштык-укуктук чаралар караштырылганын алдын ала билүү мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн жеткиликтүүлүк, туруктуулук, жеткиликтүү түрдөгү тактык, бир маанилүүлүк жана алдын ала билүүчүлүк талаптарына жооп бериши керек. КЖК колдонулган түшүнүктөрдүн баа берүүчү мүнөзү алардын негизги белгилерине шайкеш келген критерийлерди иштеп чыгуу аркылуу жакшыртылуусу зарыл. Мына ушул максатта КЖК ревизия жүргүзүү

бекитилген жана эл аралык стандарттарга шайкеш келет. **КП 3.4.** Пропорционалдуулук принциби (шайкеш келүүчүлүк) КР КЖК бекитилгенине карабастан, кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн айрым беренелеринин санкциялары дагы, алардын соттор тарабынан колдонулушу дагы бул принципке шайкеш келбейт. **КП 3.5.** КР КЖК талдоо жүргүзүү, анда кылмышты жасоого күнөөлүү адамдын жекече жоопкерчилиги жөнүндө ченемдер камтылганын көрсөттү. Бир тарабынан аткаруучу көрсөтүлгөн, экинчи тарабынан уюштуруучу, тукуруучу жана көмөкчү көрсөтүлгөн кылмышка кошо катышуучулардын жоопкерчилиги КЖК менен жөнгө салынган. **КП 3.6.** Гуманизм принциби КЖК караштырылган жана эл аралык стандарттарга шайкеш келет. КР КЖК 2007-жылдан баштап өлүм жазасы өмүр боюу эркинен ажыратууга алмашылган. КЖК 9-беренесинде Жаза жана кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн башка чаралары дене бойго зыян алып келбеши же адамдын кадыр-баркын кемсинтпеши керек деген тыюу салуу караштырылган. КР КЖК беренелеринде мажбурлоочу же милдеттүү эмгекти караштырган жазалар жок. **КП 3.7.** ne bis in idem или «бир жосун эки жолу жазаланбайт» принциби өлкөнүн Конституциясында жана КЖК бекитилген. Кылмыш-жаза кодексинен ne bis in idem принцибине шайкеш келбеген катары квалификациялануучу белгилер: кылмыштарды кайрадан жасоо, бир жолу эместик жана рецидив алынып салынды. **КП 3.8.** КР ЖК өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамдарына киргизилип жаткан өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду алардын кылмыш-жаза укугунун принциптерине	керек жана Укук бузуулар жөнүндө кодексинде [11] кайталанган беренелерди жоюу зарыл (КЖК 177-беренеси жана УБжК 70-беренеси; КЖК 161-беренеси жана УБжК 109-беренеси), ошондой эле юридикалык аныктык принцибине шайкеш келбеген беренелерди дагы жоюу керек (мисалы, КЖК коррупция жөнүндөгү 336-беренеси). КР ЖС сот тажрыйбасын системалуу түрдө жалпылаштырып туруу жана сотторго КЖК ченемдериндеги баа берүүчү белгилерди колдонуу бөлүгүндө түшүндүрмө берип туруу сунушталат. **3.3-КК.** Соттор жана укук коргоо органдары өздөрүнүн ишмердүүлүктөрүн КЖКда бекитилген жарандардын мыйзам алдындагы бирдейлиги принцибине ылайык ишке ашыруулары зарыл. **3.4-КК.** КР ЖК сунушталат: 1) санкцияларды кайра карап чыгуу жана КР КЖК Өзгөчө бөлүгүндөгү ченемдерде пропорционалдуулук (шайкештик) принцибин толук кандуу түрдө ишке ашыруу; 2) санкцияларды кылмышты жасоонун оордугун жана аны үчүн жаза дайындоону эске алып түзүү эрежелерин иштеп чыгуу жана мыйзам чегинде бекитүү; 3) КЖКде кыйла оордотулган кылмыш-жаза-укуктук каражат, азыраак оордотулган каражаттар тиешелүү максатка жетүү үчүн жетишсиз болгон учурда гана дайындаларын жана колдонуларын аныктоо. КР ЖС өлкөнүн соттору тарабынан жазанын дайындалышы предметине карата сот тажрыйбасын жалпылаштыруусу зарыл. **3.6-КК.** КР ЖК иш боюнча аныкталган жеңилдетүүчү жагдайлардын жыйындысында жазаны дайындоо механизмин караштыруусу максатуу. Гуманизм принцибин толугу менен ачып берүү, эл аралык стандарттарга толук түрдө

[11] Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси, 28-октябрь, 2021-жыл №128 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112306/edition/14341/ru

шайкеш келүүсүн текшерүүнүн өз алдынча укуктук процедурасы (механизми) жок.	шайкеш келүү максатында КР Жогорку Кеңешине КР Кылмыш-жаза кодексине кийинки жобону киргизүү сунушталат: *«Эч ким кыйноолорго же ырайымсыз, адамкерчиликсиз же басмырлоочу мамилеге жана жазалоого кабылуусу мүмкүн эмес».* КР Жогорку Кеңеши КР Кылмыш-жаза кодексине «*соттун өкүмү менен эркинен ажыратылган учурда гана мажбурлоочу эмгекке жол берилет*» деген жобону киргизүүсү маанилүү. КР ЖК жарандарды кылмыш-жаза жазаны дайындоодон бошотуу (ШМБ, пробация ж.б.) тартибин караштырган, КР КЖК башка институттары менен карама-каршы келген, конституциялык-укуктук жана кылмыш-жаза жазасын дайындоонун максаттарына шайкеш келбеген катары мунапыс берүү институтун КР Кылмыш-жаза кодексинен этап этабы менен алып салуу жөнүндө суроону карап чыгуусу маанилүү. Өткөөл мезгилде КР «Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө» мыйзамында аныктоо керек:1) мунапыс берүү колдонулбаган кылмыштардын жана жарандардын тизмесин; 2) мунапыс берүү колдонула турган өзгөчө шарттарды. КР ЖС кылмыш-жаза мыйзамын бир тараптуу колдонуу максатында жазаны дайындоодо жеңилдетүүчү жагдайларды колдонуу сыноолору боюнча сот тажрыйбасын жалпылаштыруусу зарыл. **3.7-КК.** КР ЖК КР Кылмыш-жаза кодексине кылмышты кайрадан жасоону, бир нече жолу жасоону жана рецидивди квалификациялоочу белгилерди кайтарып келүү сунушталбайт, бул ne bis in idem *(«бир жосун эки жолу жазаланбайт»)* принцибин бузуучу катары каралат. **3.8-КК.** КР ЖК кылмыш-жаза-укуктук чөйрөдө кабыл алынып жаткан мыйзамдардын сапатын жогорулатуу максатында киргизилип жаткан өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду алардын

	КЖК караштырылган принциптерге шайкеш келүүсүн текшерүү процедурасын караштыруу сунушталат.
Кылмыш-жаза кодексинин мейкиндиктеги жана адамдардын чөйрөсү боюнча таасири	
Макамы жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
4.1-КК. КР Кылмыш-жаза кодексинин колдонулушу КР 2015-жылдын 16-майындагы № 98 «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө» [12] Мыйзамында аныкталган Кыргыз Республикасынын бардык аймактары үчүн жайылтылат. КР КЖК 13-беренесинде Кыргыз Республикасынын аймагында жасалган кылмыштарга карата кылмыш-жаза мыйзамынын колдонулушунун тартиби жөнгө салынган. **5.1-КК.** КР Кылмыш-жаза кодексинде көз карандысыз мамлекеттин жарандары жана ошондой эле анда туруктуу жашаган жарандыгы жок адамдар, анын чегинен тышкары жерде кылмыш жасаган учурда, эгерде тиешелүү эл аралык келишимге ылайык башкача караштырылбаса, КР КЖК ылайык жоопкерчиликке тартылууга тийиш. Адамда кош жарандуулуктун болуусу жана анын үчүнчү мамлекетте кылмыш жасоосу суроосу мыйзам чегинде жөнгө салынган эмес. **6.1-КК.** Универсалдуу юрисдикция принциби Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде караштырылган эмес. **7.1-КК.** КР Кылмыш-жаза кодексинде жана Кылмыш-процессуалдык кодексинде кылмышкерлерди өткөрүп берүү (экстрадициялоо) процедуралары караштырылган жана ал эл аралык стандартка шайкеш келет. Өткөрүп берүүдө (экстрадициялоодо) өз ара жардамдашуу принциби караштырылганына карабастан, кылмыш-жаза мыйзамында өткөрүп берүүдө (экстрадициялоодо) өз ара	**5.1-КК.** КР ЖК кош жарандуулукка ээ адамдарды анын чегинен тышкары жерде кылмыш жасаган учурда кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуунун тартибин жөнгө салган актыларды иштеп чыгуусу жана кабыл алуусу зарыл. Бул актылар эл аралык стандарттарды жана ченемдерди эске алуулары керек, ошондой эле башка мамлекеттер менен кызматташуу механизмдерин караштыруусу зарыл. КР ЖК ошондой эле *«натыйжалуу жарандык»* институтун киргизүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу сунушталат: ага ылайык мындай жаранга туруктуу түрдө дайыма жашап жаткан, кыймылсыз мүлккө ээ, иштеп жана өз укуктарын ишке ашырып жаткан өлкөнүн Кылмыш-жаза кодекси колдонулат. **6.1-КК.** КР ЖК универсалдуу юрисдикция принцибин киргизүү сунушталат. Ансыз эл аралык кылмыштар жана эл аралык мүнөздөгү кылмыштар менен күрөшүү суроолорунда КРнын эл аралык деңгээлде кызмашташуусу натыйжалуу болуусу мүмкүн эмес. **7.1-КК.** КР ЖК КР Кылмыш-жаза-процессуалдык кодексинде дагы КР Кылмыш-жаза кодексинде караштырылгандай өткөрүп берүүдө (экстрадициялоодо) өз ара жардамдашуу принцибин караштыруу сунушталат.

[12] Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Мыйзамы, 16-май, 2015-жыл, №98 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111141/edition/1278744/ru

жардамдашуу принцибин ишке ашыруунун механизми караштырылган эмес.	
Кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелер	
Макамы жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
8.1-КК. КРда көптөгөн эл аралык келишимдер кабыл алынган жана ратификацияланган. Эл аралык келишимдерди ратификациялоо өз алдынча ишке ашырылат. Муну менен катар эле, кылмыш-жаза мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү келишимдерди ратификациялоо процедурасынан ажыратылган түрдө ишке ашырылып жатат. Алсак, эл аралык келишимдерди аткаруу жаатындагы өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү убактысы боюнча созулуп кечеңдөөдө жана процедуралары дагы узарып өткөрүлүүдө. Мисалы, КР тарабынан ратификацияланган, бирок ушул күнгө чейин КР кылмыш-жаза мыйзамына имплементациялана элек эл аралык келишимдер бар. **9.1-КК.** КР Кылмыш-жаза кодексинде тынчтыкка жана адамзатка каршы кылмыштарды жасаган учурда кылмыштык куугунтуктоо жана жазаны аткаруунун эскирүү мөөнөтү өткөндүгү каралбайт жана чектелбейт, бул эл аралык стандарттарга жооп берет. **КП 9.2.** Паракорчулукка жана террористтик кылмыштар боюнча эскирүү мөөнөтү өткөндүгү эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келет. Кылмыштык куугунтуктоонун жана жазаны аткаруунун эскирүү мөөнөтү өткөндүгү кылмыштардын эки түрүнө карата гана жоюлган (252-берене «Терроризм актысы», 336-берене «Коррупция»). Коррупция боюнча башка кылмыштарга карата кылмыштык куугунтуктоонун жана айыптоочу өкүмдү аткаруунун эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн белгилөөнүн жалпы эрежелери колдонулат.	**8.1-КК.** КР Юстиция министрлигине учурдагы кылмыш-жаза мыйзамынын КР тарабынан кабыл алынган эл аралык милдеттенмелерге шайкеш келүүсүнө карата кылдат талдоо жүргүзүү сунушталат, ал эми КР Тышкы иштер министрлигине – КР Жогорку Кеңешинин кылмыш-жаза укугу чөйрөсүндөгү мурда кол коюлган эл аралык келишимдерин ратификациялоо (кошулуу) боюнча аткарылбаган милдеттерине талдоо жүргүзүү сунушталат. КР ЖК КР тарабынан ратификацияланган жана катышуучусу болуп эсептелген эл аралык келишимдерге ревизия жүргүзүүсү жана кылмыш-жаза мыйзамын аларга шайкеш келтирүүсү зарыл. **9.2-КК.** КР ЖК КР тарабынан кабыл алынган жана ратификацияланган эл аралык келишимдерге ылайык, коррупция боюнча кылмыштарга карата кылмыштык куугунтуктоонун жана айыптоочу өкүмдү аткаруунун эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн өзгөртүү жөнүндө суроону карап чыгуусу зарыл. **9.3-КК.**КР КЖК 157-беренеси (Он алты жашка толо элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер) сексуалдык макулдуктун минималдуу жаш курагын 16 жаш катары белгилейт. Ошол эле учурда, КР КЖК 157-беренеси тарабынан кылмыш-жаза жоопкерчилигинин кыйла жогорку минималдуу жаш курагы (18 жаш) деп караштырылган, бул болсо ыктыярдуу түрдөгү сексуалдык мамилелердеги өспүрүмдөрдү кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотот (зордуктоо ж.б. сыяктуу башка кылмыштардын квалификациялоочу белгилери жок болгон учурда). Бул Лансарот Конвенциясынын 18(3)-беренесинин жоболоруна шайкеш

9.3-КК. Кыргызстанда жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сексуалдык кылмыштар үчүн эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуу жалпысынан эл аралык стандарттарга шайкеш келет, ошол эле учурда жабыр тарткан адам (кыз/эркек бала) жашы жеткен куракка толгон учурдан баштап эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн эсептеп баштоо мүмкүнчүлүгү дагы башталат. Бул жашы жеткен куракта кылмыш жөнүндө ачык айтууга даяр жабыр тарткан адамдардын укуктарын коргоону камсыз кылууга жол ачат. Бирок КР КЖК 157-б. каралган кылмыш-жаза куугунтуктоосунун мүмкүн эместиги, ошондой эле 157-беренеге эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуунун мүмкүн эместиги тобокелчиликтерин жараткан боштуктар болууда, бул жабыр тарткан адамдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусун чектеши мүмкүн. Бул шайкеш келбестиктерди четтетүү үчүн, жашы жетелек өспүрүмдөргө каршы сексуалдык кылмыштардын баарына карата эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн жана туюндурмаларды унификациялоо талап кылынат.

10.1-КК. Кыргыз Республикасы юридикалык жактардын коррупция, террористтик кылмыштарды, баңги заттары жөнүндө иштер боюнча ж.б. кылмыштарды жасагандыгы үчүн жоопкерчилик караштырылган бир катар эл аралык актыларды ратификациялады. КР КЖК учурдагы редакциясында юридикалык жактарга карата кылмыштарды жасагандыгы үчүн таасир этүү чаралары караштырылган эмес.

11.1-КК.Өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамында мүлктү конфискациялоо кошумча жазалоо катары караштырылган, ал эми анын мазмуну эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келет. Бирок бул институт жеткиликтүү иштеп чыгууга муктаж. Мүлктү конфискациялоо кошумча жазалоо катары Кылмыш-жаза кодексинин 284-беренесиндеги 57-санкциясында келет, ага КР азырынча кошулбаганы менен, ал жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сексуалдык зомбулуктар жана эксплуатациялоо менен күрөшүү чөйрөсүндөгү маанилүү багыттоочу болуп эсептелет. Бирок КР КЖК 157-беренесинде жосундун катышуучуларынын бирөөсү 16 жашка толгон, бирок 18 жашка толо элек болгон, ал эми экинчиси 16 жашка толо элек болгон учурларда алардын жаш курактарындагы максималдуу айырмачылык белгиленген эмес. Чындыгында бул боштукту пайда кылат, мунун жыйынтыгында жаш курагы улуу жашы жетелек өспүрүм ал тургай таптакыр кичинекей балага карата сексуалдык аракеттерди жасаган учурда дагы кесепеттеринен кутулуп кетиши мүмкүн.

Жаш курактары боюнча максималдуу айырмачылыкты (эл аралык тажрыйбада бул адатта 2-3 жыл) белгилөө, ошондой эле жашы жетелек өспүрүмдөр болжолдуу түрдө бирдей өнүгүү деңгээлинде болуусу талабын (бул актуалдуу, мисалы жашы жетелек өспүрүмдөрдүн бирөөсүнүн интеллектуалдык өнүгүүсүнүн кечигүүсү бар болгон учурлар) белгилөө сунушталат.

Мындан сырткары, КР КЖК 154, 155 жана 157-беренелеринин санкциялык бөлүгүн кесиптик ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүнө тыюу салуу түрүндөгү кошумча жазалар менен толуктоо сунушталат, бул балдарды аларга кылмыштуу кол салуудан коргоо кепилдиктерин күчөтөт.

Ошондой эле КР КЖК 58-беренесинин (Кылмыш куугунтуктоонун эскирүү мөөнөттөрү өткөндүгүнө байланыштуу кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу) 6-бөлүгүнө «156-береченин 2-3-бөлүктөрүндө» деген сөздөрдөн кийин «157-беренесинде» деген сөздү кошуу аркылуу, КР КЖК 157-беренесинде (Он алты жашка толо элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер) каралган жосунду эскирүү мөөнөтү колдонулбаган

караштырылган. Сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө сот тарабынан камак коюлган мүлктүн кылмыштуу жол менен алынгандыгын далилдөө керек, а болбосо күнөө принциби бузулат жана объективдүү айыптоо орун алат.

12.1-КК. КР Кылмыш-жаза кодексинде материалдык чыгымды жана моралдык зыянды калыбына келтирүүнүн тартибин жөнгө салган берене караштырылган. КР КПК 2017-жылы эле материалдык чыгымды жана (же) моралдык зыянды калыбына келтирүүчү атайын фондду түзүү караштырылган, бирок тиешелүү укуктук акты азыркыга чейин кабыл алына элек.

13.1-КК. Кыргызстан мыйзам менен чатагы бар балдарга мамиле кылуу боюнча эл аралык стандарттарды маанилүү деңгээлде интеграциялаган. Бул пробациялык көзөмөлдөө жана тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары сыяктуу альтернативдүү чараларды караштырган мыйзамдарда чагылдырылган. Бул чаралар балдарды коомго реинтеграциялоого жана алардын кылмыш-жаза тутуму менен байланышын минимизациялоого көмөктөшүүгө багытталган.

Көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү жана жүрүм-турумун чектөө сыяктуу тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары жетишсиз түрдө белгиленген тарбиялоочу компонентке ээ. Бул чараларды ишке ашыруу, мыйзам менен чатагы бар балдардын үй-бүлөлөрүндө жоопкерчиликтүү чоң адамдардын жоктугу менен татаалдашып жатат. Бул колдоо көрсөтүүнүн кыйла натыйжалуу социалдык механизмдерин түзүү зарылчылыгын баса белгилейт.

Ювеналдык пробация секторунун кадрдык ресурска ээ болушу өтө төмөн, бул болсо жашы жетелек өспүрүмдөрдү кайра тарбиялоонун жана реабилитациялоонун максаттарын натыйжалуу ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн чектейт. Инновациялык ыкмаларды ишке киргизүү жана социалдык беренелердин тизмесине киргизген өзгөртүүнү киргизүү сунушталат.

КР КЖК 154-155-беренелеринин 3-бөлүгүнүн 2-пунктундагы «он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки» деген сөздөрдү алып салуу, аталган беренелердин 4-бөлүгүн жоюу сунушталат. Аталган беренелердин 3-4-бөлүктөрүндө караштырылган санкция толугу менен окшош. 156-бereненин 2-бөлүгүнүн 1-пунктун алып салуу, 3-бөлүгүндө «он төрт жашка толо элек» деген сөздөрдү алып салуу, мына ушундайча бардык курактагы балага карата «Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо» үчүн кыйла катаал санкцияны сактоо сунушталат.

10.1-КК. КР ЖК Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, эл аралык келишимдерде караштырылган кылмыштарды жасагандыгы үчүн юридикалык жактарга жоопкерчиликти киргизүү мүмкүнчүлүгүн караштыруусу маанилүү.

11.1-КК. КР ЖК КР Кылмыш-жаза кодексине ревизия жүргүзүүсү зарыл жана КР КЖК Жалпы бөлүгүндөгү беренеге кылмыш жасоодо конфискация колдонулушу мүмкүн болгон кылмыштардын категорияларын (түрлөрүн) киргизүү зарыл. Конфискациялоо институтун жазалоо чараларынан коопсуздук чараларына которуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу – аны бир гана соттолгон адамга карата эмес, ошондой эле башка адамдарга карата дагы колдонуу үчүн (акыл-эси соо эмес деп таанылган адамга, жашы кылмыш-жаза жоопкерчилигине жете элек адамдарга карата, предметтин кылмыштуу мүнөзү жөнүндө билген, бирок аны сатып алган үчүнчү тараптарга ж.б.).

КР ЖС сотко мүлктү конфискациялоо түрүндөгү жазаны дайындоо тажрыйбасын жалпылаштыруу сунушталат.

12.1-КК. Реформаны сапаттуу аяктоо үчүн КР КПК караштырылган материалдык чыгымды жана (же) моралдык зыянды калыбына

коштоо боюнча тапшырмаларды толук кандуу аткаруу үчүн, кадрдык жана усулдук базаны маанилүү деңгээлде күчөтүү талап кылынат. **13.2-КК.**Кыргызстандын мыйзамдары жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жазаларды эл аралык стандарттарды эске алуу менен колдонууну камсыз кылган жоболорду камтыйт, ага мөөнөтүн чектөө менен эркиндигинен ажыратууну акыркы чара катары колдонуу кирет. Кылмыш-жаза мыйзамында жашы жетелек өспүрүмдөр үчүн жазалоонун ар түрдүү чаралары караштырылган, алардын жаш курагын, жашоо жана тарбиялоо шарттарын, ошондой эле баланын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алат. Бирок жашы жетелек өспүрүмдүн жашоо жана тарбиялоо шарттары жөнүндө сапаттуу маалыматтардын жетишсиздигинен улам, бул чаралар көп учурда декларативдүү бойдон калууда. Кылмышка аралашып кеткен балдардын ири бөлүгү жайсыз үй-бүлөлөргө же турмуштук оор социалдык шарттарда жашаган үй-бүлөлөргө тиешелүү. Бирок бир катар окуяларда баланын жашоо кырдаалы жөнүндө маалымат толук эмес бойдон калууда, бул болсо көрсөткүчтөр менен иш алып барууну жакшыртуу зарылчылыгын баса белгилейт. Изилдөөгө катышкан адвокаттардын пикирлери боюнча, балдарды коргоо органдарынын кызматкерлеринин кесипкөйлүгүн жана компетенттүүлүгүн жакшытуу зарылчылыгы бар, муну баланын жашоо шарттарына үстүртөн талдоо жүргүзүү окуялары тастыктап турат.	келтирүүчү атайын фондду (Жабырлануучунун фондун) түзүү сунушталат. КР ЖС кылмыш-жаза чөйрөсүндө материалдык чыгымды жана (же) моралдык зыянды калыбына келтирүү тажрыйбасын жалпылаштыруусу жана соттор үчүн мындай сүроолорду кароо боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуусу максаттуу. **13.1-КК** КР КПК 480-беренесинде тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын ишке ашыруунун конкреттүү программаларын белгилөө зарыл, же болбосо тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларынын мазмунун жана ишке ашыруу алгоритмин жөнгө салган мыйзам алдындагы актыга шилтеме келтирген ченемди киргизүү зарыл. Пробация кызматынын кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн усулдук жактан камсыз кылуу бөлүгүндө, ювеналдык пробацияны жана алардын мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча адиштештирилүүсүн активдүү өнүктүрүү зарыл. Пробация кызматынын пробациянын кардарлары менен иштеген бардык адистеринин мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө сүроолору боюнча квалификацияларын жогорулатуу жаатында иш алып баруу зарыл. Буга паралелдүү түрдө эле, келечекте ювеналдык пробация сүроолору боюнча адистештирилген кызматкерди бөлүү мүмкүнчүлүгүн түзүү максатында райондук деңгээлде акырындан кадрларды өстүрүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу керек. Мыйзам менен чатагы бар баланын жасагандыгы үчүн жоопкерчиликти түшүнүүсү жана өкүнүүсү менен түз байланыштуу элдештирүүчү процедураларды (медиация, үй-бүлөлүк топтук конференциялар ж.б.) камтыган калыбына келтирүүчү сот адилеттигин кеңири колдонуу, ювеналдык пробацияны

	өнүктүрүүнүн багыттарынын бири болушу зарыл. Пробация тутумунун алкагында кайрадан социалдаштыруу программаларын натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жалпы республика боюнча ювеналдык пробация борборлорун түзүү максаттуу, ал жерлерде пробациялык көзөмөл дайындалган мыйзам менен чатагы бар балдар, жашы жетелек өспүрүмдөрдүн (кыз/эркек бала) муктаждыктары жана жекече тобокелчиликтери белгиленген усулга ылайык аныктамалардын негизинде гана кайра тарбиялоого, реабилитациялоого жана кайрадан социалдаштырууга багытталган кийлигишүүлөрдөн өтүшмөк. **13.2-КК.** КР Прокуратура органдарынын ишмердүүлүктөрүнүн багыттарынын бири балдардын укуктарын коргоо, балдардын мыйзамда караштырылган укуктарынын аткарылышын камсыз кылуу, балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого багытталган мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү болуп эсептелет, ошондой эле баланын маанилүү кызыкчылыктарын камсыз кылуу жана колдоо принциби колдонулат, КР Башкы Прокуратурасы баланын түрмуштук кырдаалына толук кандуу жана ар тараптуу баа берүү жана талдоо жүргүзүү колдонулушун камсыз кылуусу зарыл. Жекече баа берүүнү жана талдоо жүргүзүүнү дал ушул сотко чейинки пробациянын кызматкери балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери менен чогуу жүргүзүүсү максаттуу болот. Бул баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылууда тобокелчиликтерди жана муктаждыктарды эске алуу менен, баланын өздүгүн жана жагдайларын ар тараптуу изилдөөнү камсыз кылууга шарт түзөт. Бул сунуштаманы, келечекте райондук деңгээлде ювеналдык пробация суроолору боюнча адистештирилген кызматкерди бөлүү мүмкүнчүлүгүн паралелдүү түрдө караштырып, Пробация кызматынын

	бардык адистеринин мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча квалификацияларын жогорулатуу жаатында иш алып баруу зарылчылыгы жөнүндөгү жогоруда белгиленип өткөн сунуштамалар менен чогуу кароо керек.

УСУЛДАМА

Мониторинг жүргүзүүнүн максаты кылмыш-жаза мыйзамынын учурдагы ченемдеринин натыйжалуулугун изилдөө, өлкөдөгү кылмыш-жаза саясатынын учурдагы абалына жана өнүгүү динамикасына талдоо жүргүзүү, ошондой эле анын адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарга шайкеш келүүсүнө баа берүү болуп эсептелет. Мониторинг жүргүзүү ченемдердин жана тажрыйбалардын адам укуктарынын жана аярлуу топторду коргоонун эл аралык стандарттарына шайкеш келүүсүнө өзгөчө көңүл буруу менен, кылмыш-жаза саясатын андан ары жакшыртуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү аныктоого багытталган.

Негизги изилдөөчү суроолор:

1. Өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамы адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарга кайсы деңгээлде шайкеш келет?

2. Аярлуу топторду коргоо көз карашынан караганда укук колдонуу механизми канчалык натыйжалуу таасирин тийгизет?

3. Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген эл аралык документтерге шайкеш келүү жана калктын көбүрөөк аярлуу тобун коргоо көз карашынан алып караганда, мыйзамдарды жакшыртуу үчүн кандай мүмкүнчүлүктөр бар?

Көрсөткүчтөрдү чогултуу усулдары. Кылмыш-жаза саясатын изилдөөдө комплекстүү ыкмага жетишүү үчүн көрсөткүчтөрдү чогултуунун сандык дагы, ошондой эле сапаттык дагы усулдары колдонулду.

- **Укуктук талдоо жүргүзүү**: Кылмыш-жаза мыйзамынын адам укуктарынын эл аралык стандарттарына шайкеш келүүсүнө баа берүү үчүн Усулдаманын 1-чөйрөсүнө шайкеш келген Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген ***эл аралык документтер, колдонуудагы улуттук мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы*** изилденди. Кылмыш-жаза саясатын реформалоо суроолору боюнча позицияларына баа берүү үчүн ***саясий партиялардын шайлоо алдындагы платформалары*** изилденип чыкты. Ачык көрсөткүчтөр топтомдору аркылуу ченемдик документтер, анын ичинде мыйзамдар, токтомдор жана соттук чечимдер чогултулду. Бардык документтер адам укуктарынын эл аралык стандарттарына шайкеш келүүсүнө жана аларды практикада ишке ашыруудагы натыйжалуулугуна басым жасоо менен контенттик талдоо жүргүзүүдөн өткөрүлдү.

- **Жарым түзүмдөшкөн маектешүү:** Бул усулдама укук колдонуу процессинин ар түрдүү катышуучуларынын субъективдүү ой пикирлери жана тажрыйбалары жөнүндө сапаттуу көрсөткүчтөрдү чогултууну, ошондой эле контекстти терең түшүнүүнү камсыз кылды. Тандоого соттор, прокурорлор, адвокаттар, илимий юридикалык жамааттын өкүлдөрү жана укук коргоочулар кириштри, бул болсо укук колдонуунун практикалык аспекттери жана кылмыш-жаза саясаты жаатындагы учурдагы орун алып жаткан көйгөйлөрү жөнүндө деталдашкан көрсөткүчтөрдү алууга жол ачты. Баары болуп **32 жекече тереңдетилген маектешүү** жүргүзүлдү *(4 сот, 3 прокурор, 9 адвокат, илимий юридикалык жамааттын 8 өкүлү жана жарандык коомдун 8 өкүлү)*, бул ар тараптуу жана терең маалымат алууга түрткү болду. Маектешүү респонденттер үчүн ыңгайлуу жайларда, анын ичинде алардын кеңселеринде жана нейтралдуу мейкиндиктерде жүргүзүлдү. Негизги көңүл конфиденциалдуулукту жана катышуучулардын жагымдуулугун камсыз кылууга бурулду. Бардык маектешүүлөр катышуучулардын алдын ала макулдук берүүлөрүнүн негизинде жаздырылды. Андан ары талдоо жүргүзүү үчүн маектешүүлөр сурамжылоо анкеталарында

жазуу түрүндө кагазга түшүрүлдү. Маектешүүнүн суроолору респонденттердин кылмыш-жаза саясатына реформа жүргүзүү контекстиндеги субъективдүү ой пикирлери, алардын укук колдонуу адилеттүүлүгүн кабыл алуусу жөнүндөгү маалыматтарды чогултууга, ошондой эле аярлуу топторду коргоодогу боштуктарды аныктоого багытталды.

- **Фокустук-топтук талкуулоо**: Кылмыш-жаза саясатынын учурдагы абалы жана аны жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча ой пикирлердин кеңири спектрин алуу үчүн ***негизги стейкхолдерлердин 44 өкүлдөрүнүн*** катышуусундагы талкуулоолор жүргүзүлдү. ***4 фокус-топтук талкуулоолор*** жүргүзүлдү. Фокустук-топтор укук коргоо органдарынын кызматкерлери, соттор, юристтер, укук коргоочулар, илимий чөйрөлөр, кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү эксперттер, бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү сыяктуу ар түрдүү стейкхолдердин өкүлдөрүн камтыды. Топтор кылмыш-жаза тутумундагы актуалдуу көйгөйлөрдү талкуулоо жана аны жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу максатында түзүлдү. Талкуулар формалдуу эмес, бирок түзүмдөшкөн формада жүргүзүлдү. Модераторлор негиздүүлүккө карата тестирлөөдөн өткөрүлгөн, алдын ала даярдалган гайддарды колдонушту. Талкуулардын суроолору кылмыш-жаза саясатынын көйгөйлүү аспектилерин аныктоого, өзгөчө аярлуу топторду коргоо жана эл аралык стандарттарды сактоо бөлүгүндөгү көйгөйлүү аспектилерди аныктоого багытталды. Талкуулоолор андан ары талдоо жүргүзүү үчүн жаздырылып алынды (катышуучулардын макулдугу менен) жана протоколдордо жазуу жүзүндө жол-жоболоштурулду. Чогултулган көрсөткүчтөргө негизги темаларды жана катышуучулардын ой пикирлерин бөлүп көрсөтүү үчүн сапаттуу талдоо жүргүзүү усулунун жардамы менен талдоо жүргүзүлдү.

- **Анкетирлөө**: Укук коргоочулар, сот органдарынын жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрү үчүн анкеталар иштелип чыкты. Анкетирлөө кылмыш-жаза тутумундагы реформаларды жүргүзүүнүн негизги агымдарына, укук колдонуу тажрыйбасынын натыйжалуулугуна жана аярлуу топторду коргоонун деңгээлине талдоо жүргүзүү үчүн колдонулган сандык көрсөткүчтөрдү талдоого мүмкүнчүлүк берди. Ал кылмыш-жаза тутумунун өкүлдөрү учурдагы өзгөрүүлөргө кандай баа беришери жөнүндө маалымат бере алды жана андан ары дагы реформаларды жүргүзүүнү талап кылган негизги чөйрөлөрдү аныктады. Кылмыш-жаза тутумундагы бардык негизги актерлорду камтуу максатында анкетирлөө үчүн тандоо кылдат иштелип чыкты. Анкетирлөөгө ***66 респондент*** катышты. ФТТ жана маектешүүлөрдүн катышуучулары үчүн анкеталар корголгон платформалар аркылуу онлайн-форматта дагы, ошондой эле кагаз вариантында дагы таратылып берилди, ошондой эле алар үчүн интернет жеткиликтүү болгон жок. Анкеталар соттордон, адвокаттардан, укук коргоо органдарынан жана прокурорлордон турган кылмыш-жаза тутумунун өкүлдөрү тарабынан толтурулду. Анкетадагы суроолорго жооптор вариативдүү болду, тактап айтканда респонденттер 1 же андан көбүрөөк жооптордо тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Анкетирлөөнүн негизги аспектиси респонденттердин анонимдүүлүгүн толугу менен сактоо кепилдиги болду. Бул жооптордун ишенимдүү болуусун жана катышуучулардын айткан өз ой пикирлеринин мүмкүн болуучу кесепеттерине карата кооптонууларына байланыштуу жаңылыш, ката айтууларды минималдаштырууну камсыз кыла алды. Маалыматтарды чогултуу аяктагандан кийин статистикалык талдоо жүргүзүү үчүн системалаштырылды жана кайрадан иштелип чыкты. Кагаз анкеталарындагы жооптор кол менен киргизилди, андан соң ката кетирилген жокпу жана айырмачылыктар болуп калган жокпу текшерилди. Ошондой эле

балдарга жана жаш адамдарга карата кылмыш-жаза саясаты суроолору жаатында баа берүү максатында ***34 адвокаттын*** арасында сурамжылоо жүргүзүлдү. [13]

- **Мамлекеттик органдарга суроо-талаптар:** кылмыш-жаза саясатын ишке ашыруунун практикалык аспектилери жөнүндө маалыматтарды алуу үчүн мамлекеттик органдарга жана мекемелерге тиешелүү ***14 суроо-талап*** жөнөтүлдү, бул укуктук талдоо жүргүзүүнү актуалдуу көрсөткүчтөр менен толуктады. Бул ошондой эле, кылмыш иштери боюнча статистика, жазалар чараларын колдонуунун динамикасы, ошондой эле аярлуу топтордун укуктарын коргоо боюнча статистика боюнча суроо-талаптарды камтыды. Жыйынтыгында **суроо-талаптарга болгону 5 жооп алынды.**

Тандоо. Тандоонун репрезентативдүүлүгүн жана адекваттуулугун камсыз кылуу үчүн, аны түзүү процесси кылмыш-жаза тутумунун жана анын катышуучуларынын ар түрдүү тарабын камтуу максатында иштелип чыкты. Кылмыш-жаза саясатынын учурдагы абалына ар тараптуу талдоо жүргүзүүгө ээ болуу үчүн тандоону түзүүнүн негизги аспектиси сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдүн ортосундагы тең салмактуулукту сактоо болду. Тандоону түзүү кийинки принциптер боюнча ишке ашырылды:

__ Кесиптик тажрыйбага жана билимге ээ потенциалдуу катышуучулардын максаттуу өкүлчүлүгү жана аралаш топтору, топтук талкуулардын кыйла релеванттуу жана тажрыйбалуу катышуучулары жекече тереңдетилген маектешүү үчүн өзүнчө чакыртылган «кар топусу» ыкмасы колдонулду.

__ кесиптик тажрыйбасынын ар түрдүүлүгү боюнча. Тандоого кылмыш-жаза тутумунун ар түрдүү сегментинин өкүлдөрү киришти. Бул укук колдонуу тажрыйбасына жана кылмыш-жаза саясатын реформалоого түздөн түз катышкандардын ой пикирлерин жана тажрыйбаларын топтоого жол ачты.

Кошуу критерийлери	***Чыгаруу критерийлери***
✓ Кылмыш-жаза юстициясы чөйрөсүндөгү кесиптик ишмердүүлүк. ✓ Кылмыш-жаза укугу чөйрөсүндө иш алып барган юристтер, анын ичинде аярлуу топтордун укуктарын коргоого адистешкен юристтер. ✓ Кылмыш иштеринде жана укук коргоо практикасында тажрыйбага ээ адвокаттар. ✓ Адам укуктарын коргоо менен иш алып барган жана кылмыш-жаза тутумуна байкоо салган, бейөкмөт уюмдарында иштеген укук коргоочулар.	✓ Кылмыш-жаза тутумуна түздөн түз катыштыгы жок адамдар (мисалы, укук колдонуу тажрыйбасы жана укук коргоо ишмердүүлүгү жаатында тажрыйбасы жок жарандык коомдун өкүлдөрү). ✓ Ишмердүүлүгү кылмыш-жаза укугу чөйрөсү менен байланышпаган адамдар.

[13] Деталдуу маалымат КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИНЕ МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ Чөйрө: Жашы жетелек өспүрүмдөрдүн укуктарын сактоо жана коргоо отчетунда сунушталды.

✓ Кылмыш-жаза укугу жана эл аралык стандарттар боюнча адистешкен илимий чөйрөнүн өкүлдөрү.	

Тандоого кийинки топтордун өкүлдөрү киришти:

Кылмыш-жаза саясатын ишке ашырууга жооптуу мамлекеттик органдар жана уюмдар	***Кылмыш-жаза юстициясы суроолору боюнча иштеген жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрү***	***Кылмыш-жаза юстициясы чөйрөсүндөгү программаларды жана долбоорлорду ишке ашырган эл аралык уюмдар***
1. КР Конституциялык соту 2. КР Жогорку соту 3. КР ЖК комитеттери 4. КР Прокуратурасы 5. КР ИИМи 6. КР Юстиция министрлиги 7. КР ЮМ алдындагы МКЮЖ кызматы 8. ЮМ алдындагы Пробация кызматы 9. КР Жогорку сотунун алдындагы Сот департаменти 10. КР Улуттук статистикалык комитети 11. КР Адвокатурасы 12. КР Акыйкатчы институту 13. КР КАУБ	1. «Акыйкат Кареги» түйүнү 2. «МКЮЖ өнүктүрүү үчүн» улуттук түйүнү[14] 3. Кыйноолорго каршы коалициясы [15] 4. Жаңырык түйүнү (Майыптыгы бар адамдарды коргоо боюнча ЖКУ)[16] 5. Гендердик ЖКУ 6. Кризистик борборлор жана алардын юристтери, адвокаттар 7. Укук коргоочулар жана адвокаттар 8. Адвокаттар, МКЮЖ тутумун кошкондо 9. Көз карандысыз эксперттер, окумуштуулар-криминалисттер ж.б.. 10. Адам укуктары, аялдардын, балдардын, майыптыгы бар адамдардын укуктары, гендердик тең укуктуулук, пробацияны өнүктүрүү, ЖМК ж.б.	1. БУУ АУЖК 2. БУУ БКБ 3. БУУӨП 4. ЕККУ

[14] «МКЮЖ өнүктүрүү үчүн» улуттук түйүнү :https://www.facebook.com/koalitsiya.ggup/?locale=ru_RU

[15] Кыйноолорго каршы коалициясы URL: https://www.instagram.com/notorturekg/

[16] Жанырык түйүнү (Майыптыгы бар адамдарды коргоо боюнча ЖКУ) URL:https://www.facebook.com/kelechekplus/posts/%D1%81%D0%B5%D1%82%D1%8C-%D0%B6%D0%B0%D0%BD%D1%8B%D1%80%D1%8B%D0%BA-%

	чөйрөлөрдө иштеген жарандык коом уюмдары	

Көрсөткүчтөрдү чогултуу процедуралары. Анкеталар, маектешүү үчүн суроолор жана фокус-топтук талкуулоолорду жүргүзүү үчүн гайддар сыяктуу мониторингде колдонулган бардык куралдар негиздүүлүккө жана ишенимдүүлүккө карата алдын ала тестирлөөдөн өткөрүлдү. Бул көрсөткүчтөрдүн сапаты жогору болуусун камсыз кылууга жана аларды чогултуудагы так эместиктерди минималдаштырууга түрткү болду. Тестирлөө процедурасы пилоттук анкетирлөө жана катышуучулардын анча чоң эмес тобу менен маектешүүнү камтыды, мындан соң куралдарга зарыл оңдоп-түзөтүүлөр киргизилди. Логиканы сактоо, көрсөткүчтөрдү чогултуунун катуу процедураларын жана текшерилген куралдарды колдонуу талдоо жүргүзүү үчүн алынган көрсөткүчтөрдүн ишенимдүүлүгүн жана негиздүүлүгүн камсыз кылды.

Көрсөткүчтөрдү чогултуу жана талдоо жүргүзүү 10 айдын ичинде, 2023-жылдын 15-ноябрынан баштап, 2024-жылдын 30-сентябрына чейин жүргүзүлдү.

Көрсөткүчтөрдү комплекстүү түшүнүү үчүн **талдоо жүргүзүүнүн аралаш усулдары** колдонулду, алар изилдөө суроолоруна ар тараптан жооп берүүгө жардам берди. Кийинки усулдар колдонулду:

- **Статистикалык талдоо жүргүзүү**. Анкетирлөө үчүн математикалык усулдар, анын ичинде корреляциялык жана регрессиондук талдоо жүргүзүү. Бул кылмыш-жаза саясатындагы реформаларды кабыл алууга таасирин тийгизген негизги факторлорду аныктоого жол ачты.
- **Сапаттуу талдоо жүргүзүү**. Маектешүүлөрдүн жана байкоолордун көрсөткүчтөрү тематикалык код коюу усулун колдонуу менен талданып чыкты, бул болсо маалыматты реформалар, укук колдонуу жана адам укугу менен байланыштуу негизги темалар боюнча классификациялоого жол ачты.
- **Документтерге контент-талдоо жүргүзүү**. Улуттук-ченемдик актылар алардын эл аралык стандарттарга жана адам укуктарына шайкеш келүүсү боюнча талдоого алынды.

Чогултуу аяктаган соң, бардык көрсөткүчтөр статистикалык усулдарды колдонуу менен кайрадан иштелип чыкты жана талдоого алынды. Корреляциялык жана регрессиондук талдоону колдонуу, укук колдонуунун жана реформаны кабыл алуунун ар түрдүү аспектилеринин ортосундагы өз ара байланышты аныктоого жол ачты. Көрсөткүчтөр респонденттердин сегменттери боюнча (соттор, адвокаттар, укук коргоо органдары ж.б.), ошондой эле географиялык аймактары боюнча түзүмдөштүрүлдү, бул болсо кылмыш-жаза түзүмүнүн учурдагы абалынын деталдашкан элесин түзүүгө шарт түздү.

Этикалык тарабы жана конфиденциалдуулук. Конфиденциалдуулукту камсыз кылуу үчүн анкетирлөөгө, маектешүүгө жана фокустук топторго катышышкан бардык респонденттер жана алардын ой пикирлери жалпылаштырылды. Изилдөөчүлөр этикалык стандарттарды, анын ичинде катышуучулардын изилдөөгө катышуудан баш тартуусу жана өз отчёттордун оңдоо сыяктуу этикалык стандарттарды катуу сакташты. Изилдөөнүн этикасы мониторингдин усулдамасында белгиленген. Белгилей кетчү нерсе, изилдөө жүргүзүлгөн убакыт аралыгындагы саясий контексттин шарттарында конфиденциалдуулукту сактоо мониторингдин катышуучуларынын (респонденттердин жана изилдөөчүлөрдүн) жеке коопсуздугун камсыз кылуу зарылдыгы менен түшүндүрүлдү.

Тандалып алынган усулдардын негизги чектөөлөрү кийинкилер болду:

- **Тандоонун чектелүүлүгү**: Репрезентативдүүлүктү камсыз кылуу боюнча кабыл алынган аракеттерге карабастан, айрым негизги топтордун жеткиликтүүлүгү кыйынчылыктарды жаратты, бул көрсөткүчтөрдүн толуктугуна таасирин тийгизди.
- **Маектешүүнүн субьективдүүлүгү**: Маектешүү аркылуу алынган сапаттуу көрсөткүчтөр респоденттердин субьективдүү ой жүгүртүүлөрүн камтышы мүмкүн, бул аларды жалпылаштырууну чектейт.
- Көрсөткүчтөрдү интерпретациялоодо бардык чектөөлөр эске алынды жана корутундулар бул факторлор таасирин тийгизүүсү мүмкүн экендигин эске алуу менен чыгарылды.
- **Саясий контекст:** Респонденттердин толугу менен ачылуусуна жана изилдөөчүлөргө ишенүүсүнө, обьективдүү болуусуна жана чакырыктарга терең кароого, көйгөйгө талдоо жүргүзүүгө жол берген жок. Маалыматтардын көпчүлүгү кылдаттык менен, толук түрдө эмес же *«адамдардын кеңири чөйрөсү үчүн эмес»* деген эскертүү менен берилди. Алсак, 14 суроо-талаптын ичинен, мамлекеттик органдардан 5 жооп алынды.

Демек, көрсөткүчтөрдү чогултуудагы колдонулган усулдар жана андан кийинки аларга талдоо жүргүзүү кылмыш-жаза саясатына мониторинг жүргүзүүнүн ишенимдүүлүгүн жана негиздүүлүгүн камсыз кылат, бул болсо изилденип жаткан суроо боюнча негиздүү корутундуларды чыгарууга негиз берет.

БАА БЕРҮҮ ҮЧҮН НЕГИЗГИ СУРООЛОР

1.Кылмыш-жаза саясаты жана Кылмыш-жаза кодекси

1-индикатор. Көз карандысыз мамлекеттин кылмыш-жаза саясаты болот, анын максаты коопсуздукту, адамдын укуктарын жана эркиндиктерин, мамлекеттин, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын мыйзамдуу кызыкчылыктары болуп саналат.
1.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Кылмыш-жаза мыйзамы мамлекеттин укуктук саясатынын элементи болуп эсептелет, ал эми Кылмыш-жаза кодекси жана материалдык, процессуалдык кылмыш-жаза укугу чөйрөсүндөгү башка мыйзамдар кылмыш-жаза саясаты документтеринин негизинде иштелип чыгат.
Сыпаттамасы Кылмыш-жаза саясаты мамлекеттин укуктук саясатынын элементи болушу керек. Ал стратегияларды, милдеттерди, принциптерди жана кылмыштуулуктун алдын алуу каражаттарын иштеп чыгуу дегенди түшүндүрөт жана кийинкидей саясий документтерде – мамлекет башчысы, парламент жана өкмөт тарабынан бекитилген (кабыл алынган) мамлекеттик концепцияларда, программаларда жана пландарда калыптанат. Өтө кылдаттык менен таразага салынган, анын ичинде мамлекеттердин кылмыштуулук менен күрөшүү жаатындагы эл аралык кызматташтыгын эске алуу менен тышкы кылмыш-жаза саясатын иштеп чыгуу зарылчылыгы айтылып келет, тактап айтканда көптөгөн БУУнун актыларында айтылат. [17]

[17] Мисалы: 1) Кылмыштардын жана бийлигинен кыянаттык менен пайдалануунун жабырлануучулары үчүн сот адилеттигинин негизги принциптеринин декларациясы (Башкы Ассамблеянын 40/34 резолюциясында кабыл алынган, 29-ноябрь, 1985-ж.) URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/power.shtml

2) Укуктук тартипти колдоо боюнча кызмат адамдары тарабынан бир жолу атылуучу куралды жана күчтү колдонуунун негизги принциптери (БУУнун Кылмыштуулуктун алдын алуу жана укук бузуучуларга карата мамиле боюнча сегизинчи Конгрессинде кабыл алынган) Гавана, 27-август – 7-сентябрь, 1990 -ж). URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/firearms.shtml

3) Бириккен Улуттар Уюмунун Кылмыштуулуктун алдын алуу жана клмыш-жаза адилеттиги чөйрөсүндөгү программасынын программасы жана принциптеринин декларациясы (Башкы Ассамблеянын 46/152 резолюциясында кабыл алынган, 18-декабрь,1991-ж.) URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/crime91.shtml

4) БУУнун Кылмыштуулук жана коомдук коопсуздук жөнүндө декларациясы (Башкы Ассамблеянын 51/60 резолюциясы менен кабыл алынган, 12-декабрь, 1996-ж.) URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/crime.shtml

5) Кылмыштуулук жана сот адилеттиги жөнүндө Вена декларациясы: XXI кылымдын чакырыктарына карата жооптор (БУУнун Кылмыштуулуктун алдын алуу жана укук бузуучуларга карата мамиле боюнча Онунчу Конгрессинде кабыл алынган. Вена, 10-17-апрель, 2000-ж.) URL: https://www.un.org/ru/documents/treaty/A-CONF.187-4-REV.3

6)Бангкок декларациясы «Өз ара аракеттенүү жана кайтарым чаралар: Кылмыштуулуктун алдын алуу жана кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүндөгү стратегиялык биримдиктер (БУУнун Кылмыштуулуктун алдын алуу жана кылмыш-жаза сот адилеттиги боюнча 11-конгрессинде кабыл алынган) (Бангкок, Таиланд, 18–25-апрель, 2005-ж.) URL:https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/bangkok_declaration.shtml

7) Терроризм, коррупция жана трансулуттук уюшкан кылмыштуулук менен күрөшүү жаатындагы эл аралык кызматташтык жөнүндө Бухарест декларациясы (15-ноябрь, 2006-ж.) URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/bucharest_decl.shtml

Кыргыз Республикасындагы макамы жана чакырыктар

Кыргызстанда 2023-2026-жылдарга карата укуктук саясат концепциясы бекитилген, анын кылмыш-жаза саясаты бөлүгүндө бир гана коррупция менен күрөшүү саясаты белгиленген.[18] Улуттук коопсуздук концепциясында[19] кылмыш-жаза саясаты ошондой эле фрагменттүү түрдө «Негизги максаттар» 4-бөлүмдө терроризм жана экстремизм менен күрөшүү жана коррупцияны жоюу түрүндө белгиленген. Кыйла конкреттүү милдеттерди чечүү үчүн атайын мамлекеттик программалар кабыл алынган. Буга «2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча программасын бекитүү жөнүндө» Программа мисал боло алат.[20] Өлкөдө ошондой эле «2022-2028-жылдарга карата Укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын концепциясы» кабыл алынган.[21]

Кыргыз Республикасынын «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасынын»[22], «Сот жана укук коргоо органдарын реформалоо» 4.5-бөлүмүндө кылмыштардын айрым категориялары боюнча кылмыш-жаза жоопкерчилигин катаалдатуу саясаты караштырылган, тактап айтканда аялдарга жана балдарга карата зомбулук үчүн, улуттар аралык араздашууну козутуу үчүн. КР КЖК 261-беренесинин 3-бөлүгүндө криминалдык макамынын болуусу кылмыштын өзүнчө курамы болуп эсептелет деп аныкталган. Баңги заттарын эл аралык транзиттөөгө бөгөт коюу максатында баңги заттарын мыйзамсыз айландырууга каршы аракеттерди көрүү боюнча жумуш күчөтүлөт, баңгизат каражаттарын жана психотроптук заттарды ири жана өзгөчө ири өлчөмдөрдө өндүрүү, аларды колдонууга тартуу жана көндүрүү, ошондой эле Интернет жана Даркнет түйүндөрүн, электрондук төлөм тутумдарын колдонуу менен баңгизат каражаттарын жана психотроптук заттарды жарнамалоо жана жайылтуу сыяктуу кылмыштар үчүн жоопкерчилик күчөтүлөт. Демек, аткаруу бийлиги тарабынан кабыл алынып жаткан мамлекеттик программалар жана

8) Глобалдык чакырыктарга жооп берүү үчүн комплекстүү стратегиялар жөнүндө Сальвадор декларациясы: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү кылмыштуулуктун алдын алуу тутумдары жана кылмыш-жаза сот адилеттиги жана алардын өнүгүшү. Башкы Ассамблеянын 65/230 резолюциясы менен кабыл алынды. 21-декабрь, 2010-ж.. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/salvador_declaration.shtml

9) Улуттук жна эл аралык деңгээлдерде социалдык жана экономикалык көйгөйлөрдү чечүү жана укук үстөмдүгүн, ошондой эле коомчулуктун катышуусун камсыз кылуу максатында Бириккен Улуттар Уюмунун кыйла кеңири күн тартибине кылмыштуулуктун жана кылмыш-жаза сот адилеттигинин алдын алуу суроолорун киргизүү жөнүндө Дохин декларациясы (12-19 апрель, 2015-ж.)URL: https://www.unodc.org/documents/congress/Declaration/V1504153_Russian.pdf

[18] 2023-2026-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын укуктук саясатынын концепциясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген. 31-май, 2023-жыл № 146. URL:http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/435056

[19] Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздугунун концепциясы. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген. 20-декабрь, 2021-жыл. №570 0 URL:http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/430815

[20] 2023-2027-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттерди көрүү боюнча программасы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген. 15-март, 2023-жыл №141 URL:http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/160032

[21] 2022-2028-жж. карата Укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик концепция, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген. 23-август, 2022-жыл. №469 №141URL:http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/159464

[22] Кыргыз Республикасынын 2026-жылга чейинки Улуттук өнүгүү программасы, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген, 12-октябрь, 2021-жыл. №435 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/430700/edition/13462/ru

концепциялар азыркы учурдагы убакыт аралыгында болуп жаткан жана аныкталган чакырыктарга жана коркунучтарга негизделген. Бирок кылмыш-жаза саясатын өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү көз караштары байкала элек.

Кылмыш-жаза саясаты бири-бири менен макулдашылган Кылмыш-жаза, Кылмыш-жаза-процессуалдык жана Кылмыш-жаза аткаруу кодекстерин билдирет, ошондой эле аларга киргизилген бардык өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду түшүндүрөт. Аталган кодекстердин үстүнөн долбоордук иштин алкагында талдоо жүргүзүү кийинкилерди көрсөттү: 2012-жылы үч кодекс Президенттин 2012-жылдын 8-августундагы №147 «Кыргыз Республикасында сот адилеттигин жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгына ылайык, реформалоо жаатындагы макулдашылган сунуштамаларды иштеп чыгуу боюнча комиссиянын [23] реформанын концептуалдуу багыттары бекитилген сунуштамаларынын негизинде иштелип чыккан.

Өлкөдө бийлик алмашкандан кийинки 2021-жылдагы кылмыш-жаза мыйзамдарынын реформасы КР Президентинин 2021-жылдын 31-мартындагы № 83[24] Жарлыгына ылайык жүргүзүлгөн. Иш жүзүндө болсо 1997-жылдагы Кылмыш-жаза кодексинин концепциясы кайтарылды, анткени жарлык кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамдарын реформалоонун концептуалдык негиздерин камтыган эмес. Дээрлик 2019-жылы гана күчүнө кирген 2017-жылдагы КЖК иш жүзүндө 2 жылдан аз убакыт гана иштеди. 2021-жылдагы КЖК кабыл алынгандан кийин ага көптөгөн өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизиле баштады. 2024-жылдын январь айына карата 53 ашык өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Мыйзамдардагы мындай туруксуздук мамлекеттик бирдиктүү кылмыш-жаза саясаты жок экендигинин түз далили болуп эсептелет.

Кылмыш-жаза саясатын калыптандырууда чоң ролду жаңы кодекстерди кабыл алуу аркылуу, же кылмыш-жаза укуктук багыттагы кодекстерге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү аркылуу өлкөнүн парламенти ойнойт. Кылмыш-жаза саясаты ошондой эле Жогорку Кеңештин парламенттик фракцияларынын ишмердүүлүгүнүн алкагында фрагменттүү түрдө алдыга жылып отурат, анткени саясий партиялар өздөрүнүн шайлоочуларынын эркин билдирүү менен мамлекеттин саясий багытын аныктоого, анын ичинде кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү багытын аныктоого катышышат. «Жарандык платформа» коомдук фонду жарандарга Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын ишмердүүлүктөрү жөнүндө маалымат берүү максатында талдоо жүргүздү жана КР ЖК депутаттарынын мыйзам чыгаруучу жана көзөмөлдөөчү функциялары боюнча сунуштамаларды иштеп чыкты. [25] Бул изилдөө мыйзам чыгаруу процессин көбүрөөк камтыйт. Ушуга байланыштуу, партиялардын сайттарынын көпчүлүгү интернет ресурстарды жеткиликтүү эмес колдонушкандыктан улам, партиялардын шайлоо алдындагы агитация жүргүзүү мезгил аралыгындагы кылмыш-жаза мыйзамдарын реформалоо бөлүгү боюнча

[23] Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасында сот адилеттигин жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы, 8-август, 2012-жыл №147 URL:https://cbd.minjust.gov.kg/61388/edition/1061251/ru

[24] Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы сот жана укук коргоо ишмердүүлүгүн жакшыртуу суроолору боюнча Кеңеш жөнүндө» Жарлыгы, 31-март, 2021-жыл №83 URL:https://cbd.minjust.gov.kg/430402/edition/1165980/ru

[25] Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын мыйзам чыгаруучу жана көзөмөлдөөчү функцияларына талдоо жүргүзүү жана сунуштамалар (Жарандык платформа КФ) URL:https://platforma.kg/wp-content/uploads/2023/04/Zakonodatelnye-i-kontrolnye-funktsii-ZHK-KR.pdf

шайлоо алдындагы убадаларына жана партиялык программаларына тиешелүү кандайдыр бир программалык документтерди табууга мүмкүн болгон жок.

Парламентке өткөн бардык партиялардын сайттары талданып чыкты: Ата-Журт, Ишеним, Ынтымак, Альянс, Бүтүн Кыргызстан, Ыйман-Нуру. Изилдөө саясий партиялардын сайттары же Интернет түйүндөрүндө жок экенин, же өчүрүлүп калганын же иштебей тургандыгын көрсөттү. Айрым бир саясий партиялардын Фейсбукта профилдери бар.[26] Сайттарга талдоо жүргүзүү шайлоодо парламентке өткөн саясий партиялардын программалары болгону deputat.kg[27] сайтында бар экендигин, ошол эле учурда болгону үч партияныкы (Ата-Журт Кыргызстан, Альянс, Ыйман-Нуру) илинип турганын, аларда сот жана укук коргоо ишмердүүлүгүн реформалоонун өзүнчө багыттары караштырылганын көрсөттү.

Кылмыш-жаза саясаты жөнүндө программалык документтерде баяндалган партиялык идеяларга талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы, алардын түзүмү соттук реформаны, укук коргоо органдары жаатындагы реформаны жүргүзүү жана коррупцияга каршы аракеттерди көрүү зарылдыгы түрүндөгү жалпы сөздөр менен жазылган фрагменттүү түрдө деген корутунду чыгарууга жол берет. Берилген убадалардын аткарылышына парламенттин иши аяктагандан кийин гана баа берүүгө болот. Ошол эле учурда партиялардын шайлоо алдындагы убадаларынын түзүлүшү процессин мамлекетте Концепция же Стратегия түрүндө кабыл алынган (эгер бул бар болсо) кылмыш-жаза саясатынын негизги багыттары менен салыштыруу абдан сонун болмок. Мыйзам чыгаруу процесси коомдун тигил же бул кылмыш-жаза-укуктук ченемдерге муктаждыгын ал ченемдердин жөнгө салуучу таасирин алдын ала болжолдоп чогуу аныктоо менен, ошондой эле парламенттин мыйзамдарды сактоо боюнча көзөмөлдөөчү функцияларын аткаруусу менен байланыштуу. Укук колдонуу тажрыйбасына көзөмөл жүргүзүүнүн натыйжасында депутаттар тигил же бул кылмыш-жаза укуктук ченемдердин таасирлеринин натыйжалуулугу жөнүндө маалыматтарды ала алышат. Алсак, мыйзам чыгаруучу жана көзөмөлдөөчү функциялар мамлекеттин парламенттеги кылмыш-жаза саясатын калыптандыруунун натыйжалуу каражаты болуп кала алат.

Саясий партиялар Паламенттеги өздөрүн өзү түзгөн тутумду катары өздөрүнүн шайлоо алдындагы убадаларын өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамдарын түзүүдө ишке ашырышат. Ошондуктан өз программаларына кылмыш-жаза мыйзамдарын реформалоого байланыштуу конкреттүү убадаларды киргизүүсү өтө маанилүү, анкени акыркысы кыйла репрессивдүү болуп эсептелет жана адам укуктарына жана кызыкчылыктарына олутуу түрдө таасирин тийгизет.

[26] 1) Ата-журт Кыргызстан пратиясы URL:https://www.facebook.com/kg.atajurt/;
2) Ишеним партиясы URL: https://www.facebook.com/ishenim.official/
3) Ынтымак партиясы URL:https://www.facebook.com/yntymak.2021/;
4) Альянс партиясы URL: https://www.facebook.com/alliance.kyrgyzstan/

[27] 1) Ата-Журт партиясынын программасы URL:https://deputat.kg/election-promises/programma-partii-ata-zhurt-kyrgyzstan/; 2) Ишеним партиясынын программасы URL:https://deputat.kg/election-promises/programma-partii-ishenim/;
3) Ынтымак партиясынын программасы URL: https://deputat.kg/election-promises/programma-partii-yntymak/;
4) Альянс партиясынын программасы URL: https://deputat.kg/election-promises/programma-partii-alyans/;
5) Бүтүн Кыргызстан партиясынын программасыURL: https://deputat.kg/election-promises/programma-partii-butun-kyrgyzstan;
6) Ыйман-Нуру партиясынын программасы URL:https://deputat.kg/election-promises/programma-partii-yjman-nuru/

Изилдөөнүн алкагында КР Жогорку Кеңешине изилденип жаткан чөйрөдө жаатындагы кезектеги ченемдик долбоорлорду даярдоо, пландаштыруу боюнча жана тигил же бул кылмыш-жаза мыйзамы кайсы багытта жана кандай максатта кабыл алынары тууралуу сууроолор боюнча жиберилген суроо-талап жоопсуз бойдон калды. Парламенттин адистерине жүргүзүлгөн маектешүү КР Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүндө кылмыш-жаза укугу чөйрөсүндөгү мыйзам чыгаруу демилгелерин ишке ашыруу боюнча кандайдыр бир пландардын жок экендигин көрсөттү.

Ошентип, концептуалдуу мамилелердин өзгөрүшү менен туруктуу эмес кылмыш-жаза мыйзамдарын калыптандыруунун белгилери бар болууда. Жыйынтыгында өлкөдөгү коомдук процесстерди башкаруу алсызданууда, бул болсо кылмыш-жаза мыйзамынын принциптеринин бузулуусуна алып келет.

Сот жана укук коргоо тутумдарынын өкүлдөрүнүн, ошондой эле адвокаттардын, илимий чөйрөнүн жана жарандык коом институттарынын катышуусунда өткөрүлгөн фокус-топтук талкуулардын жыйынтыктарын карасак, дээрлик бардык катышуучулар кылмыш-жаза мыйзамында көп сандаган жана стихиялуу өзгөрүүлөр болгондугун белгилешти. Катышуучулар КЖК жүргүзүлгөн акыркы реформанын жыйынтыгында эски институттарды кайрадан кайтаруу байкалып жаткандыгын дагы белгилешти. Респонденттер ошондой эле, 2021-жылдагы КЖК жеткире иштелбеген учурлар бар экендигин айтып өтүштү. Кылмыш-жаза кодексинде *«адам-коом-мамлекет»* формуласы ыкмасы белгиленгенине карабастан, иш жүзүндө *«мамлекет-коом-адам»* ыкмасы үстөмдүк кылат. Катышуучулар ошону менен бирге бүгүнкү күндө ишке ашырылып жаткан мамлекеттик саясаттын артыкчылыктарын дагы айтып өтүштү – коррупция менен күрөшүү, УКТ менен күрөшүү, экстремизм менен күрөшүү.

Респонденттердин пикирлери боюнча, кылмыш-жаза саясаты укук бузуулардын алдын алууга жана кылмыштарга бөгөт коюуга багытталышы керек. Ал кылмыш-жаза-укуктук чөйрөдөгү илимий изилдөөлөргө, эл аралык уюмдардын сунуштамаларына негизделүүсү зарыл. Эл аралык коомчулуктун позитивдүү тажрыйбаларын, ошондой эле окумуштуулардын пикирлерин - *«аналитикасыз саясат жок, эсепке алуу жок»* эске алуу зарылдыгы белгиленди. Кылмыш-жаза мыйзамын баш аламан өзгөртүү ыкмасы жоюу зарыл: кылмыш-жаза укуктук саясаты түшүнүктүү болуусу, көз карандысыз сот тутуму, укуктук статистика болуусу керек. Адвокаттар кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү бирдиктүү мамлекеттик программанын жок экендигин белгилешти, *«тездик менен кабыл алынган чечимдер бар».*

ФТТ катышуучулары шайлоолорго кылмыштуулук (мисалы, коррупция) менен күрөшүүнү убадалаган программалары менен чыккан партиялар дайыма эле ырааттуу эместигин жана алардын мыйзам чегине келгенде ишке ашырышпай тургандыктарын белгилеп өтүштү.

Сурамжылоого катышкан бардык респонденттер бирдиктүү мамлекеттик укуктук актыны (концепция же стратегия) кабыл алуу зарыл жана анда кылмыш-жаза саясатынын белгилүү бир мезгил аралыгына карата конкреттүү максаттары жана милдеттери жазылуусу керек деген корутундуга келишти.

Корутундулар

1. Кыргызстанда кылмыштуулуктун алдын алуунун мамлекеттик концепциялары жана мамлекеттик программалары түзүлө турган, ошондой эле анын негизинде кылмыш-жаза

мыйзамына өзгөртүүлөр киргизиле турган жана өзгөрө турган кылмыш-жаза саясатынын бирдиктүү калыптанган доктринасы жок.

2. Министрлер кабинети тарабынан кабыл алынып жаткан учурдагы Мамлекеттик программалар жана концепциялар азыркы учурдагы мезгил аралыгында аныкталган жана орун алып жаткан чакырыктарга жана коркунучтарга негизделген (мисалы, экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттерди көрүү жөнүндө).

3. Кылмыш-жаза мыйзамынын тез-тезден алмашуусу (КЖК 1997-ж., КЖК 2017-ж., КЖК 2021-ж), өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун үзгүлтүксүз түрдө киргизилиши укук колдонуу тажрыйбасынын тутумдуу эмес болушу жана натыйжалуулугун жоготуусу тобокелчиликтерине көмөктөшөт. Ошондой эле кылмыш-жаза саясатын калыптандыруу укуктук статистиканы жана илимий криминологиялык иизилдөөлөрдү эске алуусу зарыл.

4. Кылмыш-жаза саясаты ошондой эле парламенттик шайлоолордун жүрүшүндө дагы калыптанат. Бирок шайлоо алдындагы программаларындагы кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү убадаларын аткарууга айрым гана саясий партиялар көңүл бурушат.

5. Мыйзамдарга талдоо жүргүзүү КР КЖК кылмыш-жаза укугунун жана кылмыш-жаза укуктук мамилелердин жалгыз булагы экендигин көрсөттү. Кылмыш-жаза кодекси мыйзам чыгаруу бийлигин ишке ашырган жогорку өкүлчүлүктүү орган тарабынан мыйзам формасында кабыл алынат (КР Жогорку Кеңеши).

Сунуштамалар

1. Министрлер кабинетине Кылмыш-жаза саясатынын концепциясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу (балким жалпы укуктук саясаттын алкагында) жана аткаруу сунушталат. Кылмыш-жаза саясаты түзүмдөштүрүлгөн болушу, конкреттүү максатка жана милдеттерге ээ, кылмыштуулуктун алдын алууга багытталган болушу зарыл. Ошол эле учурда максаты кылмыштуулуктун алдын алуу жана адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо катары түзүлүшү керек. Бул документ, Кылмыш-жаза кодексиндеги ченемдерди алардын аныктыгы багытында оңдоп-түзөө жана мыйзамдуу жөнгө салуу жаатындагы бошутуктарды жоюу максатында, жакынкы 5 жылга карата Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза саясатын өнүктүрүү жана кылмыш-жаза кылмыштарына каршы аракеттерди көрүү суроолору боюнча илимий-негизделген стратегияны жана натыйжалуу тактиканы камтышы керек.

2. Саясий партияларга шайлоо алдындагы мезгил аралыгында өздөрүнүн шайлоо алдындагы программаларына кылмыш-жаза мыйзамына байланыштуу конкреттүү иш-чараларды киргизүү сунушталат (сөз айрым бир жосундарды криминализациялоо жана декриминализациялоо, ошондой эле пенализациялоо жана депенализациялоо жөнүндө болуп жатат). Саясий партиялардын кылмыш-жаза саясатын өзгөртүү боюнча, анын ар түрдүү аспектилери жана багыттары боюнча түзгөн, сунуштаган идеялары, ниеттери тутумдуу (системалуу) мүнөзгө ээ болуусу зарыл жана кылмыш-жаза саясаты жөнүндө калыптанган бирдиктүү мамлекеттик концепцияга негизделиши керек (кылмыш-жаза-укуктук доктринаны жана коомдун кызыкчылыктарын эске алуу менен). Шайлоо алдындагы убадалардын натыйжалуулугу алардын аткарылуусу менен байланышуу болуусу зарыл. Бул келечектеги шайлоолордо партияга электоратынын ишенимин жогорулатат.

2-индикатор. Өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамы укук үстөмдүгүнө негизделген

2.1-КК. Кылмыш-жаза мыйзамы укук үстөмдүгүнүн негизинде кылмыш-жаза-укуктук мамилелерди жөнгө салган жалгыз мыйзам болуп эсептелет

Сыпаттамасы

Кылмыш-жаза кодекси укук үстөмдүгүнүн негизинде кийинкилерге байланыштуу пайда болгон мамилелерди жөнгө салган мыйзам болушу керек: 1) кылмыш-жаза укук бузууларын жасоого; 2) Кылмыш-жаза кодексинде караштырылган укукка каршы жосундардын акыл-эси соо эмес адамдар жана жаш курагы кылмыш-жаза жоопкерчилигине толо элек адамдар тарабынан жасалышына; 3) жосундун укукка каршы экендиги караштырылбаган жагдайларда адам тарабынан социалдык баалуулуктарга зыян келтирилгенде.

Эмне кылмыш-жаза укук бузуу болуп эсептелет, ошондой эле кылмыш-жаза укук бузууларынын көптүгү, кылмыш-жаза укук бузуусуна кошо катышуу, кылмыш-жаза укук бузуусуна даярдануу жана аны жасоо үчүн даярдануу, кылмыш-жаза укук бузуулары үчүн дайындалуучу жазанын түрлөрүн жана өлчөмүн аныктоо, ошондой эле жазаны дайындоодон бошотуу мүмкүндүгүн берген шарттар кайсылар, кылмыш-жаза укук бузуусун жасагандыгы үчүн башка кылмыш-жаза укуктук кесепеттерин аныктоо деген эмне экендиктери Кылмыш-жаза кодексинен башка эч бир мыйзам же мыйзам алдындагы акты менен аныкталуусу мүмкүн эмес.

Кылмыш-жаза кодекси көз карандысыз мамлекеттин Конституциясына жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине; адамдын укуктары менен эркиндиктеринин ажырагыс жана кол тийбестик принцибине; мыйзам алдындагы бирдейлик принцибине; адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктеринин кепилдиктери принцибине жана аларды жоюунун мүмкүн эместигине; колдо бар укуктардын жана эркиндиктердин мазмунун жана өлчөмүн азайтууга жол бербөө принцибине негизделиши керек.

Кылмыш-жаза кодекси парламент тарабынан мыйзам формасында кабыл алынган актылар менен гана жөнгө салынышы зарыл, бул актылар күчүнө кирген убактан тартып Кылмыш-жаза кодексине киргизилүүгө тийиш. Парламенттин өзүнүн кылмыш-жаза укугу чөйрөсүндөгү мыйзам чыгаруучу ыйгарым укуктарын өкмөткө өткөрүп берүү укугу болбошу керек. Кылмыш-жаза мыйзамын кабыл алуунун жана ага карата бардык өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн, ошондой эле мунапыс жөнүндөгү мыйзамдарды кабыл алуунун өзгөчөлүктөрү Конституцияда белгилениши мүмкүн.

Кылмыш-жаза кодексин жана ага ар кандай өзгөртүүлөрдү, ошондой эле «органикалык» мыйзамдарга карата мунапыс жөнүндө мыйзамдары, мисалы парламенттин жыйынында катышкан мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн же квалификациялуу көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алуу – парламенттин мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн жөнөкөй добушу менен кабыл алынышы мүмкүн болгон «жөнөкөй» мыйзамдардан айырмаланып Көз карандысыз мамлекеттин мыйзамдары тарабынан бекитилиши мүмкүн.

Кылмыш-жаза укуктук монизми Кылмыш-жаза жоруктары жөнүндө кодексти кабыл алуу жана колдонуу мүмкүнчүлүгүн четке какпайт. Мындан сырткары, эгерде бул көз карандысыз мамлекеттин укуктук салттарына туура келет, мисалы, кандайдыр бир кылмыш-жаза укук бузууларынын курамынын белгилерин аныктаган өзүнчө мыйзамдарды кабыл алуу жана колдонуу мүмкүндүгү четке кагылбайт. Эң негизгиси бул «кошумча» мыйзамдар Кылмыш-жаза кодексинин Жалпы бөлүгүнүн принциптерине жана жоболоруна негизделиши керек.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Мыйзамдарга талдоо жүргүзүү, КР Кылмыш-жаза кодекси өзөгүндө бир катар эл аралык документтерде: Кыргыз Республикасы ратификациялаган конвенцияларда, пакттарда, эл

аралык келишимдерде белгиленген эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери камтылган КР Конституциясына негизделерин көрсөттү.[28] КР КЖК кылмыш-жаза укугунун жалгыз булагы болуп эсептелет, КР Жогорку Кеңеши тарабынан мыйзам формасында кабыл алынат жана өлкөнүн бардык аймагында укук үстөмдүгүнө ээ. Бир дагы башка мыйзам актысында кылмыш үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги караштырылышы мүмкүн эмес.[29] Жалгыз гана Кылмыш-жаза кодексинде эмне кылмыш болуп саналат жана аны жасагандыгы үчүн дайындалуучу жазанын түрлөрү жана өлчөмдөрү аныкталат.[30]

КР Конституциясы кылмыштар менен катар жосунду киргизүүнү караштырат.[31] Азыркы учурда КР КЖК кылмыш-жаза жоругу деген түшүнүк жок. Укук бузуулар кодексинде караштырылган кылмыш-жаза укуктук багыттагы жосундар, ушул кодексте аныкталган процедуралар боюнча каралууда.

КР КЖК бир катар укуктук принциптер караштырылган: адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин ажырагыстыгы жана кол тийбестиги принциби,[32] бул адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарга жооп берет, жалпы мүнөзгө ээ жана алардан четтөөгө жол берилбейт. Мамлекет өзүнө адамдын укуктарын жана эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл албоо милдетин алат.[33] Демек, мамлекеттик бийлик адамдын маанилүү, ажыратылгыс укуктарына кирген бардык адамдын бардык негизги укуктарын сактоо милдетин алат, ал эми өкмөт жана бардык администрациялар өздөрүнүн бардык иш-чараларын ишке ашырууда адамдын негизги укуктарын жана эркиндиктерин эске алууга милдеттүү.

Конституциянын 24-беренесинде караштырылган мыйзамдын жана соттун алдындагы бирдейлик принциби Кылмыш-жаза кодексинде өз ордун тапты.[34] КР Конституциясында адамдын укугунун жана эркиндигинин кепилдиги жана аларды четке кагуунун мүмкүн эместиги принциби караштырылган.[35] Берилген укуктардын жана эркиндиктердин мазмунун жана өлчөмүн чектөөгө жол берилбестик принциби Контитуциянын 23-беренесинде чагылдырылган.[36] Өлкөнүн Кылмыш-жаза кодексинде гуманизм принциби караштырылган, ага ылайык кодекске жаза дайындоону жана жасалган кылмыштын кылмыш-жаза укуктук зыяндарын оорлоштурган өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн эмес.[37]

---

[28] Кара. КР КЖК 1-берене, 28-октябрь, 2021-жыл № 127. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

[29] Кара. КР КЖК 1-бер.2-б.. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

[30] Кара.КР КЖК 2-бер.. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

[31] Кара. КР Конституциясы 57-б. 5-май 2021-ж. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112213/edition/1202952/ru

[32] Кара. КР Конституциясы 23-берене. .1-2-п. 5-май, 2021-ж. URL:
https://cbd.minjust.gov.kg/112213/edition/1202952/ru

[33] Кара. КР Конституциясы 56-берене.2-п. 5-май, 2021-ж.
URL:https://cbd.minjust.gov.kg/112213/edition/1202952/ru

[34] Кара.КР КЖК 4-бер. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

[35] Кара КР Конституциясы 55-берере. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112213/edition/1202952/ru

[36] Алсак, КР Конституциясынын 23-бер.3-6 п.бекитилген: 1) Адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин чектеген мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актыларды кабыл алууга тыюу салынат.; 2)Конституцияда каралгандан башка максаттарда жана андан ашкан деңгээлде адамдын укуктарына жана эркиндиктерине мыйзам менен чектөө коюлушу мүмкүн эмес. 3)Конституцияда белгиленген адамдын укуктары жана эркиндиктери эч кандай чектелүүгө жатпайт.4) Тыюу салуулар боюнча Конституцияда белгиленген кепилдиктер эч кандай чектөөгө жатпайт.
URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112213/edition/1202952/ru

[37] Кара КР КЖК 9-бер. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

КР КЖК жыйындысы түшүнүгүн аныктайт (21-бер.), кошо катышуу түшүнүгүн жана түрлөрүн (39-45-бер.), даярдык көрүү түшүнүгүн (36-бер.) жана Кылмыш жасоого аракеттенүүнү (37-бер.), ошондой эле жазадан бошотууга мүмкүн болгон негиздерди (85-94-бер.) жана кылмыш жасоонун башка кылмыш-жаза-укуктук кесепеттерин аныктайт.

КР КЖК 2017 жана 2021-жылдарда жасалган реформаларда кайра жасоо жана рецидив сыяктуу институттар жоюлду.

Демек, КР КЖК бир гана кылмыш жасоо боюнча, акыл-эси соо эмес адамдар тарабынан жасалган кылмыштарга (25-бер., 114-119-бер.), ошондой эле кылмыш-жаза жоопкерчилиги жаш курагына толо элек адамдар (28-бер., 96-113-бер.) тарабынан жасалган кылмыштарга тиешелүү укуктук мамилелерди жөнгө салат.

КР КЖК ~~ж~~осундун кылмыш-жаза укукка каршылыгын жокко чыгаруучу жагдайларды - карайт (3-бөлүм, 8-бөлүк). Кодекс буларды киргизет: Зарыл коргонуу (46-бер.), Аргасыз зарылдык (47-бер.), Күч колдонуу же психикалык мажбурлоо (48-бер.), Кылмыш жасаган адамды кармоо (49-бер.), Мыйзамды, буйрукту (тескемени), кызматы боюнча милдеттерди аткаруу (50-бер.), Негизделген тобокелдик (51-бер.), Атайын тапшырманы аткаруу (52-бер.).

Изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн ФТТ 44 катышуучусунун ичинен көпчүлүгү КР КЖК кылмыш-жаза укугунун жалгыз булагы болуп эсептелет жана укук үстөмдүгү бекитилген КР Конституциясына негизделет деп аныкташты. 30 катышуучу өлкөнүн Конституциясы булардын милдеттүү түрдө болуусун караштырганына карабастан, КР КЖКда кылмыш-жаза жоруктары жок деп белгилешти. Бирок респонденттер мыйзамдарда кылмыш-жаза жоруктарынын жок экенине түшүндүрмө бере алышкан жок. Адвокаттардын бир бөлүгү тиешелүү ЧУАларда жоруктар кылмыштардан өзүнчө бөлүнүп турушу зарыл деп эсептешет, ал эми калган респонденттер азыркы учурдагы абал жетиштүү деп эсептешет жана ал тургай бул суроонун үстүнөн ойлонуп калышты. ФТТ бирөөсүнүн катышуучулары укук мыйзамга караганда кеңири жана соттор боштуктарды толтуруулары керек деген корутундуга келишти. Катышуучулар телефондук укук өз өмүрүн токтото элек, сотторго ишеним жок, өлкөнүн Кылмыш-жаза кодекси укук үстөмдүгүнө толук кандуу негизделе элек деп мисалдарды келтиришти. Ошондой эле КР КЖК Өзгөчө бөлүгү КР КЖК өзүндө белгиленген принциптерге жооп бербейт деп белгилешти.

32 тереңдетилген маектешүүгө талдоо жүргүзүү кийинкилерди көрсөттү. Соттор жоруктар КР Конституциясына ылайык өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамында чагылдырылышы зарыл деп эсептешет; муну менен катар эле соттордун бир бөлүгү кылмыш-жаза жорукту өзүнчө мыйзам актысы (жоруктар жөнүндө кодекс) менен бөлүү керек деп белгилешсе, башка бөлүгү болсо – КР кылмыш-жаза жорукту караштыруу керек дешти. Респонденттер бул суроону кылмыш-жаза мыйзамына жол-жоболоштуруу техникалык мүнөзгө ээ деп белгилешти. Жоруктар жөнүндө иштер боюнча процессуалдык кепилдиктер КР КЖК көрсөтүлүшү жана бекитилиши керек. Сурамжылоого катышкан прокурорлордун кылмыш-жаза жорукту КР мыйзамдарында чагылдыруу суроосу боюнча ой пикирлери ар башкача болуп чыкты. Кылмыш-жаза укуктук багыттагы укук бузуу жасаган адамдарга процессуалдык кепилдиктер ошондой эле КР КПК дагы көрсөтүлүшү зарыл экендиги белгиленди. Адвокаттык жамааттын өкүлдөрү кылмыш-жаза жорукту жасагандыгы үчүн айыпкер адамга КР КПК тиешелүү кепилдиктерди караштыруу менен, КР Конституциясына ылайык аныкталышы мүмкүн болгон жоопкерчилик өзүнчө ченемдик-укуктук актыга (Жоруктар жөнүндө кодекси) же КР КЖК бөлүмүнө ылайык аныкталышы керек деп сунушташты. Ушундай эле ой пикирди мамлекеттик укук коргоо институттарынан (Акыйкатчы жана

КААУБ), жарандык коом уюмдарынан катышкан респонденттер жана укук коргоочулар билдиришти.

Корутундулар

КЖК укук үстөмдүгү, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдери бекитилген өлкөнүн Конституциясына негизделет.

Учурдагы Кылмыш-жаза мыйзамы кылмыш-жаза укук бузууларын жөнгө салат; акыл-эси соо эмес адамдар жана кылмыш-жаза жоопкерчилиги жаш курагына толо элек адамдар тарабынан жасалган укукка каршы жосундарды жөнгө салат; зыяндын жана залалдын ордун толтурууну – укуктук кесепеттерин жөнгө салат.

2017 жана 2021-жылдардагы Кылмыш-жаза кодекстерине карата жасалган реформаларда кайра жасоо жана рецидив сыяктуу институттар жоюлду.

1. Азыркы учурда кылмыш-жаза мыйзамында кылмыш-жаза жорук деген түшүнүк жок, ошол эле учурда болсо өлкөнүн Конституциясы жорукту кылмыш менен катар киргизүүнү караштырат. Бул конституциялык ченем жоруктар жөнүндө иштер боюнча өзгөчө мааниге ээ, анткени кылмыш жасаган адамдарга жайылтылган ошондой эле процессуалдык кепилдиктер менен камсыз болушу керек.

Сунуштамалар

1. КР ЖК КР Конституциясына ылайык, позитивдүү эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен, өзгөчө сотко чейинки иликтөө жана кылмыш-жаза жоруктары жөнүндө иштерди соттук кароо процедураларын жөнөкөйлөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен кылмыш-жаза жоругун кайтаруу мүмкүнчүлүгүн караштыруусу зарыл, бул кылмыш-жаза юстициясы тутумунун ресурстарына олуттуу түрдө позитивдүү таасирин тийгизет.

2.Кылмыш-жаза кодексинин принциптери жана алардын колдонулушу

3-индикатор.

Кылмыш-жаза укугунун принциптери өлкөнүн Кылмыш-жаза кодексинде бекитилген

3.1-КК. Кылмыш-жаза кодексинин принциби мыйзамдуулук болуп эсептелет

Сыпаттамасы

Мыйзамдуулук принциби Адам укуктарынын жалпы декларациясы,[38] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакты,[39] Эл аралык кылмыш-жаза сотунун Рим статуту[40] сыяктуу

[38] Адам укуктарынын жалпы декларациясы. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 217A (III) резолюциясы менен кабыл алынган. 10-декабрь, 1948-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml

[39] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакты. Башкы Ассамблеянын 2200 A (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган. 16-декабрь, 1966-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

[40] Эл аралык кылмыш-жаза сотунун Рим статуту. URL: https://www.un.org/ru/law/icc/rome_statute(r).pdf

бир катар эл аралык актыларга киргизилген. Мыйзамдуулук «Укук үстөмдүгү»[41] түшүнүгүнүн элементтеринин бири болуп эсептелет. Кылмыш-жаза укугундагы мыйзамдуулук – бул негизги принциптердин бири, ага ылайык кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу, кылмыш-жазаны дайындоо жана аткаруу бир гана учурдагы күчүндө турган мыйзамдарга ылайык ишке ашырылат. Бул принцип өзүнө бир нече маанилүү аспектилерди камтыйт: 1) мыйзамдуулук принциби: кылмыштар жана жазалар бир гана мыйзам аркылуу аныкталышы керек;

2) артка карай аракетке (ретроактивдүүлүккө) жол берилбестик: жоопкерчиликти белгилеген же жазаны катаалдаткан мыйзам, өткөн убакытка карай колдонулбайт, тактап айтканда жосунду ал күчүнө киргенге чейин жасаган адамдарга карата колдонулбайт. Бир гана учурда жол берилиши мүмкүн, жаңы мыйзам кылмыш-жаза жоопкерчилигин жеңилдеткен же артка кайтарган учурда – мындай мыйзам артка карай аракет (ретроактивдүүлүк) күчүнө ээ болушу мүмкүн; 3) кылмыштын курамын так аныктоо: мыйзамдарда эмне кылмыш деп эсептелери так жана бир тараптуу көрсөтүлүп, белгиленип турушу керек; 4) кылмыш-жаза укугунда аналогияга жол берилбестик: соттор адамды аналогиянын негизинде соттой алышпайт, тактап айтканда эгерде жосун окшош болсо, бирок мыйзамда кылмыштын так жазылып турган сыпаттамасына шайкеш келбесе, анда адам бул жосун үчүн кылмыш жасаган сыяктуу соттолуусу мүмкүн эмес; 5) мыйзамдарды милдеттүү түрдө аткаруу: бардык мамлекеттик органдар, кызмат адамдары жана жарандар кылмыш-жаза мыйзамдарын сактоого милдеттүү; 6) адамдын укугун жана эркиндигин коргоо. Мыйзамдуулук принцибин сактоо кылмыш-жаза сот адилеттигиндеги акыйкаттыктын жана алдын ала аныктыктын кепилдиги болуп эсептелет, ошондой эле жарандарга карата кылмыш-жаза санкцияларын өзүм билемдик менен колдонуудан сактайт.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Кылмыш-жаза кодексинде мыйзамдуулук принциби 2-беренеде бекитилген. Ошондой эле мыйзамдын артка кайтарылбастыгы КР «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамынын 9-беренесинин 5-бөлүгүндө бекитилген.[42] КР Кылмыш-жаза кодексинин 12-беренесинде жеңилдетүүчү мүнөзгө ээ мыйзамдын ченемдери өткөн убакытка карата колдонулат деп бекитилген.

ФТТ өткөрүүнүн негизинде кийинкидей жыйынтыктарды алдык. Адвокаттардын көпчүлүгү, соттор өкүмдөрдү чыгарууда мыйзамдуулук принцибин көп учурларда бузушарын белгилешти. Адвокаттар мыйзамдуулук принцибин бузган учурлар сот адилеттигин ишке ашырган учурда, туура эмес квалификациялоо менен бузуу; КЖКнын ченемдерин туура эмес чечмелөө менен бузуу, адамга жаза дайындоодо, ошондой эле баш коргоо чарасын тандоодо бузуу баарынан көп учурда кездешет деп жооп беришти. Өзүнчө адвокаттар өз тажрыйбаларында, жоопкерчиликти же жазаны оордоштурууну белгилеген Мыйзам өткөн убакытка карата кайра колдонулбастыгы, тактап айтканда жосунду ал күчүнө киргенге чейин жасаган адамдарга карата колдонулбай тургандыгы менен байланыштуу Кылмыш-жаза кодексинин ченемин сот колдонгондугун кездештиришкенин белгилешти. Мыйзамдуулук принциби өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамында бекитилген, бирок адвокаттардын пикири

[41] УКУК ҮСТӨМДҮГҮ ЖӨНҮНДӨ БАЯНДАМА, Венециандык комиссия тарабынан 86-пленардык сессияда бекитилген (Венеция, 25-26-март, 2011-ж.). URL: https://www.venice.coe.int/webforms/documents/default.aspx?pdffile=CDL-AD(2011)003rev-rus

[42] Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамы, 20-июль, 2009-жыл, №241 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/202591/edition/1086595/ru

боюнча, укук колдонуу тажрыйбасы бул принципке шайкеш келбейт жана аны бузуу менен жүрүүдө.

Корутундулар

1. КР Кылмыш-жаза мыйзамында жосундун кылмыштуулугу жана анын жазаланууcу, ошондой эле башка кылмыш-жаза-укуктук кесепеттери өлкөнүн Кылмыш-жаза кодекси менен гана аныкталат. Жарандардын абалын начарлатуучу жоболор өткөн убакытка карата кайра колдонулбайт, ал эми жарандардын абалдарын жакшыртуучу жоболор милдеттүү түрдө колдонулат.

Сунуштамалар

1. КР Жогорку Кеңеши Кылмыш-жаза кодексинде бекитилген мыйзамдуулук принцибин эске алуу менен кылмыш-жаза-укуктук бөлүгүндөгү мыйзамдарды кабыл алуусу зарыл. Жосундун кылмыштуулугу жана анын жазаланууcу, ошондой эле башка кылмыш-жаза-укуктук кесепеттери өлкөнүн Кылмыш-жаза кодекси менен гана аныкталарын эске алуу.
2. КР Жогорку Кеңеши Эл аралык кылмыш-жаза сотунун Римдик статутун ратификациялоосу максаттуу.

3.2-Көзөмөлдөөчү көрсөткүч: Кылмыш-жаза кодексинин принциби юридикалык аныктык болуп эсептелет

Сыпаттамасы

Эл аралык стандарттар жаранга кайсы жосундар кылмыш-жаза укук бузуу болуп эсептелет, аларды жасагандыгы үчүн кайсы кылмыш-жаза-укуктук каражаттар белгиленген жана бул каражаттар кандай негиздерде жана шарттарда колдонулат же колдонулбайт экендигин алдын ала билүүсү үчүн Кылмыш-жаза кодексинин жоболору жеткиликтүүлүк, туруктуулук, жетиштүү түрдө тактык, бир маанилүүлүк жана алдын ала аныктык талаптарына жооп берүүсүн талап кылат. Алсак, Венециандык комиссиянын «Укук үстөмдүгү»[43] Баяндамасында өнүгүүнү жаратуу жана экономиканы илгерилетүү үчүн бул принцип сот тутумуна ишеним суроосу, укук үстөмдүгү жана бизнес-ишмердүүлүктүн жемиштүүлүгү үчүн олуттуу түрдө маанилүү болуп эсептелет. Бул ишенимге жетишүү үчүн мамлекет мыйзамдын (the law) текстин жеңил жеткиликтүү кылуусу керек. Ал ошондой эле, кабыл алынган мыйзамдарды (the laws) сактоого, аларды алдын ала аныктык ыкмасы менен жана логикалык ырааттуулукта колдонууга милдеттүү. Алдын ала аныктык мыйзам мүмкүн болушунча эрте – ал кабыл алынганга чейин жарыяланышы керек жана анын кесепеттери алдын ала анык болуусу зарыл дегенди түшүндүрөт: жаран өз жүрүм-турумун багыттоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу үчүн ал жеткиликтүү түрдө так жазылуусу зарыл. Муну менен катар эле, аны кыянаттык менен пайдаланууга жол бербеген процедуралар бар болгон учурда, чечим кабыл алган органга дискрециялык ыйгарым укуктар (кайсы жерде зарыл болсо) берилиши мүмкүн. Жаран өзүн өзүм билемдик аракеттерден (бийликтин) тиешелүү деңгээлде коргоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу үчүн, Мыйзамда мындай дискрециялардын көлөмүн жана аны ишке ашыруунун ыкмасын көрсөтүлүп турууcу зарыл.

[43] [1] УКУК ҮСТӨМДҮГҮ ЖӨНҮНДӨ БАЯНДАМА, Венециандык комиссия тарабынан 86-пленардык сессияда бекитилген (Венеция, 25-26-март, 2011-ж..). URL: https://www.venice.coe.int/webforms/documents/default.aspx?pdffile=CDL-AD(2011)003rev-rus

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Юридикалык аныктык принциби КР Кылмыш-жаза кодексинде бекитилген жана бул кылмыш үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуунун негиздерин, ошондой эле кылмыш курамынын бардык белгилерин (3-бер.1-б.) так белгилөө мүмкүнчүлүгү дегенди түшүндүрөт. Юридикалык аныктык принциби кылмыш-жаза мыйзамынын сапатын жогорулатуу менен байланыштуу, мыйзам аны кабыл алуу процессинде бардык коррупциялык тобокелчиликтерди жоюу максатында аны жарандар жана албетте укук колдонуучулар так түшүнүүлөрү үчүн жеткиликтүү жана так аныктыкка ээ болуусу керек. Кылмыш-жаза мыйзамы жазалануучу жосунду (аракетти же аракетсиздикти) так жана айкын аныктоого тийиш жана кеңири түшүндүрүүгө жатпайт (3-бер.1-б.). КР Конституциясынын 60-беренеси маанилүү жобону камтыйт, ага ылайык жоопкерчиликти белгилөөчү кылмыш-жаза мыйзамы аналогия боюнча колдонулбайт. Ошондуктан, Кылмыш-жаза кодексинде аналогияны колдонуудан баш тартуу дагы юридикалык аныктык принцибин ишке ашыруу менен байланыштуу.

КР Кылмыш-жаза кодексине талдоо жүргүзүү анын көптөгөн жоболору юридикалык аныктык принцибине шайкеш келбестигин көрсөттү, тактап айтканда туруктуулук, жетиштүү түрдө тактык, бир маанилүүлүк жана алдын ала аныктык талаптарына жооп бербейт, бул болсо кайсы жосундар кылмыштык укук бузуулар болуп эсептелет жана алар үчүн кандай таасир этүү чаралары караштырылуусу керектигин аныктоого мүмкүнчүлүк бербейт. 1.1-тиркемеде КЖК беренелеринде юридикалык аныктык принцибине шайкеш келбеген катары аныкталган түшүнүктөрдүн жана белгилердин болжолдуу тизмеси келтирилди. Кылмыш-жаза мыйзамы айрым учурларда баалоочу түшүнүктөрдү колдонууга жол берет, бул алардын иш жүзүндө (практикада) колдонулуу шарттарын жокко чыгарат, бул аркылуу кызмат адамдарынын дискрециялык ыйгарым укуктары да кеңири болот. Алардын болуусу адамдын жүрүм-турумунун формаларынын ар түрдүүлүгү менен байланыштуу. Баалоочу белгилерин түшүндүрүү укук колдонуучу тарабынан өз алдынча жүргүзүлөт. КР Кылмыш-жаза кодексиндеги баалоочу түшүнүктөрдү түшүнүүнүн жана түшүндүрүүнүн бүдөмүк чек аралары, көп учурда соттук каталарга алып келет. КР Жогорку Кеңеши мыйзам чыгаруучу орган болуу менен бирге, так эмес мыйзамдарды, өзгөчө кылмыш-жаза-укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү так эмес мыйзамдарды кабыл алуунун кесепетинен адамдын негизги укуктарына кош көңүл мамиле жасалбашы керек. Бул жеке адамдын мамлекеттен, анын органдарынан жана кызмат адамдарынан укуктук жактан маанилүү коргоого жетишүүгө алып келет.

Министрлер Кабинетинин жана КР Жогорку Кеңешинин жумушу бул укук колдонуучулардын дискрециондук ыйгарым укуктарын азайтууга багытталган стратегияда болуп саналат. Соттор тарабынан чыгарылып жаткан карама-каршылыктуу чечимдер юридикалык аныктык принцибине туура келбейт. Ошондуктан КР Жогорку соту тиешелүү түшүндүрмөлөрдү, өзгөчө баалоочу категориялар боюнча түшүндүрмөлөрдү кабыл алуу аркылуу түшүндүрмө бере алат, мына ушундайча бирдиктүү укук колдонууну орното алат.

Сот жана прокурордук кызматкерлердин, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин, ошондой эле илимий жамааттын, адвокаттардын жана жарандык сектордун катышуусундагы тереңдештирилген маектешүү жана фокус-топтук талкуулоо формасында жүргүзүлгөн маектешүү кийинкилерди көрсөттү. Адвокаттар жана соттор өздөрүнүн иш тажрыйбаларында баалоочу түшүнүктөрдү колдонууну кездештирген учурлар өтө көп болорун белгилешти. Прокурордук кызматкерлер бул суроону айланып өтүштү. Бирок КР КЖК тактоо жана

жеткиликтүү иштеп чыгуу зарылчылыгы бар экендигине баары макул болушту. Адвокаттар, жарандык сектор жана илимий кызматкерлер укук колдонуу ишмердүүлүгүндө алар өздөрү кабылышкан жана алардын көз караштары боюнча бирдиктүү түшүндүрүү зарылдыгы бар түшүнүктөрдү санап берүүгө аракет кылышты: укуктардын жана мыйзамдуу кызыкчылыктардын олуттуу бузулушу, өзгөчө ырайымсыздык, алсыз абал, залал келтирүү түшүнүгү, зыян келтирүү түшүнүгү, зыяндуу кесепеттер, бейбаштыкты үй-бүлөлүк зомбулуктан айырмалоо татаал, менчикке каршы кылмыштарда зыян келтирүү түшүнүгү, порнографиялык мүнөздөгү предметтер же буюмдар түшүнүгү, үй-бүлөлүк зомбулуктун курамындагы экономикалык зомбулук эмнени түшүндүрөт. Прокурор кызматкерлер КР КЖК бардык ченемдери *«нормалдуу»* түшүндүрүлгөн деп белгилешти. Респонденттер учурда күчүндө турган КР КЖК ченемдерин колдонуп практикада иштөө боюнча тажрыйбаларына таянып, КЖК ченемдери (баалоочу түшүнүктөр) тергөө-соттук тажрыйбада кеңири түшүндүрүлөт деген корутундуга келишти. Алардын пикирлери боюнча, мыйзамды колдонуу процессинде бардык карама-каршы түшүндүрүүлөрдү жоюу максатында кылмыштын курамынын бардык белгилери так жана ачык белгиленген, түшүндүрүлгөгн болушу керек. КЖК ченемдери иштеген болушу зарыл. Эгерде ченемдин анык эместиги орун алса, укук үстөмдүгү бузулат. Адвокаттар укук колдонуучулар айрым баалоочу түшүнүктөрдү кеңири түшүндүрүү орун алып жатканын белгилешти.

Корутундулар

1. Юридикалык аныктык принциби КЖК бекитилген. Бирок КЖК бир катар ченемдери так эмес берилген же укук колдонуучуга түшүнүксүз, бул болсо аталган принципке карама-каршы келет. Ошондой эле, Кылмыш-жаза кодексиндеги өзүнчө кылмыштардын курамынын жана Укук бузуулар жөнүндө кодекстеги укук бузуулардын курамынын бир катар түшүндүрмөлөрүндө (белгилеринде) шайкеш келбестик бар экендиги белгиленди (мисалы, үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө, порнографиялык мүнөздөгү предметтерди таратуу жөнүндө ж.б.). Укук колдонуучу тарабынан баалоочу түшүнүктөрдүн так эмес чечмеленишин жоюу максатында, КЖК айрым ченемдерин жеткиликтүү иштеп чыгуу зарылчылыгы бар. Кылмыштын курамын сыпаттоо үчүн колдонулуучу баалоочу белги чектерге ээ болуусу жана кеңири түшүндүрүүгө жатпашы керек, анткени кылмыш-жаза мыйзамынын мазмуну КЖК көрсөтүлгөнгө ылайык түшүндүрүлөт.

Сунуштамалар

1. КР Жогорку Кеңеши КЖК бекитилген юридикалык аныктык принцибин эске алуу менен кылмыш-жаза-укуктук бөлүгүндөгү мыйзамдарды кабыл алуусу маанилүү.

2. КЖК жоболору жаранга кандай жосундар кылмыштар болуп эсептелет жана аларды жасагандыгы үчүн кандай кылмыш-жаза-укуктук чаралар белгиленгенин алдын ала билүүсү үчүн жеткиликтүүлүк, туруктуулук, жетиштүү түрдө тактык, бир маанилүүлүк жана алдын ала аныктык талаптарына жооп берүүсү керек.

3. КЖК колдонулган түшүнүктөрдүн баалоочу мүнөзү алардын негизги белгилерине тиешелүү критерийлерди иштеп чыгуу аркылуу жеткиликтүү болуусу зарыл. Ушул максатта КЖК ревизия жүргүзүү жана Укук бузуулар жөнүндө кодексиндеги кайталанган беренелерди алып салуу зарыл (КЖК 177-б. жана УБжК 70-б.; КЖК 161-б. жана УБжК 109-б.), ошондой эле юридикалык аныктык принцибине шайкеш келбеген беренелер (мисалы, КЖК паракорчулук жөнүндө 336-бер.).

4. КР Жогорку сотуна сот тажрыйбасын системалуу түрдө жалпылаштырып туруу жана сотторго КЖК ченемдериндеги баалоочу белгилерди колдонуу боюнча түшүндүрүп туруу сунушталат.

3.3-КК. Кылмыш-жаза кодексинин принциби мыйзам алдында баарынын бирдейлиги болуп эсептелет

Сыпаттамасы

Бул принцип Адам укуктарынын жалпы декларациясынан келип чыгат,[44] ал караштырат: «бардык адамдар мыйзам алдында бирдей жана эч айырмасыз мыйзам менен бирдей корголууга укуктуу» (7-берене), ошондой эле «Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыдан»[45]: «Бардык адамдар соттордун жана трибуналдын алдында бирдей». Чет өлкөлөрдүн дипломатиялык өкүлдөрү ошол көз карндысыз мамлекеттеги дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн башчылары жана дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн мүчөлөрү болуп эсептелет. Алар аккредиттөөчү мамлекет ачык билдирилген макулдугун менен гана көз карандысыз мамлекеттин кылмыш-жаза юрисдикциясына баш иет. Жогоруда белгиленип өткөн адамдарды кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартууга карата аталып өткөн макулдук, аны - ал кызмат өтөп жаткан чет мамлекеттеги кылмыш-жаза юрисдикциясы иммунитетинен ажыратууну билдирүүсү дегенди түшүндүрөт. [46] Башка көз карандысыз өлкөдөгү дипломатиялык иммунитет укугунан башка адамдар дагы колдоно алышат. [47] Принцип мындай түшүндүрүлөт: 1) Бардык адамдар Кылмыш-жаза кодексинин алдында бирдей; 2) дипломатиялык жана ага теңештирилген иммунитеттерди эске албаганда, Кылмыш-жаза кодекси айрым бир кызматтарды ээлеген адамдар үчүн иммунитеттерди караштырбайт. Айрым адамдарга карата кылмыш-жаза укуктук каражаттарды колдонуунун өзгөчөлүгү Кылмыш-жаза кодексинде аныкталган бирдейлик принцибин бузуу болуп эсептелбейт (тактап айтканда, балдарга жана жаш адамдарга, улгайган жаш куракатагы адамдарга, акыл-эси соо эмес деп таанылган адамдарга, кош бойлуу аялдарга, чет өлкөлүк адамдарга, мурда кылмыштык укук бузууну жасаган адамдарга, кылмыштык укук бузууну жасоого кошо катышкан адамдарга, ошондой эле кызмат адамдарына).

---

[44] Адам укуктарынын жалпы декларациясы. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 217 А (III) резолюциясы менен кабыл алынган. 10-декабрь, 1948-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml

[45]Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты.Башкы Ассамблеянын 2200 А (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган. 6-декабрь, 1966-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

[46] Дипломатиялык мамилелер жөнүндө Вена конвенциясы. 1961-жылдын 18-апрелинде кабыл алынганURL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/dip_rel.shtml

[47] Эл аралык келишимдерге ылайык:

1)Консулдук мамилелер жөнүндө Вена конвенциясы. 24.04.1963 URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pdf/consular.pdf

2) Атайын миссиялар жөнүндө, 08.12.1969, анын ичинде чет мамлекеттердин өкүлчүлүктөрүнүн башчыларына, мүчөлөрүнө жана персоналына, эл аралык уюмдарга жана ал уюмдардын кызмат адамдарына дипломатиялык иммунитет укугун берүүнү караштырган келишимдер жөнүндө конвенция URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/sp_missions.shtml

3) Бириккен Улуттардын артыкчылыктар жана иммунитеттер жөнүндө конвенциясы. 13.02.1946 URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/privileg.shtml

4) БУУнун Адистешкен мекемелериндеги артыкчылыктар жана иммунитеттер жөнүндө конвенция.21.11.1947 URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/specagencies_privileges.shtml

5) Жарандык жана саясий укуктардын эл аралык пакты, 16.12.1966-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Мыйзам алдында бирдейлик принциби КР Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүндө бекитилген. Бул принцип кылмыш жасаган адамдар мыйзам алдында тең жана жынысына, расасына, тилине, майыптыгына, этностук таандыктыгына, диний ишенимине, жаш курагына, саясий же башка көз караштарына, билимине, ата-тегине, мүлктүк, кызматтык же башка абалына, ошондой эле басмырлоого негиз болгон башка жагдайларга карабастан мыйзам алдында бирдей жана кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылууга тийиш дегенди түшүндүрөт (КР КЖК 4-бер.). Кылмыш-жаза жоопкерчилигине айыпталуучунун мүлктүк жана кызматтык абалы таасирин тийгизбейт.

Кылмыш-жаза мыйзамы кылмыш жасаган ар бир адамга карата бирдей кодонулушу керек. Бул жерде сөз мыйзамда бекитилген кылмыш жоопкерчилигинин пайда болуусунун бирдиктүү негиздери жөнүндө болуп жатат. Бирок бул эрежеден сырткары иммунитетти аныктоо менен байланыштуу өзгөчөлүк жасалды. КР Кылмыш-жаза кодексиндеги 56-бапта адамдардын айрым категорияларына карата кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрү караштырылды. Бирок бул аларды кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу процедурасы менен гана байланыштуу суроолор.

КР Кылмыш-жаза кодексинин кылмышты жаап-жашыргандыгы үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин караштырган 367-беренесиндеги эскертүүдө караштырылган: *«Эскертүү. Мурда убадалашпаган жаап-жашыруу үчүн кылмыш жасаган адамдын жубайы, ата-энеси, балдары, асырап алуучулары, асырап алынганы, бир тууган же аталаш-жатындаш ага-инилери жана эже-сиңдилери, чоң атасы, таятасы, чон энеси, таенеси, небереси жоопкерчиликке тартылбайт»*. Мыйзамдагы бул жобо адамдардын тууганчылык сезимдерин сыйлоого байланыштуу адеп-ахлактык талаптарга негизделген.

КР Кылмыш-жаза кодексинин 68-беренесине ылайык өмүр бою эркиндигинен ажыратуу аялдарга, он сегиз жашка чейинки куракта кылмыш жасаган адамдарга, ошондой эле кылмыш жасаган учурда алтымыш жаш курагына чыккан эркектерге дайындалбайт. КР Кылмыш-жаза кодексинде балдарга карата дайындалуучу айып кыйла төмөндөтүлгөн өлчөмдө белгиленген (105-бер.), эркиндигинен ажыратуунун максималдуу мөөнөтү 10 жылдан ашык болушу мүмкүн эмес (108-бер.), бул жасалган кылмыштын оордугунан көз карандылуу түрдө градацияга дуушар болот, түзөтүү жумуштарынын жана чегерүүлөрдүн өлчөмү чоң адамдарга салыштырмалуу кыйла төмөн (107-бер.).

КР Кылмыш-жаза кодексине ылайык чет өлкөлүк жарандарга карата пробациялык көзөмөл колдонулбайт (82-бер.), эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза дайындалбайт (62-бер.). Чет жердик жарандар өлкөнүн чегинен чыгарылышы мүмкүн (КР КЖК 70-бер.).

Кош бойлуу аялдарга коомдук иштер түрүндөгү жаза дайындалуусу мүмкүн эмес (КР КЖК 61-бер.). КР КЖК 91-беренесинин негизинде кош бойлуу аял түзөтүү жумуштары түрүндөгү жазадан бошотулат. Соттолгон кош бойлуу аялга, он төрт жашка чейинки баласы бар аялга жазаны өтөө мөөнөтүн кийинкиге калтыруу караштырылган (өзгөчө оор кылмыш жасаган учурлардан тышкаркы учурда)[48].

КР КЖК 76-беренесинде кылмышка кошо катышуучуларга жаза дайындоо эрежелери бекитилген.

[48] КР КЖК 87-бер. карагыла. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

Кошо катышуу менен жасалган жосун үчүн жаза дайындоодо, сот кылмыштын жалпы жыйынтыгына кошо катышуучулардын ар бирөөсүнүн салымын эске алуусу керек. Ар бир кошо катышуучунун жоопкерчилиги катуу жекелештирилген.

Бул көрсөткүчкө талдоо жүргүзүү тереңдетилген маектешүүлөр буларды көрсөттү, негизинен мыйзам алдында бирдейлик принцибин соттордун иш жүзүндө колдонуусунда кыйынчылыктар, татаалдыктар жаралбайт жана бул принцип толук кандуу эле ишке ашат. Прокурорлордун көпчүлүгү баарынын мыйзам алдында бирдейлик принциби КР Кылмыш-жаза кодексинде бекитилгендигин жана сакталып жаткандыгын белгилешти. Бирок прокурорлордун бирөө бул принцип укук колдонуу тажрыйбасында сакталбай жаткандыгын белгиледи. Адвокат респонденттердин айрымдары бул принцип декларативдүү мүнөзгө ээ экендигин белгилешти. Бирок адвокаттардын көпчүлүгү мыйзам алдында бирдейлик принциби КР Кылмыш-жаза кодексинде бекитилгендигине карабастан, иш жүзүндө муну бузуу орун алган учурлар бар экендигин билдиришти. Себеби паракорчулук жана пайда болгон айрым артыкчылыктар, жынысына, тилине, улутуна, динге мамилесине, ишенимине, коомдук партияларга, уюмдарга мамилесине ошондой эле социалдык, мүлктүк же кызматтык абалына байланыштуу «көрүнүктүү» жана «көрүнүктүү эмес» басмырлоого негиз болгон башка жагдайлар болуп саналат. ЖКУ өкүлдөрүнүн пикирлери ар башкача болуп чыкты. Мыйзам алдында бирдейлик принцибин иш тажрыйбасында колдонууда айрымдары кыйынчылыктарды кездештиришпесе, ал эми башкалары кыйынчылыктар бар экендигин белгилешти.

Корутундулар

1. Жарандардын бирдейлиги принциби КР Кылмыш-жаза кодексинин 4-беренесинде бекитилгендиги менен өз ордун тапкан жана эл аралык стандарттарга шайкеш келет.

Сунуштамалар

1. Соттор жана укук коргоо органдары өздөрүнүн ишмердүүлүктөрүн Кылмыш-жаза кодексинде бекитилген жарандардын мыйзам алдындагы бирдейлиги принцибине ылайык ишке ашыруулары зарыл.

3.4-КК. Кылмыш-жаза кодексинин принциби пропорционалдуулук болуп эсептелет (шайкеш келүүчүлүк)

Сыпаттамасы

Принцип кылмыш-жаза укуктук каражаттар мамлекеттин укукка каршы жосундарга таасир этүүсүнүн акыркы каражаттары (ultima ratio) экендигине, пропорционалдуулук болсо кылмыш-жаза укук бузууларын алардын оордугунун деңгээли боюнча классификациялоого негиз катары кызмат кыларына негизделген, ал эми кылмыш-жаза жоопкерчилигинин каражаттары кылмыш-жаза укук бузуусунун деңгээлине жараша пропорционалдуу түрдө белгиленет жана анын оордугунун деңгээлине жана айыпкердин өздүгүнө жараша колдонулат. Кыйла катуу кылмыш-жаза укуктук каражат белгиленет жана колдонулат, эгерде анын максатына жетүү үчүн азыраак катуу каражат жетишсиз болсо. Мыйзамдын чегинде эркиндигинен ажыратылган адамдын негизги укуктарын ишке ашыруусуна чектөө, анын эркиндигинен ажыратуу фактысында аныкталган өлчөмдө коюлуусу мүмкүн. Бирок эч ким анын саясий же диний ишенимдеринен улам, же болбосо ал кандайдыр бир келишимдик

милдеттенмени аткарбагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратылуусу мүмкүн эмес. [49] Жарандын мүлкүн толугу менен конфискациялоого негизделген жазаны дайындоого тыюу салынат, анкени ал белгилүү бир чекке ээ эмес. Мамлекеттин аймагында мыйзамдуу негизде жашап жаткан чет өлкөлүк жаран, мыйзамдын негизинде кабыл алынган соттун чечими боюнча кылмыш-жаза укуктук же башка чараларды колдонуу тартибинде өлкөдөн чыгарылуусу мүмкүн эмес.[50]

Кылмыш-жаза кодекси ultima ratio болушу керек, тактап айтканда – зыян келтирген (адамга, коомго, мамлекетке) жосундар үчүн гана жоопкерчиликти караштыруусу зарыл, муну үчүн жетишсиз каражаттар кийинкилер болуп эсептелет:1) тартиптик, административдик жана жарандык-укуктук каражаттар; 2) коомдук (адеп-ахлактык) таасир этүүчү каражаттар; 3) копоративдик (жумушунан четтетүүчү) же саясий (ишеним көрсөтпөө вотуму) жоопкерчилик ж.б. каражаттары. Кодекстин талаптарын аткаруу үчүн азыраак катуу каражаттар жетишсиз болгон учурда гана кыйла катуу кылмыш-жаза укуктук каражаттар белгиленери жөнүндөгү эскертме кийинкилерди талап кылат: 1) мыйзамда кайсы каражат көбүрөөк, а кайсы азыраак катаал болуп эсептелери так белгиленген болушун; 2) мыйзам чыгаруучу белгиледи, мисалы эгерде айып пул түрүндөгү жаза дайындоо жетишсиз болгон үчүн гана эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза дайындады; 3) КЖК негизги милдеттерин аткаруу үчүн негизги жаза жетишсиз болгон учурда, айып пулду кошумча жаза катары колдонду («коопсуздук, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, коомдун, мамлекеттин жана эл аралык жамааттын кызыкчылыктарын кылмыштардан коргоо»); 4) «жеткиликтүүлүк» же «жеткиликтүү эместик» баарынан мурун келтирилген зыяндын оордугуна, күнөөнүн формасына, ошондой эле кылмыштын курамынын башка белгилерине тиешелүү конкреттүү жагдайларга негизделет.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Шайкеш келүүчүлүк принциби укуктун жалпы принциби болуп эсептелет жана мыйзамдуу жана негиздүү максаттар бар болгон учурда адам укуктарын жана эркиндиктерин чектөөнүн мыйзамдуулугун шарттайт. Бул жобо КР Конституциясынан келип чыгат. [51] Пропорционалдуулук кылмыш-жаза укук бузуусун деңгээли жана оордугу боюнча классификациялоого негиз катары кызмат кылат. Алсак, КР КЖК ылайык кылмыштар төрт категорияга бөлүнгөн, ал эми алардын оордугу бereненин санкциясында караштырылган жазалоонун максималдуу мөөнөтү менен аныкталат.[52]

Пропорционалдуулук принциби ошондой эле кылмыш-жаза жоопкерчилиги каражаттары кылмыш-жаза укук бузуунун оордугуна ылайык пропорционалдуу деңгээлде аныкталган жобого негизделген. Бул жобо КР КЖК 6-беренесинде Адилеттүүлүк принциби аркылуу чагылдырылган.[53]

---

[49] Кара Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты. 11-берене. Башкы Ассамблеянын 2200 А (XXI) резолюциясы тарабынан кабыл алынган. 16-декабрь, 1966-ж.. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

[50] Кара: Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты. 13-берене. Генералдык Ассамблеянын 2200 А (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган. 16-декабрь, 1966-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

[51] КР Конституциясынын 28-бер.2-пункту. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112213/edition/1202952/ru

[52] КР КЖК 19-берене. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

[53] КЖК 6-берене. Адилеттүүлүк принциби.

КЖК Өзгөчө бөлүгүндө адилеттик принцибинен санкциялар бөлүгү боюнча артка чегинүү бар. Мисалы, КР КЖК 144-беренесинин 2-бөлүгү этиятсыздыктан ден соолукка оор залал келтирген жосунду – коркунучтуу абалда таштап кетүү таштап кетүүнү караштырат. Бул берененин санкциялары 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга, же болбосо эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү же ансыз колдонбостон беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазалоону караштырат. Мындай кырдаалда минималдуу түрдө 50 миң сом айып пул төлөнөт же сот макималдуу түрдө 5 жылга чейин эркинен ажыратууну дайындай алат. Кеңири дискреция бар.

Салыштыруу үчүн КЖК 152-беренесинен мисал келтирүүгө болот, анда мыйзамсыз дарылоо иши этиятсыздыктан олуттуу залал келтирсе, максималдуу түрдө үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу жазасы дайындалышы мүмкүн. Мыйзам чыгаруучу аталган курамдарда бирдей залалдар келтирүү бар болгон учурда айып бузуу киргизген эмес.

Ушуга байланыштуу адамдардын аракеттеринин коркунучтуулугун баалоо критерийлери так эмес. КР КЖКда санкциялар кылмыштын оордугуна шайкеш келбеген бир катар мындай кылмыштарды камтыйт. Санкциялардын жеткиликтүү иштелип чыкпагандыгы укук колдонуудагы боштуктарды пайда кылат, мунун жыйынтыгында адамдын адилеттүү сот чечимдерине карата укуктарынын бузулушу менен зыяндуу.

Изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жүрүшүндө соттор пропорционалдуулук принциби (шайкеш келүүчүлүк) толук эмес деңгээлде ишке ашырылып жаткандыгын белгилешти. Буга кылмыштын кесепетинен улам келтирилген моралдык залалдын ордун толтырууга карата белгиленген максималдуу өлчөмдү караштырган ченемдерди; жазаны дайындоодо камакта кармоо баш коргоо чарасынын убактысын эсептөөнү караштырган ченемдерди ж.б. мисалга келтирсек болот. Сурамжылоого катышкан соттордун жасалган кылмыштын оордугунун жана аны үчүн жазалоонун катаалдыгынын шайкеш келүүсү суроосу боюнча пикирлери ар башкача болуп чыкты. КР КЖК караштырылган санкциялар адилеттүү болуусу (шайкеш келүүсү) жана кылмыштардын мүнөзүнө жана коомдук коркунучтуулугунун деңгээлине шайкеш келүүсү зарыл. Муну менен катар эле, соттордун пикири боюнча, жасалган кылмыштын оордугун жана аны үчүн дайындалуучу жазаны эске алуу менен санкцияларды түзүүнүн эрежесин иштеп чыгуу артыкчылыктуу болмок.

Сурамжылоого катышкан айрым прокурорлор алардын ишмердүүлүгүндө пропорционалдуулук принциптерин түшүнүүдө жана колдонууда кыйынчылыктар жаралбайт деп эсептешет. Башкалар болсо, муну соттордун жазаларды дайындоодогу ишмердүүлүгү менен байланыштырышат. Адвокаттардын көпчүлүгү пропорционалдуулук принциби иш жүзүндө толугу менен ишке ашырылбай жатат деп эсептешет. Адвокаттар учурда күчүндөгү мыйзамдардын алкагында иштеп жатышат, ошол эле учурда жазаларды дайындоо боюнча сот тажрыйбасына талдоо жүргүзүү зарыл.

ЖКУ өкүлдөрүнүн көпчүлүгү пропорционалдуулук (шайкеш келүүчүлүк) принцибин ишке ашыруудагы татаалдыктарды белгилешти. Мыйзам долбоорлоруна жана ченемдик-укуктук

1. Ушул Кодексте каралган жосунду жасаган адамга колдонулуучу жаза жана кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн башка чаралары кылмыштын оордугуна, ошондой эле аны жасаган жагдайларга ылайык келүүгө тийиш.. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

базага экспертизалардын жетиштүү эмес деңгээлде жүргүзүлүшү пропорционалдуулук (шайкештик) принцибин туура колдонууну татаалдаштырган көйгөй болуп эсептелет. ЖКУ өкүлдөрү кылмыштарды туура квалификациялоодогу жана жоопкерчиликтин адекваттуу чараларын колдонуудагы көйгөйлөрдү белгилешти.

Корутундулар

1. Пропорционалдуулук принциби (шайкеш келүүчүлүк) КР КЖК бекитилгенине карабастан, кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн өзүнчө беренелеринин санкциялары бул принципке шайкеш келбейт, аларды соттордун колдонуусу дагы ушундай эле абалда.

Сунуштамалар

1. КР ЖК сунушталатя: 1) санкцияларды кайра карап чыгуу жана КР КЖК Өзгөчө бөлүгүндөгү ченемдерде пропорционалдуулук (шайкеш келүүчүлүк) принцибин толук кандуу ишке ашыруу; 2) жасалган кылмыштын оордугун жана аны үчүн дайындалуучу жазаны эске алуу менен санкцияларды түзүүнүн эрежелерин иштеп чыгуу жана мыйзам чегинде бекитүү. 3) КЖК тиешелүү максатка жетүү үчүн азыраак катуу каражаттар жетишсиз болгон учурда, кыйла катуу кылмыш-жаза укуктук каражат белгиленет жана колдонулат деп аныктоо.
2. КР ЖС өлкөнүн соттору тарабынан жаза дайындоо жаатындагы сот тажрыйбасын жалпылаштыруусу зарыл.

3.5-КК. Кылмыш-жаза кодексинин принциби жоопкерчиликтин жеке мүнөзү болуп эсептелет

Сыпаттамасы

Бул принцип кийинкилерге негизделет:1) кылмыш-жаза-укуктук каражаттар жеке мүнөзгө ээ; 2) башка адамдардын жосуну үчүн коллективдүү жоопкерчиликке жана адамдын жоопкерчилигине жол берилбейт. Кылмыш-жаза-укук бузуусунун кошо катышуучуларына, ошондой эле юридикалык жактарга карата кылмыш-жаза-укуктук каражаттарын колдонуу жоопкерчиликтин жеке мүнөзү принцибин бузуу болуп эсептелбейт. Бул принцип эл аралык кылмыш-жаза укугунда таанылган.[54] Жоопкерчиликтин жеке мүнөзү принциби кылмыш-жаза укук бузууга кошо катышуу жөнүндө суроолорлу чечүүдө өзгөчө маанилүү. Кылмыш-жаза кодексинин жоболоруна ылайык, кошо катышуучулардын жоопкерчилиги ар башкача болушу мүмкүн, анын ичинде уюштуруучунун, тукуруучунун же көмөкчүнүн бир тарабынан, жана аткаруучунун – экинчи тарабынан. Мындай айырмачылыкты шарттаган жагдайлар кийинкилер болуп эсептелет:1) жеке кошо катышуучунун өздүгүн мүнөздөгөн белгилер;

2) аткаруучунун аракеттерин квалификациялоого таасирин тийгизе турган, КЖК Өзгөчө бөлүгүндөгү беренелерде кылмыштын белгилери катары караштырылган жана жоопкерчиликти оордотуучу жагдайлар боюнча кошо катышуучулардын кара ниеттигинин мазмунундагы айырмачылык; 3) аткаруучу тарабынан жасалган кошо катышуучулардын кара ниеттигинин мазмуну.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

[54] Мисалы, Эл аралык кылмыш-жаза сотунун Рим статутунун 25-беренесинин 2-пунктунда. URL: https://www.un.org/ru/law/icc/rome_statute(r).pdf

Кылмыш-жаза мыйзамына талдоо жүргүзүү каралып жаткан принцип КР КЖК 8-беренесинде бекитилгенин көрсөттү. Кодекс ошондой эле кылмыштын кошо катышуучуларынын жоопкерчилигин аткаруучу, жана экинчи тарабынан уюштуруучулар, тукуруучулар жана көмөкчүлөр кылмышка кошо катышуучулар деп караштырат (КР КЖК 41-бер.).

Бирок мыйзам чыгаруучу мындай жоопкерчиликтин чектерин адилеттүү аныктаган.[55] Ар бир кошо катышуучу жасалган кылмышта жеке күнөөсү бар болсо гана жоопко тартылат.

Ошондуктан биргелешкен кылмыштуу ишмердүүлүккө алардын ар биринин жекече кошкон салымынан көз карандылуу түрдө кошо катышуучулардын ар кандай жеке жоопкерчилиги аныкталат (ар бир субъекттин катышуусунун мүнөзү жана деңгээли эске алынат). Бул жобо адамдын жоопкерчилигинин жеке мүнөздөгү принциби жана жоопкерчиликти жекелештирүү принциби менен макулдашылат. Ушуга байланыштуу мыйзам чыгаруучу КР КЖК 76-беренесинде кылмыштардын кошо катышуучуларына жазаны дайындоонун жалпы башталышынын алкагында жазаларды дайындоону караштырган. Жасалган кылмышта ар бир кошо катышуучунун ролу жөнүндө соттук чечимди жүйөлөштүрүүнү эске алуу менен, өкүмдө анын жазалануусуна таасирин тийгизүүчү жагдайлар чагылдырылат. КР КЖК аткаруучунун эксцесси институту караштырылган, бул анын кошо катышуучулардын алдын ала бүтүмүнүн чегинен чыгуусу жана өзгөчө оор кылмыш жасоосу. Мына ушуга байланыштуу кара ниеттиктин мазмуну өзгөрөт жана кошо катышуучулардын ортосундагы субъективдүү байланыш жоголот. КР КЖК 45-беренесинде кылмышты аткаруучунун эксцесси түшүнүгү берилет. Кошо катышуучулар алар билген же анын жасалышын обьективдүү түрдө жол беришкен кылмышты биргелешип жасагандыгы үчүн гана жооп беришет.

Корутундулар

1. КР КЖК талдоо жүргүзүү анда кылмышты жасоого күнөөлүү адамдын жоопкерчилигин жекелештирүү жөнүндө ченемдер камтылгандыгын көрсөттү.

Бир тарабынан аткаруучу, жана экинчи тарабынан уюштуруучулар, тукуруучулар жана көмөкчүлөр көрсөтүлгөн кылмыштын кошо катышуучуларынын жоопкерчилиги КЖК тарабынан жөнгө салынган.

Сунуштамалар

Талап кылынбайт.

3.6-КК. Кылмыш-жаза кодексинин принциби гумандуулук болуп эсептелет

Сыпаттамасы

Эл аралык стандарттардын деңгээлинде [56] кылмыш-жаза мыйзамдарындагы гуманизм принциби кийинкилерди билдирет: 1) Кылмыш-жаза кодекси укукка каршы жосун жасаган адамдын укуктарын жана эркиндиктерин гумандуу түрдө чектөөнү караштырат; 2) Кылмыш-жаза кодекси кылмыш-жаза жоопкерчилигин дифференциялоонун кеңири мүмкүнчүлүгүн караштырат, тактап айтканда жазадан же аны өтөөдөн бошотууну, жазаны кыйла жеңил жазага алмаштыруну; Мыйзам тарабынан парламенттин амнистия жарыялоо

[55] См. ст 43 УК КР. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

[56] Кара. Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 5-беренеси.URL: https://www.un.org/ru/about-us/universal-declaration-of-human-rights
Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакттын 7-8-беренеси. Башкы Ассамблеянын 2200 А (XXI) резолюциясында кабыл алынган, 16-декабрь, 1966-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

укугу жана мамлекет башчысынын ырайым кылуу укугу караштырылган; 3) Кылмыш-жаза кодекси жазаны дайындоодо жазаны жеңилдетүүчү жагдайлардын толук эмес тизмесин эске алууну белгилейт; 4) Кылмыш-жаза-укуктук каражаттар дене бойлук азаптанууларды алып келүүнү же адамдык кадыр-баркты басынтууну максат кылбайт. Эч ким кыйноого же аеосуз, адамкерчиликсиз же анын ар намысын басмырлоочу мамилеге жана жазага кириптер кылынбашы керек. 5) эч ким өлүм жазасы өкүмүнө кабылбашы керек; 6) мажбурлоочу эмгекке соттун чечими боюнча эркиндигинен ажыратылган учурда гана жол берилет.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Талдоо жүргүзүү гуманизм принциби кылмыш-жаза саясатынын фундаменталдуу башталышы болуп эсептелерин жана КР КЖК бекитилгенин көрсөттү. Гуманизм принциби эң жогорку социалдык баалуулуктар катары инсанды, анын өмүрүн жана ден соолугун, ар-намысын жана кадыр-баркын, кол тийбестигин жана коопсуздугун коргоону камсыз кылуудан турат (КР КЖК 9-бер.). Гуманизм принциби кылмыш жасаган адамга гумандуу жана адилеттүү жазаны дайындоону камсыз кылуу менен байланыштуу. КР КЖК жазалардын негизги жана кошумча түрлөрүнүн катуу аныкталган тизмеси бекитилген. Алсак, 60-кодексте кылмыш жазаларынын негизги жана кошумча түрлөрү караштырылган. Негизги жазалар жеңил түрүнөн кыйла оор түрүнө өтүү менен жайгаштырылган, ошондой эле коомдон обочолонтуу менен байланышкан жана аны менен байланышпаган деп бөлүнөт. Жазалардын бул тизмеси акыркы болуп саналат. Сот Кылмыш-жаза кодексинде караштырылбаган жазаларды дайындай албайт. Жазалар тутуму жазалардын ар бир түрүнүн салыштырмалуу түрдөгү оордугун аныктоого жол берет. Бирок КР КЖК 60-беренесин изилдөө, жазалар тутумунун өзүндө бул жазалардын оордугунун деңгээли талашсыз эмес экендигин көрсөттү. Алсак, мыйзам чыгаруучу коомдук жумуштарга караганда эркинен ажыратуу кыйла оор жаза деп эсептеген. Жазалардын бири-бирине карата оордугунун деңгээлинин катыштыгы эрежеси жок болгондуктан, учурдагы жазалар тутумун ишке ашырууда татаалдыктар пайда болот. ФТТ өткөрүүдө укук колдонуучулар алардын пикири боюнча, кылмыш-жаза жазасынын түрү катары эркиндигинен ажыратууга караганда, коомдук жумуштар кыйла оор деп билдиришти.

Жазалар тутуму жазаларды тандоодо жекелештирген ыкманы ишке ашырууга жол берет. Кодекс жазалоону жекелештирүү жана кылмыш-жаза жоопкерчилигинин дифференциациялоо үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү караштырат. Тактап айтканда, КР КЖК кылмыш-жаза жоопкерчилигин дифференциациялоо мүмкүнчүлүгүн караштырат, бул кодекстин 15-бөлүмүндө «Жазадан жана аны өтөөдөн бошотуунун башка түрлөрү» бекитилген. Аларга кирет: 1) Кылмыштан арылтууда (декриминализация) жана мыйзамдын санкциясын жеңилдетүүдө жазадан бошотуу жана жазаны жеңилдетүү (86-бер.); Он төрт жашка чейинки куректагы балдары бар соттолгон адамдардын жазаны өтөөсүн кийинкиге калтыруу (87-бер.); Жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу (88-бер.); Оорусу жана кош бойлуулугу боюнча жазаны өтөөдөн бошотуу (91-бер.); Айыптоо өкүмүн аткаруунун эскирүү мөөнөтү өткөндүгү (92-бер.).

Мунапыс жана ырайым кылуу гуманизм принцибин ишке ашыруучу адистештирилген институттар болуп эсептелет. КР Конституциясынын 80-беренесинде мунапыс берүү актысын чыгаруу Парламенттин ыйгарым укуктары катары көрсөтүлгөн. Кылмыш иштери боюнча мунапыс айрым бир адамдар кылмыш-жаза жоопкерчилигинен же жазадан бошотулушу мүмкүн экендигин, ошондой эле анын жумшартылышына ишенүүсүн караштырат.

Мунапысты бийликтин жогорку бутагы тарабынан гуманизм актысы жана ырайым кылуу актысы катары кароо керек. Бирок мунапысты “баш аламан” кабыл алууга жол бербөө керек экендигин белгилей кетүү зарыл. Чечим кабыл алууга кандайдыр бир саясий же башка таасир этүүлөргө жол бербөө үчүн аны кабыл алуунун чектери так белгиленген болушу керек. Мунапыс камакка алуу жайларынан адамдын санын азайтуучу актка айлануусу мүмкүн эмес.

КР Конституциясынын 70-беренесинде Президенттин ырайым кылуу укугу бекитилген. КР КЖК 94-беренесинде дагы ушул укук карашырылган. Ырайым кылуу гуманизм принцибин соттолгон адамдын же жазасын өтөп жаткан адамдын абалын жеңилдетүү түрүндө ишке ашырат. КРнын Конституциясынын 58-беренеси дагы ар бир соттолгон адамга ырайым кылуу жана жазасын жумшартуу жөнүндө сурануу укугун берет. Ырайым кылуу адамдын өзүнүн өтүнүч келтирүүсүнүн негизинде ишке ашырылат жана КР Президентинин алдындагы ырайым кылуу сүроолору боюнча Комиссия тарабынан каралат.

КР КЖК 73-беренесинде жазаны жеңилдетүүнүн жагдайлары аныкталган. Булар анын толук эмес тизмеси экендиги гумандуулук жана адилеттүүлүк принцибинин кепилдиги экендигинен кабар берип турат, тактап айтканда сот жазаларды дайындоодо башка жагдайларды дагы жумшартуучу катары тааный алат дегенди түшүндүрөт.

2007-жылы Кыргызстанда өлүм жазасынын жокко чыгарылышы – адамга карата гуманизмдин колдонулуусунун маанилүү кадамы. КР КЖК жазалардын учурда иштеп жаткан тутумунда бул жазаны камтыбайт. Бул жобо КР Конституциясынын 25-беренесинде дагы бекитилген.

КР Конституциясынын 28-беренесинин 2-пунктунда мажбурлоочу эмгекке тыюу салуу бекитилген. КР КЖК мажбурлоочу эмгекти колдонууга тыюу салуулар караштырылган эмес.

КР КЖК 9-беренесинин 2-бөлүгүндө *«Жаза жана кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн башка чаралары дене бойго зыян алып келбеши же адамдын кадыр-баркын кемсинтпеши керек*» деп караштырылган. Бирок бул ченем Адам укуктарынын жалпы декларациясынын5-беренесине толугу менен шайкеш келбейт.[57] Жаза-аткаруу кодексинин[58] 9-беренесинин 2-бөлүгү гуманизм принциби кийинкидей баяндалган: «*Жазаларды жана кылмыш-жаза укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруу адамдын кадыр-баркын кемсинтүү, дене бойлук жана адеп-ахлактык азап тарттыруу, кыйноолорду колдонуу жана ырайымсыз мамиле көрсөтүү максаттарын көздөбөйт. Соттолгондорго мамиле кылуу алардын адамдык кадыр-баркынын кол тийгистигин таануунга, урматтоого жана укуктарын коргоого негизделген».* Ушуга байланыштуу КР КЖК жана ЖАК эл аралык стандарттарды эске алуу менен аларга шайкеш келтирүү зарыл.

Жаза жана кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн башка чаралары дене бойго зыян алып келбеши же адамдын кадыр-баркын кемсинтпеши керек. Гуманизм жазалардын акылга сыярлык жана адилеттүү чаралары дегенди түшүндүрөт. Татаалдык айрым ченемдерди укуктук колдонууда бул принципти ишке ашырууда пайда болот. Алсак, учурдагы КР КЖК пробациялык көзөмөлдү анча оор эмес жана азыраак оор кылмыштарды жасалганда гана эмес, жана оор кылмыштарга дагы колдонуу мүмкүн болду. Пробациялык көзөмөлдү

[57] АУЖД 5-беренеси караштырат::«Эч ким кыйноого же аеосуз, адамкерчиликсиз же анын ар-намысын басмырлоочу мамилеге жана жазага кириптер кылынбашы керек.
» URL: https://www.un.org/ru/about-us/universal-declaration-of-human-rights

[58] Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодекси. 31-январь, 2017-жыл. №17 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-31/edition/14117/ru

колдонуунун чөйрөсүн кеңейтүү (өзгөчө зордуктоо иштери боюнча) коомчулуктун нааразычылыгын жаратты.[59]

Сот тутумунун, прокуратура органдарынын, укук коргоо органдарынын, илимий жамааттын, адвокаттардын, жарандык коомдун кызматкерлери катышкан тереңдетилген маектешүүлөрдүн жана анкетирлөөнүн жыйынтыктары боюнча аныкталды, адвокаттардын 85% жана жарандык коомдун 66% ашык өкүлү соттор өкүмдү чыгарууда коррупцияга шек саноого кабылуу кооптонуусунан улам эркиндигинен ажыратууга альтернатива колдонгондон баш тартышат деп эсептешет. 2021-жылдагы жаңы КЖК кандай болуп калды деген суроого респонденттердин 41% Кылмыш-жаза кодекси мурункудай бойдон эле калды деп жооп беришти. 29% КЖК гумандуураак болуп калды деп жооп беришти, ал эми башка 29% катаалыраак болуп калды деп белгилешти. Ошондой эле адвокаттар иштер сотто каралып жаткан учурда судьялардын көңүлүн күнөөлүүнүн кылмышты жасагандыгына байланыштуу жеңилдетүүчү чараларга бурдурганына карабастан, судья өкүмдө сейрек учурда гана аларга көңүл бурган (болжолдуу түрдө жарымына же үчтөн бир бөлүгүнө) же аларды таптакыр көңүлүнө алган эмес, бул деген жазаларды дайындоодо жумшартуучу чараларды эске алуу механизминин жоктугун далилдеп турат. Онлайн анкетирлөөнүн жыйынтыгында респонденттердин 53% ырайым берүү натыйжалуу экендигине макулдугун билдиришти, а респонденттердин 51, 5% мунапыс институту тескеринче натыйжалуу эмес деп белгилешкен.

Ошондой эле, тилекке каршы КР КЖК жабырлануучуга карата гуманизм принцибин толук кандуу түрдө ишке ашырбайт, бул КР КЖК 1-беренесинин адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо боюнча максаттарына шайкеш келбейт.

Корутундулар

1. Гуманизм принциби КЖК караштырылган жана эл аралык стандарттарга шайкеш келет. КР КЖК 2007-жылдан баштап, өлүм жазасы өмүр боюу эркинен ажыратууга алмаштырылган.

2. КЖК 9-беренесинде жаза жана кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн башка чаралары дене бойго зыян алып келбеши же адамдын кадыр-баркын кемсинтпеши керек деген тыюу салынган.

3. КР КЖК беренелеринде мажбурлоочу же милдеттүү эмгекти караштырган жазалар камтылган эмес.

Сунуштамалар

1. КР ЖК КР КЖК иш боюнча аныкталган жумшартуучу жагдайлардын жыйындысында жазаларды дайындоонун механизмин караштыруусу максаттуу.
2. Гуманизм принцибин толук ачып берүү максатында, КР ЖК КР КЖК кийинки жобону бекитүү сунушталат: Эл аралык стандарттарга толук шайкеш келүү максатында «Эч ким кыйноого же аеосуз, адамкерчиликсиз же анын ар-намысын басмырлоочу мамилеге жана жазага кириптер кылынбашы керек».

[59] 1) Кыргызстан:жыныстык кол тийбестикке каршы 9 кылмыштын ичинен 6 учурунда реалдуу жазадан кутулушуудаURL: https://cabar.asia/ru/kyrgyzstan-v-shesti-sluchayah-iz-devyati-prestupniki-protiv-polovoj-neprikosnovennosti-izbegayut-realnyh-zaklyucheniya;
2) Соттор 88 зомбулукчуну пробацияга бошоткон. Минюсттун комментарийи URL: https://24.kg/obschestvo/276328_sudyi_otpustili_naprobatsiyu_88nasilnikov_kommentariy_minyusta/;
3) Бишкекте зордуктоого байланыштуу иштерде пробация колдонулбайт URL: https://daryo.uz/ru/2023/11/01/v-biskeke-ne-budut-primenat-probaciu-za-prestuplenia-svazannye-s-iznasilovaniem

3. КР ЖК КР КЖК мажбурлоочу эмгекке соттун өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратууда гана жол берилет» деген жобону киргизип бекитүү.

4. ЖК КР мунапыс институтун адамдарды кылмыш-жазадан бошотуунун (ШМБ, пробация ж.б.) тартибин караштырган, КР КЖК башка институттары менен карама-каршы келген жана конституциялык-укуктук жана кылмыш-жаза жазалоонун максаттарына шайкеш келбеген катары КР КЖКсынан этап этабы менен чыгаруу суроосун кароосу маанилүү. Өткөөл мезгилде «Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө» мыйзамда аныктоо керек 1) аларга карата мунапыс колдонулбай турган адамдардын жана кылмыштардын тизмесин; 2) мунапыс колдонула турган өзгөчө шарттарды.

5. КР ЖС кылмыш-жаза мыйзамын бир тараптуу колдонуу максатында жазаларды дайындоодо жумшартуучу жагдайларды колдонуу суроолору боюнча сот тажрыйбасын жалпылаштыруусу зарыл.

3.7-КК. Кылмыш-жаза кодексинин принциби кылмыш-жаза укуктук каражаттарды бир жолу колдонуу болуп эсептелет (ne bis in idem же "бир жосун эки жолу жазаланбайт")

Сыпаттамасы

Эл аралык стандарттардын деңгээлинде кылмыш-жаза укуктук ченемдерди колдонуунун бирдиктүүлүгү юридикалык жоопкерчиликти жүнгө салуунун фундаметалдуу жана универсалдуу принциби болуп саналат. Ал ЖСУЭП[60] бекитлген, 14-беренесинин 7-бөлүгүндө караштырылган: «*Эч ким ар бир өлкөнүн мыйзамына жана кылмыш-процессуалдык укугуна ылайык аягына чейин соттолгон же акталган кылмыш үчүн экинчи жолу соттолушу же жазаланышы мүмкүн эмес».* Теорияда дагы жана практикада дагы бир жолу колдонуу принциби бузулду деп эсептелбейт: 1) сот тарабынан ошол эле кылмыш-жаза укук бузуусу үчүн чет элдик сот тарабынан соттолгон адамга кылмыш-жаза укуктук чаралардын колдонулушу; 2) мыйзамда караштырылган процедурага ылайык өйдөдө турган соттун чечими боюнча иштерди кайра карап чыгуу. Принцип адам бир эле кылмыш-жаза укук бузуу үчүн Кылмыш-жаза кодекси боюнча кылмыш-жаза укуктук каражаттарга бир жолудан ашык тартылышы мүмкүн эмес, эгерде ал ошол укук бузуу үчүн акталган же соттолгон болсо дегенди түшүндүрөт.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Бул принцип КР Конституциясынын 50-беренесинин 3-пунктунда кийинкидей формула түрүндө бекитилген: *«Эч ким бир эле укук бузгандык үчүн эки жолу юридикалык жоопкерчилик тартпоого тийиш».* Бул жобо КЖК 6-беренесинин 2-бөлүгүндө өз ордун тапты. Жана бул принцип өзүнө кийинки тыюу салууларды камтыйт: 1) эгерде сот жаранга карата өкүм чыгарган болсо (актоочу же айыптоочу), анда ар кандай куугунтуктоолор жана жаза дайындоолордун болушу мүмкүн эмес; эгерде тергөөчү карата кылмыш ишин козгоодон баш тартса, же болбосо адамга карата кылмыш ишин козгоо кылмыш куугунтуктоонун кайсы аган стадиясында болбосун кыскартылса, анда ошол эле күнөө менен кайрадан куугунтуктоо жоюлат. Биринчи учурда, эгерде, мисалы КР жараны чет өлкөдө кылмыш жасаса жана чет жердик соттун өкүмү боюнча ошол жерде жазага тартылса, анда ал ошол эле жосун үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин кайрадан тартуусу мүмкүн эмес. Бул эреже КР КЖК 14-

[60] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты. Башкы Ассамблеянын 2200 А (XXI) резолюциясында кабыл алынган, 16-декабрь, 1966-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

беренесинде бекитилген. Демек, каралып жаткан принцип материалдык дагы, ошондой эле процессуалдык дагы мазмунга ээ.

КР КЖК талдоо жүргүзүү кайталануучулук жана бир жолу эместик институттары кодекстен 2007-жылдагы, ал эми рецидив институту – 2017-жылдагы реформалардын жыйынтыгында гана алынып салынганын көрсөттү.

КР КЖК 72-беренесинин 2-бөлүгүндө так эреже көрсөтүлгөн, ага ылайык жазаны дайындоодо сот жазанын алдын алуучу максаттарын эске алуу менен күнөөнүн даражасы жана жосун тарабынан келтирилген залалдын даражасына шайкеш келүүсүн эске алуусу зарыл.

Ошол эле учурда кыйла катуу жаза дайындалышы мүмкүн, бир гана учуруда эгерде азыраак катуу жаза жазалоонун максатына жетүүнү камсыз кыла албай жатса. Кылмыш-жаза мыйзамында рецидивдин болушу мурда иш жүзүндө жазалоону орунсуз түрдө оорлоштурулуусуна алып келчү.

Өкүмдү чыгарууда жеке өздүгү жөнүндө көрсөткүчтөр жазаны жеңилдетүү үчүн колдонулушу мүмкүн, бирок жоопкерчиликти жеңилдетүүчү жагдайларды эске алуу менен, алардын тизмеси жабык эмес (КР КЖК 73-бер.). КЖ КЖК ошондой эле жоопкерчиликти оордотуучу жагдайларды дагы караштырат (74-бер.). Бул жагдайлар адамдын жүрүм-турумуна кирет. Мурун соттолгондугунун эске алынышы жазаны оордотуу үчүн негиз катары кызмат кылбайт. Демек, рецидив үчүн кылмыштын курамын квалификациялоочу кыйла оор жазаны дайындоо ЖСУЭП бузуу катары каралышы мүмкүн. Бул эл аралык стандарт адамдарды бири-биринен айырмалап турган жекече өзгөчөлүгүнүн негизинде (макамы) адамды басмырлоого тыюу салат. Бул изилдөөнү жүргүзүү учурунда Президенттин администрациясы кылмыштардын рецидиви институтун кайтарууну сунуштады. КР КЖК, КПК жана КЖАК толуктоолор 2024-жылдын апрелинде коомдук талкуу үчүн жарыяланган.[61]

Изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн анкетирлөөдө, 43,9% респондент КР КЖК кайра жасоонун, бир жолу эместиктин жана рецидивдин квалификациялоочу белгилерин алып салуу жазалоонун жумшаруусуна алып келди деп белгилешти, ошол эле учурда респонденттердин 19,7% бул жазаны оордотууга алып келди, ал эми 42,4% – адилеттик принцибинин бузулушуна алып келди деп белгилешти.

ФТТ жүргүзүү учурунда прокурорлор өздөрүнүн укук колдонуу тажрыйбаларында кылмыш-жаза укуктук каражаттарды колдонуунун бир жолу колдонуу принцибинин бузулушун кездештирген эместигин белгилеп өтүштү. Бирок ошол эле учурда, КР КЖК кайра жасоонун, бир жолу эместиктин жана рецидивдин квалификациялоочу белгилерин алып салуу жазаны дайындоодогу кырдаалды, анын түрүн жана өлчөмүн начарлатты. Прокурорлор КЖКга рецидив түшүнүгүн кайтаруу зарыл деп эсептешет.

[61]1) КЖК «кылмыштардын рецидивин кайтаруу» сунушталат URL: https://kyrtag.kg/ru/news/v-uk-predlagaetsya-vernut-ponyatie-retsidiv-prestupleniy-;
2) Кыргызстанда кылмыштардын рецидивин катарууга ниеттенишүүдө URL: https://24.kg/vlast/291388_vkyirgyizstane_namerenyi_vernut_institut_retsidiva_prestupleniy/;
3) Президенттин администрациясы кылмыштардын рецидивин катарууну жана бир катар кылмыштар боюнча мүлктөрдү конфискациялоону аныктоону каалап жатат URL: https://kg.akipress.org/news:2088337/

Ошол эле учурда болсо, адвокаттардын көпчүлүгү КР КЖК кайра жасоонун, бир жолу эместиктин жана рецидивдин квалификациялоочу белгилерин алып салуу укук колдонуу процессине позитивдүү таасирин тийгизди деп белгилешти. Сурамжылоого катышкан адвокаттар КР КЖК рецидивди кайтарууга каршы ойлорун айтышты.

ЖКУ өкүлдөрү ne bis in idem принцибинин бузулушуна кабылган эмеспиз деп белгилешти. Муну менен катар эле, ЖКУ өкүлдөрүнүн КР КЖК кайра жасоонун, бир жолу эместиктин жана рецидивдин квалификациялоочу белгилерин алып салынышынын тийгизген таасири жөнүндө пикирлери ар башкача болуп чыкты: айрымдары бул жакшыртууларга алып келди, ал эми башкалары – начарлоого алып келди деп эсептешет, бирок көпчүлүгү маанилүү өзгөрүүлөрдү сезишкен эмес. КЖК рецидив түшүнүгүн кайтаруу жөнүндө суроо көз караштардын ар башка болуусуна жем таштайт. ЖКУ айрым респонденттери кылмыштарды туура квалификациялоо үчүн муну туура деп эсептешет, ал эми башкалары болсо – мындан зарылчылыкты көрүшпөйт.

Корутундулар

1. ne bis in idem же «бир жосун эки жолу жазаланбайт» принциби өлкөнүн Конституциясына жана КЖК бекитилген. Кылмыш-жаза кодексинен ne bis in idem принцибине шайкеш келбеген кийинкидей квалификациялоочу белгилери алынып салынган: кайра жасоо, бир жолу эместик жана рецидив.

Сунуштамалар

1. КР ЖК кайра жасоонун, бир жолу эместиктин жана рецидивдин квалификациялоочу белгилерин ne bis in idem («бир жосун үчүн эки жолу жазаланбайт») принцибин бузуучу катары КР Кылмыш-жаза кодексине кайтаруу сунушталбайт.

3.8-КК. Кылмыш-жаза кодекси жана ага киргизилген бардык өзгөртүүлөр анын принциптерине шайкеш гана келбестен, ошондой эле ага шайкеш колдонулуусу керек

Сыпаттамасы

Кылмыш-жаза кодексинин бардык жоболору жана ага андан кийин киргизилген өзгөртүүлөр анын принциптерине шайкеш гана келбестен, ошондой эле мыйзамда бекитилген процедура боюнча бул шайкештик ага өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн бардык учурларында текшерилүүсү керек. Кылмыш-жаза кодекси анын принциптерине ылайык колдонулуусу зарыл. Бул эреже колдонулбаса Кылмыш-жаза кодекси негизделген бардык принциптер өз маанисин жоготот.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кылмыш-жаза укуктук таасир этүүнүн натыйжалуулугу мамлекетте калыптанган кылмыш-жаза-укуктук саясатынын бар экендиги менен аныкталат. Кыргызстан кылмыш-жаза укуктук чөйрөдө мыйзам чыгаруу жаатындагы кайра түзүлүүнүн үч этабын басып өттү.

1-этап – бул көз карандысыздык мезгил аралыгындагы кылмыш-жаза мыйзамын калыптандыруу мезгили. Буга өткөөл убакта анча маанилүү эмес өзгөртүүлөр менен укуктун советтик тутумунун алкагында калган 1997-жылдагы КЖК шайкеш келет.

2-этап – бул кылмыш-жаза саясатын кыйла гуманитардык курамда ишке ашырууга багытталган 2017-жылдагы КЖК калыптануу мезгили. Бул эң биринчи кезекте жазалоонун максималдуу мөөнөттөрүн төмөндөтүү, кыска мөөнөттүү камакка алуудан баш тартуу, бул кылмыш-жаза жоругу деген жаңы түшүнүктү жана юридикалык жактардын жоопкерчилигин киргизүү, кылмыш-жаза укугу түшүнүгүн көп тармактуу институт катары кайра форматтоо,

административдик жоопкерчиликтин жаңы көз карашын калыптандыруу, пробация институтун киргизүү, жазаны дайындоо процессинде кеңири соттук кароону төмөндөтүү, санариптештирүү процессинин башталышы, кылмыштуулук боюнча статистикалык отчеттуулуктун бирдиктүү базасын түзүү ж.б. Бул этап кыйла уюштурулган болчу: заманбап мезгил аралыгындагы коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына жооп берген реформанын жаңы ыкмалары даярдалган жана Президент тарабынан бекитилген. Практикада иш алып барган кызматкерлерден жана илимий коомчулуктан турган жумушчу топтор түзүлгөн, көп сандаган долбоорду жарандык сектор менен талкуулоолор өткөрүлгөн. Мыйзамдардын долбоорлорун даярдоо 2012-жылдан башталган жана 2017-жылы гана аяктаган. Кодекстер 2019-жылы гана күчүнө кирген.

3-этап Кылмыш-жаза кодексине 2021-жылдагы жаңы реформа менен байланыштуу, мунун натыйжасында 1997-жылдагы кодекстеги, 2017-жылдагы кодекстеги бир катар институттарды кайтаруу орун алды. Кыска убакыттын ичинде кодекстин кандайдыр бир гибриддик форматы түзүлдү, акыркы жылдары кылмыштуулуук өзгөрүп жаткан учурда жаңы кодекске кылмышка каршы аракеттерди көрүүнүн өзүнчө бир эски механизмдерин киргизишти. Кылмыш-жаза укуктук чөйрөгө жаңы кодекстерди киргизүүнүн шашылыштыгы (жаңы УК жазууга жана анын өлкөнүн парламентинен өтүүсүнө 7 ай кетти) алардын тутумдуулугунун (системалуулугунун) өзгөрүүсүнө алып келди, ал эми КР КЖК көптөгөн ченемдери кылмыш-жаза-процессуалдык жана кылмыш-жаза аткаруу мыйзамдарынын ченемдерине шайкеш келбей калды. Мунун баары кодекстерге кайрадан өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн зарылдыгына алып келди.

Кылмыш-жаза мыйзамынын тез-тезден өзгөрүп турушу аны практикада ишке ашыруу процессинде алсыздантышы мүмкүн. Кылмыш-жаза укуктук таасир этүүнүн максаттарын андан ары калыптандыруу үчүн кырдаалга комплекстүү криминологиялык талдоо жүргүзүү зарыл.

Криминалдаштыруу (декриминалдаштыруу), пенализация (депенализация) процесси менен байланыштуу киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор, КР КЖК бекитилген негизги принциптерди эске алуу менен жүргүзүлүшү керек. Тигил же бул өзгөртүүлөрдү иштеп чыгуу жана кабыл алуу менен байланыштуу бул процедуралар мыйзам чыгаруу органында экспертиза жүргүзүү учурунда же адистерге кайрылуу жолу менен ишке ашырылуусу мүмкүн. Демек, жаңы кылмыш-жаза мыйзамын кабыл алуу – бул өлкөнүн кылмыш-жаза саясатын иш жүзүндө өзгөртүү. Ар бир толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү, тактап айтканда, мыйзам чыгаруунун бардык процесси кылмыш-жаза укугунун принциптерине негизделиши зарыл. Буга байланыштуу кабыл алынып жаткан мыйзам актыларын кылмыш-жаза принциптерине карата текшерүүнүн механизмдери түзүлүшү керек (КЖК, КПК, КЖАК).

Укук колдонуу ишмердүүлүгүнүн алкагында сот жана укук коргоо органдары мыйзамдык коллизиялар пайда болгон учурда, ошондой эле квалификациялоодо талаш-тартыш суроолор пайда болгон учурларда кылмыш-жаза укуктун принциптерин колдонууга милдеттүү. Акыркы учур боюнча укук колдонуучу Кылмыш-жаза кодексиндеги принциптер менен шайкештиги боюнча чечим кабыл алууга милдеттүү.

Жалпыга маалымдоо каражаттарына талдоо жүргүзүү 2021-жылдагы КЖК жүргүзүлгөн реформа башкы прокуратуранын жетекчилиги астында өткөрүлгөндүгүн көрсөттү.[62] Бирок юридикалык жамааттын бир бөлүгү кылмыш-жаза мыйзамынын жаңы долбооорлору (КЖК, КПК) жарандардын бакубаттыгы үчүн эмес, а укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүн жөнөкөйлөштүрүү үчүн жазылган деген ойлорун билдиришти.[63]

Парламенттин кызматкерлери менен маектешүү, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» [64] Мыйзамды изилдеп чыгуу кийинкилерди көрсөттү: КР ЖК регламенти 49-беренесинде мыйзамдын долбооруна экспертиза жүргүзүүнүн процедурасы караштырылган. КР ЖК Аппаратынын эксперттик кызматтары милдеттүү тартипте мыйзамдын долбоору боюнча укуктук, укук корогоочулук, гендердик, экологиялык, коррупцияга каршы экспертизалардын корутундуларын сунушташат. Кызматкерлер кылмыш-жаза мыйзамына киргизилип жаткан өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун КЖК бекитилген принциптерине шайкештигин текшерүүнү милдеттүү түрдө бекитүү боюнча сууроолорду, укуктук экспертизанын алкагында кошуу толугу менен мүмкүн деп белгилешти.

Изилдөөнүн жүрүшүндө КР Жогорку Кеңешине КР Жогорку Кеңешинин Спикеринин атына суроо-талап жөнөтүлдү. Суроо-талапта кийинкидей суроолор белгиленген:

1) Өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамына киргизилип жаткан өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун кылмыш-жаза мыйзамынын принциптерине шайкеш келүүсүн текшерүүнүн укуктук процедуралары (механизмдери) барбы? Эгер жок болсо, анда КР Жогорку Кеңешинде мыйзам долбооорлору демилгелерине эксперттик баа берүүнү жүргүзүүнүн кандай механизмдери бар? Жогорку Кеңештин регламентинде мындай процедуралар караштырылганбы?

2) Өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамына киргизилип жаткан өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун КР Конституциясында бекитилген адам укуктарынын стандарттарына шайкеш келүүсүн текшерүүнүн укуктук процедуралары (механизмдери) барбы? Эгер жок болсо, анда КР Жогорку Кеңешинде мыйзам долбооорлору демилгелерине эксперттик баа берүүнү жүргүзүүнүн кандай механизмдери бар? Жогорку Кеңештин регламентинде мындай процедуралар караштырылганбы?

Бирок суроо-талапка жооп ала алган жокпуз.

Корутундулар

1. КР ЖК өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамына киргизилип жаткан өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун кылмыш-жаза мыйзамынын принциптерине шайкеш келүүсүн текшерүүнүн укуктук процедуралары (механизмдери) жок. Бирок респонденттер белгилеп өткөндөй, өткөрүлүүчү укуктук экспертизанын алкагында бул процедураны киргизүүгө болот.

[62] 1) Айып пулдарсыз отургузуу жана Жоруктар жөнүндө кодексти алып салуу — КР КЖК жаңы долбоору URL: https://ru.sputnik.kg/20210510/kyrgyzstan-ugolovnyy-kodeks-izmeneniya-1052449627.html;
2) Жаңы Кылмыш-жаза кодекси: кайсы беренелерди оорлотушту, а кайсыларын жеңилдетиштиURL: https://24.kg/vlast/214399_novyiy_ugolovnyiy_kodeks_kakie_stati_ujestochili_akakie_gumanizirovali/

[63] Кыргызстандын жаңы кылмыш-жаза мыйзамы: артка кетүүбү же натыйжалуулукту көздөйбү? URL: https://cabar.asia/ru/novoe-ugolovnoe-zakonodatelstvo-kyrgyzstana-otkat-nazad-ili-kurs-na-rezultativnost

[64] Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Мыйзамы, 16-ноябрь, 2022 -жыл №106 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112437/edition/1359/ru

Сунуштамалар

1. КР ЖК кылмыш-жаза чөйрөсүндө кабыл алынып жаткан мыйзамдардын сапаттарын жогорулатуу максатында киргизилип жаткан өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун Кылмыш-жаза кодексинде караштырылган принциптерге шайкеш келүүсүн текшерүүнүн укуктук процедураларын караштыруу сунушталат.

3.Кылмыш-жаза кодексинин мейкиндикте жана адамдардын чөйрөсүндө колдонулушу

4-индикатор. Кылмыш-жаз кодекси аймактуулук принцибинин таасирин караштырат

4.1-КК. Өлкөнүн Кылмыш-жаза кодекси көз карандысыз мамлекеттин аймагында кылмыш-жаза укук бузуусун жасаган бардык адамдар жарандыгынан көз карандысыз түрдө, ушул мамлекеттин Кылмыш-жаза кодекси боюнча жоопкерчиликке тартылышат

Сыпаттамасы

Эл аралык келишимдерге ылайык көз карандысыз мамлекеттин аймагынын курамына кирет:а) кургактык, анын ичинде ачык деңиздеги аралдар; б) ички суулар; в) чек аралардын чектериндеги жер казынасы, анын ичинде аймактык деңиздин астындагы жер казынасы; г) кургактыктагы жана суудагы, анын ичинде аймактык деңиздин үстүндөгү аба мейкиндиги; д) аймактык деңиздер; е) континенталдык шельф; ж) өзгөчө деңиздик экономикалык аймак.

Ачык деңиз жөнүндөгү конвенция [65] (1-бер.) *«ачык деңиз»*, ал эми Континенталдык шельф жөнүндө конвенция[66] (1-бер.) «*континентальный шельф*» терминин ачып берет.

Кылмыш-жаза кодексин көз карандысыз мамлекеттин аймагына карата колдонуу максатында кийинкилер теңештирилиши керек:1) чет өлкөдөгү дипломатиялык же консулдук өкүлчүлүктөрдүн аймактары же объекттери; 2) чет өлкөдө жайгашкан аскердик бөлүктүн аймагы; 3) мамлекеттик аба кемелери, аскердик кемелери же чек ара кызматынын, жарандык коргонуу кызматынын, улуттук укук коргоо органдарынын жана бажы органдарынын кемелери; 4) эгемендүү мамлекетте катталган жана башка мамлекеттин ачык деңиздеринде, ачык аба мейкиндигинде, аймактык сууларында же аба мейкиндигинде жайгашкан башка деңиз, дарыя жана аба кемелери, эгерде акыркысы жасалган жосун боюнча өзүнүн юрисдикциясын белгилебесе; 5) суверендүү мамлекетке таандык болгон жана эч бир мамлекеттин аймагына кирбеген аймакта жайгашкан объект.

БУУнун Баңгизаттарын жана психотроптук заттарды мыйзамсыз айландырууга каршы күрөшүү жөнүндө конвенциясы 1988-ж. 20-декабрь[67] 4-беренесинде ар бир Тарап тиешелүү

[65] Ачык деңиз жөнүндө конвенция. 1958-ж.URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pdf/hsea.pdf

[66] Континенталдык шельф жөнүндө конвенция, 29-апрель, 1958-ж URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pdf/conts.pdf

[67] БУУнун Баңгизаттарын жана психотроптук заттарды мыйзамсыз айландырууга каршы күрөшүү жөнүндө конвенциясы 1988-ж. 20-декабрь. URL: https://www.unodc.org/pdf/convention_1988_ru.pdf

укук бузууга карата өзүнүн юрисдикциясын орното алат деп караштырат, бул учурларда: (i) бул укук бузуу анын аймагында жасалса; (ii) укук бузуу анын желегин көтөргөн кеменин бортунда же укук бузуу жасалган убактысы анын мыйзамдарына ылайык катталган аба кемесинин ичинде анын мыйзамдарына ылайык катталган аба кемесинин бортунда болсо. Ошондой эле, «Аба кемелеринин бортунда жасалган кылмыштар жана айрым башка актылар жөнүндө» Токия конвенциясы, 14-сентябрь, 1963-жыл,[68] учуп бара жатканда жасалган жосундун кылмыштуулугу, аба кемеси катталган мамлекеттин кылмыш-жаза мыйзамына ылайык аныкталары боюнча эрежени караштырат.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КЖК 13-беренесинде Кыргыз Республикасынын аймагында жасалган кылмыштар үчүн кылмыш-жаза мыйзамынын таасиринин тартиби жөнгө салынган. Эл аралык стандарттардын деңгээлинде кылмыш-жаза мыйзамынын мейкиндиктеги таасири анын аймактуулук принциби менен аныкталган. Бул принцип КР КЖК Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Мыйзамында 16-май, 2015-ж.№98 аныкталган Кыргыз Республикасынын бардык аймагында таасири жайылтылат экендигин билдирет.[69] Кылмыш-жаза кодекси ошондой эле Кыргызстандын чектеринен сырткары кылмыш жасоо учурларын дагы караштырат.[70]

Алсак, формалдуу курамы бар кылмыштын жасалган орду деп, жосундун өзү жасалган мамлекеттин аймагын эсептөө керек. Бул суроо кыйынчылыктарды жаратпайт. Материалдык курамы бар кылмыштын жасалган орду деп кылмыштын кесепеттери келтирилген орунду айтабыз. Узакка созулган кылмыштарда кылмыштын жасалган ордун аныктоо анын юридикалык жактан аяктаган ордуна же же бөгөт коюлган ордуна байланыштырылган. Уланып жаткан кылмыштын орду деп акыркы кылмыштуу эпизод жасалган орун эсептелет. Кылмышка даярдык көрүүдө же кылмыш жасоого аракеттенүүдө (аяктай элек кылмыш стадиясы) кылмыштын орду күнөөлүүнүн кылмыштуу ишмердүүлүгүнө бөгөт коюлган же мажбурлоо түрүндө токтотулган орду менен аныкталат. Кылмышты кошо катышуу менен жасаган учурда кылмышты жасоо орду деп аткаруучунун кылмыштуу ишмердүүлүгү аяктаган же бөгөт коюлган орду таанылат.

Токия конвенциясынын жобосунун таасири учуп бара жаткан бардык убакта, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигинин чектеринде чет элдик кеменин жүрүүсү учурунда дагы жайылтылат. Токия конвенциясында өзгөчөлүктү кийинкидей караштырылган учурлар түзөт, эгерде кылмыш-жаза жосуну Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигинде жасалса. Мындай учурларда кылмыш жоопкерчилиги караштырылат, эгерде: а) кылмыш мындай мамлекеттин аймагында кесепеттерди пайда кылса; б) кылмыш мындай мамлекеттин жараны тарабынан жасалса же анын жаранына карата жасалса, же болбосо мындай мамлекетте туруктуу жашаган жаран тарабынан жасалса же мындай жаранга карата жасалса; в) кылмыш мындай мамлекеттин коопсуздугуна каршы багытталса; г) кылмыш мамлекеттеги колдонулган учууларга жана самолеттердун маневрлөөсүнө тиешелүү эрежелерди же күн тартиптерин бузуу болсо; д) мамлекеттер

[68] Аба кемелеринин бортунда жасалган кылмыштар жана айрым башка актылар жөнүндө» Токия конвенциясы, 14-сентябрь, 1963-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/crimes_aboard.shtml

[69] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 16-май, 2015-ж.№ 98 «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө» URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111141/edition/1278744/ru

[70] 14-берене. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси. 28-октябрь, 2021-жыл №127 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

аралык көп тараптуу макулдашууларга ылайык, мамлекеттин бардык милдеттенмелерин аткаруусу үчүн сот жообуна тартуу зарыл.

Адвокаттык жамаатка сурамжылоо жүргүзүүдө аймактуулук принцибин ишке ашыруу суроолору боюнча укук колдонуу ишмердүүлүгүндө кандайдыр бир көйгөйлөр аныкталган жок.

Корутундулар

1. КР КЖК Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 16-майындагы №98 «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Мыйзамында аныкталгандай, КР КЖК таасири Кыргыз Республикасынын бардык аймагында жайылтылат. КР КЖК 13-беренесинде Кыргыз Республикасынын аймагында жасалган кылмыштар үчүн кылмыш-жаза мыйзамынын таасиринин тартиби жөнгө салынган.

Сунуштамалар

Талап кылынбайт.

5-индикатор. Кылмыш-жаза кодекси мамлекеттин чегинен сырткары жасалган кылмыш-жаза укук бузууларына карата жарандуулук принцибинин таасирин караштырат

5.1-КК. Көз карандысыз мамлекеттердин анда туруктуу түрдө жашаган жарандары жана жарандыгы жок адамдар, алар анын чегинен сырткары кылмыш жасаган учурда, эгерде тиешелүү эл аралык келишимдердебашкача каралбаса, көз карандысыз мамлекеттин Кылмыш-жаза кодекси боюнча жоопкерчиликке тартылат

Сыпаттамасы

Бул принцип жарандын жана мамлекеттин ортосундагы укуктук байланыштан келип чыгат, ал укуктардын бар экенинин гана билдирбестен, ошондой эле милдеттерди жана жоопкерчиликтерди дагы талап кылат. Эгер адам эки жарандыкка ээ болсо жана кылмышты үчүнчү мамлекетте жасаса, андаал кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылуусу керек болгон мыйзамдар *«натыйжалуу жарандык»* принцибинин негизинде аныкталат: бул адам туруктуу түрдө жашаган, кыймылсыз мүлккө ээ, иштеген жана өзүнүн укуктарын ишке ашырган мамлекеттин Кылмыш-жаза кодекси колдонулат.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КЖК 14-беренесинде кийинки эреже бекитилген: *«Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерде кылмыш жасаган Кыргыз Республикасынын жарандары, ошондой эле Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган жарандыгы жок адамдар, эгерде алар башка мамлекеттин сотунун өкүмү боюнча жазаланбаса, ушул Кодекске ылайык жоопкерчиликке тартылууга тийиш».* Жарандуулук принциби Кыргызстандын жараны кайда жашаганынан жана кайсы жерде экенинен көз карандысыз түрдө колдонулат. КР жараны, ошондой эле КРда жашаган жарандыгы жок адамдар өлкөнүн чегинен сырткары жасалган кылмыштар үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн. Демек, эки юрисдикция абалы пайда болот. Тактап айтканда жогоруда аты аталган адамдарга карата алар кылмышты жасаган өлкөдө гана эмес, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында дагы соттук куугунтуктоо жана жазага тартуу ишке ашырылуусу мүмкүн. Мына ошентип, Кыргызстанда дайыма туруктуу жашаган жарандар жана жарандыгы жок адамдар чет өлкөдө жасалган жосун үчүн кылмыш жоопкерчилигинен кача алышпайт.

Адамдын чет өлкөдө жасаган жосун үчүн жоопкерчилигин алдын ала аныктоо КЖК 17-беренесинде караштырылган. Бул эки учурда гана колдонулбайт: 1) эгер КР мыйзамдары менен күчүнө кирген эл аралык документтерде башкача каралбаса жана 2) эгерде башка мамлекеттин аймагында жасалган кылмыш КР кызыкчылыктарына тиешелүү эмес болсо. Сөз КР коопсуздугуна байланыштуу учурлар жөнүндө болуп жатат.

Адамда кош жарандуулуктун болуусу жана анын кылмышты үчүнчү мамлекетте жасашы суроосу мыйзам чегинде жөнгө салынган эмес. Мындай учурда *«натыйжалуу жарандык»* эрежеси иштеш керек болот. Тактап айтканда, ал адам туруктуу түрдө жашаган, кыймылсыз мүлккө ээ, иштеген жана өзүнүн укуктарын ишке ашырган мамлекеттин Кылмыш-жаза кодекси колдонулат.

Изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн сурамжылоо учурунда ЖКУ өкүлдөрү, кош жарандуулукка ээ, анын ичинде КР жарандыгына ээ адамдарды, алар тарабынан чет өлкөдө жасалган жосун үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартуу жөнүндө суроо татаал болуп эсептелет, ошондой эле эл аралык укуктун жана эки тараптуу макулдашуулардын принциптерин эске алууну талап кылат деп белгилешти. Респонденттер бул баарынан мурун укуктук суроого караганда, саясий суроо деп билдиришти, анткени Кыргызстан башка өлкөлөр менен кош жарандуулук жөнүндө макулдашууларга ээ эмес. Респонденттердин көпчүлүгү кош жарандуулукка ээ адамдарды Кыргыз Республикасынын аймагында дагы, ошондой эле анын чегинен сырткары дагы жасаган жосундар үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуунун эрежелерин мыйзам чегинде бекитүү зарыл деп эсептешет. Бул эл аралык стандарттарга жана сот адилеттиги ченемдерине ылайык, укуктук процедураларда ачыктыкты жана тактыкты камсыз кылууга жана соттук куугунтуктоо суроолорун жөнгө салууга жол ачат. Адвокаттар жоопкерчилик кылмыштын жасалган орду боюнча каралышы керек деп белгилешти. Кош жарандуулукка ээ адамдарды чет жерде жасаган кылмыш үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу боюнча адвокаттарды пикирлери эки тарапка бөлүндү. Соттор адамдын кош жарандуулукка ээ болуу менен чет жерде кылмыш жасаган учурларын өз тажрыйбаларында жолуктура электигин билдиришти.

Ошондой эле КР Улуттук статистикалык комитетине ушул суроо боюнча суроо-талап жөнөтүлдү, бирок алынган жооп ведомство мындай маалыматка ээ эмес экендигин көрсөттү.

Корутундулар

1. КР КЖК Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерде кылмыш жасаган Кыргыз Республикасынын жарандары, ошондой эле Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган жарандыгы жок адамдар, эгерде алар башка мамлекеттин сотунун өкүмү боюнча жазаланбаса, ушул Кодекске ылайык жоопкерчиликке тартылууга тийиш деген жобо камтылган.

2. Адамда кош жарандуулуктун болушу жана анын үчүнчү мамлекетте кылмыш жасагандыгы суроосу мыйзам чегинде жөнгө салынган эмес.

Сунуштамалар

1. КР ЖК кош жарандуулукка ээ адамдарды кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу тартибин жөнгө салган актыларды иштеп чыгуусу жана кабыл алуусу керек. Бул актылар эл аралык стандарттарды жана ченемдерди эске алуулары керек, ошондой эле башка мамлекеттер менен кызматташтыктын механизмдерин караштыруусу зарыл.

2. КР ЖК ошондой эле «натыйжалуу жарандык» институтун киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу сунушталат: адам туруктуу түрдө жашаган, кыймылсыз мүлккө ээ, иштеген жана өзүнүн укуктарын ишке ашырган мамлекеттин Кылмыш-жаза кодекси колдонулган учурду.

6-индикатор. Кылмыш-жаза кодекси эл аралык кылмыштарга жана эл аралык мүнөздөгү кылмыштарга карата универсалдуу юрисдикция принцибинин таасирин караштырат

6.1-КК. Көз карандысыз мамлекетте дайыма туруктуу түрдө жашабаган чет жердик жарандар жана жарандыгы жок адамдар анын чегинен сырткары кылмыш жасашса, эгерде бул тиешелүү эл аралык келишимдерде түз караштырылган болгон учурларда көз карандысыз мамлекеттин Кылмыш-жаза кодекси боюнча жоопкерчиликке тартылат

Сыпаттамасы

Универсалдуу юрисдикция принциби эл аралык укукка ылайык кылмыштуу деп таанылган жосунга карата, аны жасаган адамдардын жарандыгынан (жарандыкка бергенинен) жана алардын жасалган ордунан көз карандысыз түрдө мамлекеттин кылмыш-жаза юрисдикциясынын жайылтылышын түшүндүрөт. Универсалдуу юрисдикция бардык мамлекеттер тарабынан бөгөт коюуну актаган же эл аралык коомчулуктун саясаты тарабынан сунушталган кылмыштарга карата колдонулушу керек деп эсептелинет. Универсалдуу юрисдикция принцибин ишке ашыруунун негизи бир эле учурда эл аралык келишимдерде жана кадимки укукта болгон.[71] Эл аралык келишимдерде караштырылган учурлар деп кийинкилер эсептелет: а) жасалган кылмыштар эл аралык кылмыштарга же эл аралык мүнөздөгү кылмыштарга тиешелүү болсо; б) эл аралык келишимдерге ылайык, көз карандысыз мамлекетте дайыма туруктуу түрдө жашабаган чет жердик жаран же жарандыгы жок жана аталып өткөн кылмыштарды жасаган адам, кылмыш-жаза жоопкерчилиги иммунитетинен пайдаланбайт жана өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

Эл аралык кылмыштар жана эл аралык мүнөздөгү кылмыштар аларга карата эл аралык келишимдерде универсалдуу юрисдикция караштырылган кылмыштар болуп эсептелишет (т.а., кылмышты жасоо ордунан жана күнөөлүү адамдын жарандыгынан көз карандысыз болгон). Аларга геноцид, адамдарды сатуу жана баңгизат каражаттарын жана психотроптук заттарды мыйзамсыз айландырууга байланытуу айрым кылмыштар, барымтага алуу, аба кемелерин айдап качуу, пираттык, жасалма акча жасоочулук, эл аралык коргоодон колдонгон адамдарга карата кылмыштар ж.б.

Универсалдуу юрисдикция принциби аталып өткөн жосундарга мамлекеттин кылмыш-жаза юрисдикцияларын жайылтуу дегенди түшүндүрөт. БУУнун Катчылыгы бул сурооого эки ыкманы бөлүп көрсөтөт 1) эл аралык укуктар боюнча кылмыштар; 2) мамлекеттин ичиндеги мыйзамдарда же мамлекеттин эл аралык келишимдеринде белгиленген эл аралык кылмыштар. Универсалдуу юрисдикция принциби улуттук сотторго адамзатына каршы кылмыштарды жасоого күнөөлүүлөрдү алардын жарандыгынан же кылмышты жасоо ордунан көз карандысыз түрдө кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартууга жол берет. Бул принцип жазадан кутулбоону ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн берет. Айрым кылмыштардын эл аралык коомчулук үчүн коркунучтуулугу мамлекеттерди кылмыш ишин козгоого жана кылмышты жасоо ордунан, анын жарандыгынан же улутунан көз карандысыз түрдө кылмыш иштерин козгоого жана иликтөө жүргүзүүгө милдеттендирет. Универсалдуу

[71] Мисалы, 1949-жылдагы согуштан жапа чеккендерди коргоо боюнча бардык төрт Женева конвенциясынын 49, 50, 129, 146-беренелерде жана 12 бер. Эл аралык кылмыш сотунун Рим статуту.

юрисдикция бардык мамлекеттер тарабынан бөгөт коюуну актаган же эл аралык коомчулуктун саясаты тарабынан сунушталган кылмыштарга карата колдонулушу керек деп эсептелинет. Кылмыштар менен күрөшүүдө универсалдуу принципти колдонуу кийинкилерде караштырылган, тактап айтканда Баңгизат каражаттары жөнүндө бирдиктүү конвенцияда, 1961-жыл,[72] Аба кемелерин мыйзамсыз ээлеп алуу менен күрөшүү жөнүндө конвенцияда, 1970-жыл,[73] Терроризмге бөгөт коюу жөнүндө Европа конвенциясында, 1977-жыл,[74] БУУнун Улуттар аралык уюшкан кылмыштуулукка каршы конвенциясында, 2000-жыл (ага краата эки Протоколдо),[75] БУУнун коррупцияга каршы конвенциясында, 2003-жыл.[76]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргызстанда бул принциптин КЖКдагы мыйзамдуу орду бекитиле элек. Артыкчылык аймактуулук принцибине берилүүдө (жер принцибине). Универсалдуу принцип маанилүү болушу мүмкүн, анкени конвенциондук кылмыштарга карата биргелешип күрөшүү жана аракеттерди координациялоо ага негизделет. Бул принципти КЖК бекитүү зарыл.

Сот, прокурор кызматкерлеринин, ошондой эле адвокаттык, илимий жана жарандык коомдон турган респонденттердин арасында анкетирлөө жүргүзүү кийинкилерди көрсөттү. Респонденттердин көпчүлүгү универсалдуу юрисдикция принцибин киргизип кереги жок деп жооп беришти – 52%, бул принципти киргизүүгө – 24%, жооп берүү кыйын дегендер (алдын ала өздөштүрүү керек, билбейбиз) – 24%. Бул принципти киргизүүнү колдогондордун катарында илимий жамааттын өкүлдөрү болушту – 14%, жана прокуратура кызматкерлери – 5%. Бул изилдөө КР КЖК « 11-бөлүмүндө Эл аралык укук тартибине каршы кылмыштар» деп караштырылганына карабастан, универсалдуу юрисдикция принцибинин таасири механизмин түшүнүү жок экендигин ырастады.[77]

Тереңдештирилген маектешүүлөрдүн жыйынтыгында кийинкилер аныкталды. Судьялар универсалдуу юрисдикция принцибин киргизүү эрте деп эсептешет. КР КЖК бул принципти киргизүү боюнча прокурорлордун ой пикирлери ар башкача болуп чыкты. Адвокаттардын көбү универсалдуу юрисдикция принцибин киргизүү зарыл экендигине макулдугун билдиришти жана аны кылмыш-жаза мыйзамында караштырууну сунушташты. ЖКУ өкүлдөрүнүн көпчүлүгү болсо, КР КЖК универсалдуу юрисдикция принцибин киргизип кереги жок дешти, ал эми калгандары болсо мындай принципти кодекске киргизүү зарылчылык деп белгилешти.

Корутунду

1. Универсалдуу юрисдикция принциби Кыргыз Республикасынын КЖК бекитилген эмес.

Сунуштамалар

[72] Баңги заттар боюнча бирдиктүү конвенция, 1961-ж URL: https://www.unodc.org/pdf/convention_1961_ru.pdf

[73] Аба кемелерин мыйзамсыз басып алууга каршы күрөшүү боюнча Конвенция, 1970-ж URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/aircraft_seizure.shtml

[74] Терроризмге каршы күрөшүү боюнча Европа конвенциясы 1977-ж URL: https://rm.coe.int/168007733b

[75] БУУнун 2000-жылдагы Трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы конвенциясы (эки Протоколу менен)URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/orgcrime.shtml

[76] БУУнун Коррупцияга каршы Конвенциясы 2003-ж URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/corruption.shtml

[77] КР КЖКнин бул бөлүмү тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштарды (50-глава), ошондой эле согуштук кылмыштарды жана согуш мыйзамдарын жана каада-салттарын башка бузууларды (51-бөлүм) камтыйт.URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

1. КР ЖК универсалдуу юрисдикция принцибин КЖКда караштыруу сунушталат. Ансыз КР эл аралык кылмыштар жана эл аралык мүнөздөгү кылмыштар менен күрөшүү суроолорунда башка мамлекеттер менен эл аралык натыйжалуу кызматташуусу мүмкүн эмес.

7-индикатор. Өткөрүп берүү процедурасы (экстрадициялоо) эл аралык стандарттарга жооп берет

7.1-КК. Кылмыш-жаза кодекси Өткөрүп берүү (экстрадициялоо) эреже эмес, өзгөчө учур экендигин караштырат

Сыпаттамасы

Өткөрүп берүү (экстрадициялоо) – мамлекеттердин кылмыштуулук менен күрөшүүдөгү эл аралык кызматташуусунун формасы. Эрежеге ылайык, өткөрүп берүү (экстрадициялоо) тиешелүү мамлекеттердин ортосундагы келишимдердин негизинде ишке ашырылат. Бул эки тараптуу келишим же көп тараптуу конвенция болушу мүмкүн. АУЖД 14-беренесинде мындай деп караштырылган «1. Ар бир адам куугунтуктоодон башка өлкөлөрдөн башпаанек издөөгө жана андай башбаанектен пайдалануугa укуктуу. 2. Бул укук чындыгында саясий эмес кылмыш жасоого же Бириккен Улуттар Уюмунун максаттарына жана принциптерине карама-каршы келген жосундарга негизделген куугунтуктоо учурларында колдонулушу мүмкүн эмес».[78]

БУУнун Кылмыштуулук жана коомдук коопсуздук жөнүндө Декларациясында [79] мүчө-мамлекеттер коркунучтуу улуттар аралык кылмыштарда катышкан адамдарды куугунтуктоонун жана өткөрүп берүүнүн натыйжалуу процедураларын караштыруулары керек, бул адамдар «*өзүнө эч кандай коопсуз жай таппагандай*» болгондой деп көрсөтүлгөн.

Өткөрүп берүүнүн (экстрадициялоонун) ченемдик негиздери кийинкилер болуп эсептелет: 1) укук бузуучуларды өткөрүп берүү жөнүндө көп тараптуу жана эки тараптуу макулдашуулар; 2) кылмыш иштери боюнча укуктук жардам жөнүндө көп тараптуу жана эки тараптуу макулдашуулар; 3) кылмыштардын айрым түрлөрү менен күрөшүүгө тиешелүү келишимдердин өзүнчө жоболору.

Сөз белгилүү эл аралык конвенциялардын жоболору жөнүндө болуп жатат, тактап айтканда: бомба терроризми менен күрөшүү жөнүндө; терроризмди каржылоо менен күрөшүү жөнүндө; абаа кемелерин мыйзамсыз басып алуу менен күрөшүү жөнүндө; коопсуз жарандык авиацияга каршы багытталган мыйзамсыз актылар менен күрөшүү жөнүндө; эл аралык коргоодон пайдаланган, анын ичинде дипломатиялык агенттиктердеги адамдарга каршы кылмыштарга бөгөт коюу, ошондой эле жазалоо жөнүндө; ядердик материалды физикалык коргоо жөнүндө; БУУнун персоналын жана аны менен байланыштуу персоналды кайтартуу жөнүндө; вербовкалоо, жалдануучуларды каржылоо жана окутуу менен күрөшүү жөнүндө; деңизде жүрүүнүн коопсуздугуна каршы багытталган мыйзамсыз аракеттерге каршы күрөшүү жөнүндө; а; кыйноого же аеосуз, адамкерчиликсиз же анын ар-намысын басмырлоочу мамилеге жана жазага каршы; баңгизат каражаттары

[78] Адам укуктарынын жалпы декларациясы. БУУнун Башкы Ассамблеянын 217 А (III) резолюциясында кабыл алынган. 10-декабрь, 1948-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml

[79] Бириккен Улуттар Уюмунун кылмыштуулук жана коомдук коопсуздук жөнүндө декларациясы. Башкы Ассамблеянын 51/60 резолюциясы менен кабыл алынган. 12-декабрь, 1996-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/crime.shtml

жана психотроптук заттарды мыйзамсыз айлантууга каршы күрөшүү жөнүндө; Баланын укуктары жөнүндө Конвенцияга балдарды сатуу, балдар сойкулугу жана балдап порнографиясы боюнча Факультативдик протокол.

Өткөрүп берүү жөнүндө типтүү келишим 4-беренесинде өткөрүп берүүдөн баш тартуу үчүн жагдайлардын тизмесин караштырат.[80]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Конституциясынын 51-беренесинин 5-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын жараны республиканын чегинен чыгарылып салынуусу же башка мамлекетке өткөрүлүп берилүүсү мүмкүн эмес. Ушуга байланыштуу КР КЖК 15-беренесинде мындай деп караштырылган: *«Башка мамлекеттин аймагында кылмыш жасаган Кыргыз Республикасынын жарандары, өткөрүп берүүгө жатпайт»*.

Кылмышкерди өткөрүп берүү жөнүндө өтүнүч келип түшкөн учурда экстрадициялоо улуттук мыйзам менен жөнгө салынат. Бирок КР чегинен тышкары жерде кылмыш жасаган жана анын аймагында жүргөн чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар, эгерде мындай өткөрүп берүү эл аралык келишимде ал эми эл аралык келишим жок болгон учурда – эки тараптуу мамиленин принцибинин шарттарында каралса кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу же болбосо жаза өтөө үчүн башка мамлекетке өткөрүп берилиши мүмкүн (КР КЖК 15-бер.2-б.).

Заманбап шарттарда кылмышкерлерди экстрадициялоо мамлекеттин суверендүү укуктарына түздөн түз таасирин тийгизген көйгөй болуп эсептелет. КР КПК кылмышкерлерди өткөрүп берүү процедурасы бекитилген. Ар башка мамлекеттердин юрисдикцияларындагы айырмачылыктарга карабастан, экстрадициялоо жазадан кутулбоо принцибин ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүк берет. КР КПК 60-бөлүмүндө адамды кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу же өкүмдү аткаруу үчүн өткөрүп берүү жөнүндө суроо жөнгө салынат. Бул процедура КР КПК 522-беренесинде караштырылган.

Мына ошентип, кылмышкерди өткөрүп берүүнүн 2 негизи караштырылган: эл аралык келишимдин жана өз ара жардамдашуу принцибинин негизинде.

КПК 532-беренесинде кылмышкерди өткөрүп берүүгө жол берилбеген учурлар караштырылган. Кылмышкерди өткөрүп берүү жөнүндө өндүрүш ага карата кылмыш-жаза процессуалдык мажбурлоону колдонууга жол берет. Көп учурда экстрадициялык камоо колдонулат. Бул адамды өткөрүп берүү процедурасынын өзүн камсыз кылуу максатында зарыл. Кылмышкерди экстрадициялык камоо процедурасы КР КПК 529-беренесинде караштырылган жана процессуалдык мажбурлоонун башка чараларын колдонууну караштырбайт. Чет мамлекеттин жаранын өткөрүп берүү жөнүндө суроо-талапты иш жүзүндө аткаруу КР прокуратура органдарына жүктөлөт жана КПК 530-беренесинде жөнгө салынган. Өзүнө карата экстрадициялоо жөнүндө чечим кабыл алынган адам кабыл алынган чечимдин үстүнөн даттанууга укуктуу. Бул процедура КР КПК 536-беренесинде жөнгө салынган.

Корутундулар

[80] Өткөрүп берүү жөнүндө типтүү келишим. Башкы Ассамблеянын 45/116 резолюциясы менен кабыл алынган 14-декабрь, 1990-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/extradition.shtml

1. КР Кылмыш-жаза кодексинде жана КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде кылмышкерлерди өткөрүп берүү (экстрадициялоо) процедураларын караштырылган жана бул эл аралык стандарттарга шайкеш келет.

Өткөрүп берүүдө (экстрадициялоо) өз ара жардамдашуу принциби бекитилгенине карабастан, кылмыш-жаза мыйзамында өткөрүп берүүдө (экстрадициялоо) өз ара жардамдашуу принцибин ишке ашыруунун механизми караштырылган эмес.

Сунуштамалар

1. Кыргыз Республикасынын ЖК КР Кылмыш-жаза-процессуалдык кодексинде КР Кылмыш-жаза кодексинде өткөрүп берүүдө (экстрадициялоо) караштырылган өз ара жардамдашуу принцибин ишке ашыруунун механизмдерин караштырып чыгуу сунушталат.

4.Кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелери

8-индикатор. Кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелер ыктыярдуу түрдөгү аткарууга жатат

8.1-КК.Кылмыш-жаза кодекси учурдагы эл аралык келишимдерге ылайык келет, алардын милдеттүү күчүнө макулдугун эгемендүү мамлекеттин парламенти берген.

Сыпаттамасы

Эгерде милдеттүүлүккө макулдук берүү үчүн эл аралык келишим берилсе, анын аткарылышы Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кылса, анда мындай өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамдын долбоору ратификациялоо (кошулуу) жөнүндө мыйзам долбоору менен чогуу парламенттин кароосуна сунушталат жана алар чогуу каралып кабыл алынат. Эл аралык келишимдерге мүчө мамлекеттердин милдети катары айрым учурларда аларга айрым жосундарды криминалдаштыруу сунушталат. Ошол эле учурда кылмыш-жаза укук бузуулардын, анын ичинде квалификацияланган укук бузуулардын курамынын конкреттүү белгилери белгиленет жана эреже катары зарыл терминдердин аныктамасы берилет, бул болсо юридикалык аныктык принцибин сактоо контекстинде өзгөчө маанилүү.[81]

[81] Кара: мисалы, Ачык деңиз жөнүндө конвенция 1958-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pdf/hsea.pdf ; Психотроптук заттар жөнүндө конвенция, 2- февраль, 1971-ж. URL: https://www.incb.org/documents/Psychotropics/conventions/convention_1971_ru.pdf Баңги зат каражаттары жөнүндө бирдиктүү конвенция 1961-ж. Ага 1972-жылдагы Протоколго ылайык киргизилген толуктоолор менен чогуу. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pdf/single1961.pdf БУУнун Баңги заттарын жана психотроптук каражаттарды мыйзамсыз айландырууга каршы күрөшүү жөнүндө конвенциясы. 20-декабрь, 1988-ж. URL: https://www.unodc.org/pdf/convention_1988_ru.pdf Расалык басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө эл аралык конвенция.Башкы Ассамблеянын 2106(XX) резолюциясы менен кабыл алынган. 21-декабрь, 1965-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/raceconv.shtml ; Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жок кылуу жөнүндө конвенция. Башкы Ассамблеянын 1979-жылдын 18-декабрындагы 34/180 резолюциясы менен кабыл алынган. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/cedaw.shtml ; Геноцид кылмышынын алдын алуу жана

Тиешелүү жоболор ошондой эле бир нече терроризмге каршы актыларда камтылган.[82] Мындан сырткары, айрым келишимдерде милдеттендирүүчү же сунуштоочу жоболор камтылган 1) айрым бир жосундарды жасоого аракет кылууну жана аларга даярдануу криминалдаштыруу; 2) айрым бир жосундарга көмөкчү болгондугу же кошо катышуунун башка түрү үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартуу; 3) айрым бир жосундарга карата юрисдикциянын аймактык, универсалдык же реалдуу принциптерин аныктоо; 4) айрым жосундарга карата кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуунун жана сот өкүмүн чыгаруунун мөөнөтү өткөндүгүнүн өзгөчө мөөнөттөрүн бекитүү.

жазалоо жөнүндө Конвенция. 1948-жылдын 9-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 260 (III) резолюциясы менен кабыл алынган. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/genocide.shtml ; Бириккен Улуттар Уюмунун Коррупцияга каршы Конвенциясы. Башкы Ассамблеянын 2003-жылдын 31-октябрындагы 58/4 резолюциясы менен кабыл алынган. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/corruption.shtml.

[82] 1) Аба кемесинин бортунда жасалган кылмыштар жана айрым башка актылар жөнүндө Конвенция. 1963-жылы 14-сентябрда Токиодо кол коюлган.URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/crimes_aboard.shtml

2) Аба кемелерин мыйзамсыз басып алууга каршы күрөшүү боюнча Конвенция. 1970-жылы 16-декабрда кабыл алынган.URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/aircraft_seizure.shtml

3) Жарандык авиациянын коопсуздугуна каршы мыйзамсыз аракеттерге каршы күрөшүү жөнүндө конвенция (23-сентябрь 1971-ж.)URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/aviation_security.shtml

4) Эл аралык коргоого алынган адамдарга, анын ичинде дипломатиялык агенттерге каршы кылмыштардын алдын алуу жана жазалоо жөнүндө конвенция (14-декабрь 1973-ж.)URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/int_protected_persons.shtml

5) Барымтага алууга каршы эл аралык конвенция (17-декабрь, 1979-жыл)URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/hostages.shtml

6) Ядролук материалдарды физикалык жактан коргоо боюнча конвенция (3-март 1980-жыл) URL: https://www.iaea.org/sites/default/files/223_404895762_ru.pdf

7) 1971-жылдын 23-сентябрындагы Конвенцияга кошумча (1988-жылдын 24-февралы) Эл аралык жарандык авиацияны тейлеген аэропорттордо укукка каршы зомбулук аракеттерине бөгөт коюу протоколу: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions / Airports.shtml

8) Деңизде навигациянын коопсуздугуна каршы мыйзамсыз аракеттерге бөгөт коюу боюнча Конвенция (10-март 1988-жыл) URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/maritme.shtml

9) Континенталдык шельфте жайгашкан стационардык платформалардын коопсуздугуна каршы мыйзамсыз актыларга бөгөт коюу боюнча 1988-жылдын 10-мартындагы Конвенцияга Протокол (1988-жылдын 10-марты) URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/ conventions/shelf_security.shtml

10) Пластмассадан жасалган жардыргыч заттарды аныктоо максатында белгилөө жөнүндө конвенция (1991-ж. 1-март) URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/markconv.shtml

11) Террористтик жардырууларга бөгөт коюу боюнча эл аралык конвенция (15-декабрь, 1997-жыл) URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/bombing.shtml

12) Терроризмди каржылоого каршы күрөшүү боюнча эл аралык конвенция (9-декабрь, 1999-жыл) URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/terfin.shtml

13) Ядролук терроризм актыларына каршы күрөшүү боюнча эл аралык конвенция (2005-жылдын 13-апрели) URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/nucl_ter.shtml

14) Ядролук материалдарды физикалык жактан коргоо боюнча Конвенцияга оңдоо (2005-жылдын 8-июлунда) URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pdf/nucmat.pdf

15) Деңизде жүрүүнүн коопсуздугуна каршы мыйзамсыз аракеттерге каршы күрөшүү боюнча Конвенцияга тиешелүү протокол (2005-жылдын 14-октябры) URL: https://sherloc.unodc.org/cld/uploads/res//treaties/definitions/treaty/protocol_to_the_convensation_for_the_convenstion sea_of_navigation_2005_html / Деңиз конвенциясына протокол R.pdf

16) Континенталдык шельфте жайгашкан стационардык платформалардын коопсуздугуна каршы мыйзамсыз аракеттерге бөгөт коюу протоколуна тиешелүү протокол (2005-жылдын 14-октябры) URL:https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/shelf_security.shtml

5) айрым бир жосундар үчүн, анын ичинде эркиндигинен ажыратуу, кылмышты жасоо предметтерин жана жасоо каражаттарын конфискациялоо сыяктуу жосундар үчүн тигил же бул санкцияларды бекитүү; 6) айрым бир жосундарды жасаган адамдарды өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу; 7) юридикалык жактарга карата кылмыш-жаза мүнөзүндөгү чараларды караштыруу мүмкүнчүлүгүн бекитүү.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Кылмыш-жаза мыйзамы эл аралык келишимдердин өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамы бөлүгүндөгү кылмыш-жаза укуктук жоболорду тааныйт, себеби бул Кыргызстандын эл аралык милдеттенмелерин ишке ашыруусу менен байланыштуу.[83] КР Жогорку Кеңеши ратификациялоодон өткөн эл аралык келишимдер улуттук мыйзамдарга милдеттүү түрдө имплементацияланышы керек. Демек, эл аралык келишимдерди КР Кылмыш-жаза кодексинде имплементациялоодо учурдагы улуттук юридикалык техниканы эске алуу менен, келишимдин мазмунун сактоо маанилүү.

Ошондуктан эл аралык келишимдин жоболорун иш жүзүндө КР КЖК текстине кошуу кодексти эл аралык ченемдерге шайкеш келтирүү менен байланыштуу.[84]

КР КЖК 406-413-беренелери эл аралык келишимдерге түз кайрылууну караштырат. Эл аралык келишимдерде караштырылган ченемдер соттор тарабынан алар Кылмыш-жаза кодексинде түз көрсөтүлүп турган кырдаалдарда колдонулат, тактап айтканда шилтеме келтирүү ченеми орун алган.

Изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн ФТТ кийинкидей суроолор караштырылды: 1) Кылмыш-жаза мыйзамында Кыргыз Республикасы кабыл алган эл аралык милдеттенмелер киргизилгенби жана аткарылып жатабы? 2) Улуттук кылмыш-жаза мыйзамдарында эл аралык милдеттенмелер кандайча киргизилген же имплементацияланган? 3) Алар кылмыштардын конкреттүү курамдары түрүндө же принциптер түрүндө караштырылганбы? жана соттор чечимдерди же өкүмдөрдү чыгарууда эл аралык конвенцияларга канчалык тез-тезден шилтеме келтирип турушат?

Соттор сот адилеттүүлүгүнө жөнөтүүдө КР Кылмыш-жаза кодексин гана жетекчиликке алабыз деп жооп беришти. Алар эл аралык келишимдерге эч качан шилтеме келтиришпейт. Прокурорлор КР кылмыш-жаза мыйзамы учурдагы эл аралык келишимдерге шайкеш келет деп эсептешет. Адвокаттар болсо юридикалык жактардын кылмыштарды жасагандыгы үчүн жоопкерчиликтерин эске албаганда, КР КЖК эл аралык милдеттенмелер киргизилген деп жооп беришти. Адвокаттар, айрым бир адвокаттардын кыйноолор жана ырайымсыз мамилелер жөнүндө иштер боюнча эл аралык актыларга кайрылган учурларынан башка бардык учурда соттор дагы, прокурорлор дагы жана адвокаттар дагы эл аралык конвенцияларга шилтеме келтиришпей тургандыктарын белгилешти. ЖКУ өкүлдөрүнүн көбү эл аралык милдеттенмелер КР Кылмыш-жаза кодексинде камтылганын билдиришти, бирок аларды ак ниеттүүлүк менен аткаруу жаатында суроолор жаралат. Ошондой эле соттор жана адвокаттар эрежеге ылайык чечимдерди чыгарууда улуттук мыйзамдардын ченемдерине гана шилтеме келтиришерин айтышты. Эл аралык конвенцияларга шилтеме келтирүү сейрек учурда гана, улуттук мыйзамдар тиешелүү ченемдерди чагылдырбаган учурда гана ишке ашырылат.

[83] КР КЖК 1-бер.. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

[84] КР КЖК 2-бөлүк..URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасында эл аралык конвенциялардын жана келишимдердин көбү кабыл алынган жана ратификацияланган. Эл аралык келишимдерди ратификациялоо өз алдынча ишке ашырылат. Муну менен катар эле, кылмыш-жаза мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү келишимдерди ратификациялоо процедурасынан ажырымдуу түрдө жүрүүдө. Алсак, эл аралык келишимдерди аткаруу үчүн өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү убактысы боюнча чоюлтулат жана узак процедурадан өтөт. Мисалы, КР тарабынан ратификацияланган, бирок КР кылмыш-жаза мыйзамдарында бүгүнкү күнгө чейин имплементацияланган эмес эл аралык келишимдер бар.

Сунуштамалар

1. КР Юстиция министрлигине учурдагы иштеп жаткан кылмыш-жаза мыйзамдарынын КР тарабынан кабыл алынган эл аралык милдеттенмелерге шайкеш келүүсүнө талдоо жүргүзүү сунушталат.
2. КР Тышкы иштер министрлигине кылмыш-жаза чөйрөсүндөгү мурда кол коюлган эл аралык келишимдерди ратификациялоо (кошулуу) боюнча КР ЖК аткарылбаган милдеттенмелерине талдоо жүргүзүү сунушталат.
3. КР ЖК Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген ратификацияланган эл аралык келишимдерге ревизия жүргүзүү жана кылмыш-жаза мыйзамын аларга шайкеш келтирүү сунушталат.

9-индикатор. Эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуу

9.1-КК. Тынчтыкка жана адамзатына каршы кылмыштар үчүн кылмыштык куугунтуктоо жана жазаларды аткаруу эскирүү мөөнөтү өткөндүгү байланыштуу жоюлбайт

Сыпаттамасы

Кылмыш-жаза кодекси айрым кылмыштарга карата кылмыштык куугунтуктоонун жана жазалоонун мөөнөтү эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонбоону, ал эми айрым башка кылмыштарга карата – узартылган эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн же аларды эсептөөнү кийинкиге калтырууну колдонууну караштырып чыгуусу зарыл. Аскер кылмыштарына жана адамзатына каршы кылмыштарга карата (же эл аралык кылмыштарды жасаган адамдарга карата жазадан кутулбоонун сөзсүз болушу) эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонбоо принциби биринчи жолу Аскер кылмыштарына жана адамзатына каршы кылмыштарга эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонбоо жөнүндө конвенцияда [85] белгиленген. Конвенциянын 1-бер. ылайык кылмыш кайсы убакта жасалганынан көз карандысыз түрдө кийинкидей кылмыштарга карата эч кандай эскирүү мөөнөтү өткөндүгү колдонулбайт: а) Эл аралык Нюрнберг аскер трибуналынын Уставында аныкталган аскердик кылмыштарга, 8-август, 1945-ж. жана БУУнун Башкы Ассамблеясынын резолюциялары менен бекитилген №3 (I) 13-февраль, 1946-ж. жана № 95(I) 11-декабрь, 1946-ж. Ошондой эле Согуштун курмандыктарын жоюу жөнүндө Женева конвенцияларында белгиленген олуттуу бузуулар, 12-август, 1949-ж.; б) Эл аралык Нюрнберг аскер трибуналынын Уставында (8-август, 1945-ж.) белгиленген жана БУУнун № 3 (I) жана 95 (I) резолюцияларында ырасталган адамзатына

[85] Согуштук кылмыштарга жана адамзатка каршы кылмыштарга мыйзамдуу эскирүүлөрдү колдонбоо жөнүндө конвенция. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 2391 (XXIII) резолюциясы менен 1968-жылдын 26-ноябрында кабыл алынган. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/warcrimes_limit.shtml

каршы кылмыштар, куралдуу кол салуунун жыйынтыгындагы сүргүн же басып алуулар (оккупациялар) жана адамкерчиликсиз аракеттер апартеид саясатынын жыйынтыгы болуп саналат, ошондой эле Геноцид кылмыштарын токтотуу жөнүндө конвенцияда аныкталган геноцид кылмышы жана ал үчүн жазалоо (1948), ал тургай бул аракеттер муну жасаган өлкөнүн ички мыйзамдарында укук бузуу болуп эсептелбесе дагы.

Бул принцип Эл аралык кылмыш-жаза сотунун Рим статутунун [86] 29-беренесинде караштырылган, ага ылайык Соттун юрисдикциясына кабылган кылмыштарга карата эч кандай эскирүү мөөнөтү өткөндүгү колдонулбайт. Айрым учурларда эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнүн убактысы көбөйтүлөт. Эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнүн болушунун материалдык-укуктук негизи аныкталган убакыт аралыгы аяктаган соң жасалган кылмыш-жаза укук бузуунун коомдук жактан коркунучтуулугун олуттуу түрдө азайтуу болуп эсептелет, бул болсо жазалоонун максатына жетүүсүнө олуттуу түрдө таасирин тийгизет. Узак мөөнөт өткөндөн кийин дайындалган жаза гуманизм принцибине шайкеш келбеген адилетсиз акты болуп эсептелет, мамлекет тарабынан негизсиз өч алуу мүнөзүнө ээ болуп калат. Ошондой эле өзүнүн оңолуусун узак мөөнөттүү мыйзамды сыйлаган жүрүм-туруму аркылуу көрсөткөн адамдын коом үчүн кооптуулугу толук түрүндө же маанилүү деңгээлде күчүн жоготуу презумпциясы эске алынат. Мындан сырткары, кылмыш-жаза укук бузуусун жасаган учурдан баштап убакыттын узарып узак мезгилге чейин созулуп кетүүсү, далилдерге баа берүүгө, кылмыштык укук бузууну сотко чейинки иликтөөнүн ийгиликтүү болуусуну жана соттук териштирүүнүн объективдүү болуусуна олуттуу түрдөгү тоскоолдуктарды жаратат, кээде ал тургай жогорудагы иштердин аткарылуусун мүмкүн эмес дагы кылып коёт.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Кылмыш-жаза кодексин изилдөө 58-бөрененин 6-бөлүгүнө ылайык, КР Кылмыш-жаза кодексинин кийинки беренелеринде каралган кылмыштар жасалганда кылмыш куугунтуктоонун мөөнөттөрү өткөндүгү колдонулбайт:

402-берене «Тынчтыкка каршы кылмыштар», 403-берене «Адамзатка каршы кылмыштар», 404-берене «Зомбулук менен жок болуу», 405-берене «Геноцид», 406-берене «Массалык кыргын салуучу куралды өндүрүү, сатып алуу, өткөрүп берүү, топтоо, колдонуу же таратуу», 407-берене «Согушту пропагандалоо», 408-берене «Эл аралык коргоону пайдаланган жактарга же мекемелерге кол салуу», 409-берене «Экоцид», 410-берене «Согуштук аракеттердин учурунда эл аралык коргоого ээ болгон адамдарга карата согуш жүргүзүүнүн мыйзамдарын жана салттарын бузуу», 411-берене «Согуш аракеттеринин аймагындагы тургундарга карата зомбулук», 414-берене «Согуш аракеттеринин убагында кылмыштуу аракетсиздик же болбосо кылмыштуу бүйрук берүү». Ошондой эле КР Кылмыш-жаза кодексинин 92-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, тынчтыкка же адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар же болбосо аскердик кылмыштар жасалганда айыптоо өкүмүн аткаруунун эскирүү мөөнөтү өткөндүгү колдонулбайт.

Корутундулар

1. КР Кылмыш-жаза кодексинде тынчтыкка жана адамзатка каршы кылмыштар жасалганда кылмыш куугунтуктоонун жана жазаны аткаруунун мөөнөттөрү өткөндүгү караштырылган эмес жана чектелген эмес, бул эл аралык стандарттарга шайкеш келет.

Сунуштамалар

[86]Эл аралык кылмыш-жаза сотунун Рим статуту. URL: https://www.un.org/ru/law/icc/rome_statute(r).pdf

Караштырылган эмес.

9.2-КК. Терроризм жана коррупция кылмыштарына карата эскирүү мөөнөтү өткөндүгү мезгили көбөйтүлүп колдонулат

Сыпаттамасы

БУУнун Коррупцияга каршы конвенциясы ушул Конвенцияга ылайык таанылган бардык кылмыштарга карата өндүрүштү козгоо үчүн эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнүн убактысын бир кыйла узартууну сунуштайт жана кылмышты жасоого шектүү адам сот адилеттигинен качкан учурларда эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнүн убактысын бир кыйла узартууну же мөөнөтү өткөндүгүн токтотуу мүмкүнчүлүгүн караштырууну сунуш кылат. [87]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

2021-жылдагы КР Кылмыш-жаза кодексине жасалган реформа коррупция кылмыштарын жасагандыгы үчүн жоопкерчиликти аларды эскирүү мөөнөтү өткөндүгү жайылтылбаган кылмыштардын тизмесинен алып салуу аркылуу жумшартты. Мындай ыкма мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын кызыкчылыгына каршы жасалган коррупция жана башка кылмыштардын санынын өсүү тобокелчилигине ээ.

КР Кылмыш-жаза кодексинин 58-беренесине ылайык паракорчулук кылмыштарына карата мөөнөтү өткөндүгүнүн жалпы тартиби белгиленет, тактап айтканда:

1) эки жыл - коркунучтуулугу аз кылмыш жасаган учурда;

2) үч жыл - анча оор эмес кылмыш жасаган учурда;

3) жети жыл - оор кылмыш жасаган учурда;

4) он жыл - өзгөчө оор кылмыш жасаган учурда, ошондой эле, эгерде кылмыш уюшкан топтун, кылмыштуу коомдоштуктун курамында жасалса.

КР Кылмыш-жаза кодексинин 58-бер. 6-бөлүгүнө ылайык, КР КЖК 252-бер. (Террордук акт), 336-бер. (Коррупция) беренелеринде караштырылган кылмыштар жасалган учурларда мөөнөтү өткөндүгү колдонулбайт.

КР КЖК 92-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, КР КЖК 252-беренесинин (Террордук акт), 336-беренесинин (Коррупция) беренелеринде караштырылган кылмыштар жасалган учурларда айыптоо өкүмүн аткаруунун эскириши колдонулбайт.

Изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн ФТТ талкуунун натыйжасында кийинкидей жыйынтыктарды чыгарууга болот: 1) эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнүн узактыгы (мөөнөтү) боюнча бирдиктүү ой пикир жана түшүнүк жок; 2) респонденттердин ой пикирлери боюнча эскирүү мөөнөтү өткөндүгү кылмыштардын бардык түрлөрү боюнча колдонулушу керек жана эл аралык стандарттарга шайкеш келүүсү зарыл.

Тереңдетилген маектешүүлөр кийинкилерди көрсөттү: 1) соттордун баары коррупция жана террордук актылар жөнүндө иштер боюнча адамдарды жоопкерчиликке тартуу үчүн эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнүн убактысын узартууну бекитүү зарылчылыгына макул болушту; 2) прокурорлор эскирүү мөөнөтү өткөндүгү боюнча ар түрдүү ой пикирлерге ээ, айрымдары кыйла көбүрөөк мөөнөт бекитүү зарыл деп эсептешет.

[87] Бириккен Улуттар Уюмунун Коррупцияга каршы конвенциясы. Башкы Ассамблеянын резолюциясында 58/4 кабыл алынган, 31-октябрь, 2003-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/corruption.shtml

66 респонденттти анкетирлөөнүн жыйынтыгын карай турган болсок, 26 респондент (39,4%) эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнүн учурдагы өлчөмүн сактоону сунушташканын көрсөттү. 2 респондент (3%) коррупциялык кылмыштар үчүн эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн азайтуу зарылдыгы жөнүндө пикирлерин билдиришти. Айрым респонденттер коррупциялык кылмыштар үчүн эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнүн убактысын узартуу керектигин белгилешти. Алардын ичинен, мисалы, 30 респондент (45,5%) КР КЖК 337-беренеси боюнча (Кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануу) эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнүн убактысын узартуу зарыл дешти, 28 респондент (42,4%) КР КЖК 343-беренеси боюнча (Опузалап пара алуу), 27 респондент (40,9%) КР КЖК 340-беренеси боюнча (Мыйзамсыз баюу), 26 респондент (39,4%) КЖК 342-беренеси боюнча (Пара алуу), 25 респондент (37,9%) КР КЖК 338-беренеси боюнча (Бийликтен аша чабуу), 18 респондент (27,3%) КР КЖК 339-беренеси боюнча (Билип туруп пайдасыз контракт түзүү), 16 респондент (24,2%) КР КЖК 345-беренеси боюнча (Пара берүү) жана КР КЖК 344-беренеси боюнча (Пара алууда ортомчулук кылуу). Демек, сурамжылоого катышкан респонденттердин көп бөлүгү коррупциялык кылмыштар боюнча эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнүн убактысын узартуу зарыл деп эсептешет.

Кыргыз Республикасында мониторинг жүргүзүлүп жаткан учурга карата кылмыш куугунтуктоонун эскирүү мөөнөтү өткөндүгү жана жазаны аткаруунун эскирүү мөөнөтү өткөндүгү кылмыштардын эки түрүнө гана карата алынып салынган (КР КЖК 252-беренеси «Террордук акт», 336-беренеси «Коррупция»). Коррупциялык кылмыштардын башка түрлөрүнө карата эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн эсептөөнүн жалпы тартиби колдонулат.

Корутундулар

1. Коррупциялык жана террордук кылмыштар боюнча эскирүү мөөнөтү өткөндүгү эл аралык стандарттарга жарым-жартылай жооп берет.

2. Кылмыш куугунтуктоонун эскирүү мөөнөтү өткөндүгү жана жазаны аткаруунун эскирүү мөөнөтү өткөндүгү кылмыштардын эки түрүнө гана карата алынып салынган (КР КЖК 252-беренеси «Террордук акт», 336-беренеси «Коррупция»).

3. Башка коррупциялык кылмыштарга карата Кылмыш куугунтуктоонун эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн жана жазаны аткаруунун эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн эсептөөнүн жалпы эрежелери колдонулат.

Сунуштамалар

1. КР Жогорку Кеңеши КР тарабынан ратификацияланган жана кабыл алынган эл аралык документтерге ылайык коррупциялык кылмыштарга карата кылмыш куугунтуктоонун жана жазаны аткаруунун эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн өзгөртүү жөнүндө суроону карап чыгуусу зарыл.

9.3-КК. Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жасалган сексуалдык кылмыштардын эскирүү мөөнөтү өткөндүгү жабырлануучу адамдын жашы жеткен күндөн баштап эсептелип баштайт

Сыпаттамасы

Эл аралык стандарттар жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жасалган сексуалдык кылмыштардын эскирүү мөөнөтүн эсептөөнү жөнгө салат. Мисалы, Европа Кеңешинин Аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү

жөнүндө Конвенциясы, [88] бул Конвенциянын 36, 37, 38 жана 39-беренелерине ылайык белгиленген укук бузууларга карата бардык юридикалык процедураларды козгоо үчүн доо арызын берүүнүн эскирүү мөөнөтү өткөндүгү жөнүндө мыйзам, каралып жаткан укук бузуунун олуттуулугуна жетиштүү жана чен өлчөмдүү боло турган убакыт бою иштөөсү үчүн, жабырлануучунун жаш курагы жеткенден кийин дагы соттук ишти натыйжалуу козгоо мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн – мына ушуларды камсыз кылуу үчүн Тараптар зарыл мыйзамдык жана башка чараларды кабыл алуусу керектигин белгилейт.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КЖК ылайык балага карата жасалган кылмыштуу аракеттерди караштырган кийинки беренелерге эскирүү мөөнөтү өткөндүгү колдонулбайт: 154-берененин (Зордуктоо) 4-бөлүгүнө, 3-бөлүгүнүн 2-пунктуна, 155-берененин (Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер) 4-бөлүгү, 3-бөлүгүнүн 2-пункту, 156-берененин (Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо) 2-3-бөлүктөрү, 158-берене (Ыплас аракеттер), 159-берененин (Сойкулук кылууга тартуу) 3-бөлүгү, 160-берененин (Сойкулукка жана ыпластыкка көмөктөшүү) 2-бөлүгү, 162-берене (Баланы порнобизнеске тартуу).

Демек, жабыр тарткан адам жашы жеткен куракка толгондон кийин өз укуктарын коргоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу, же болбосо эскирүү мөөнөтү өткөндөн кийин башынан өткөргөн окуяны ачык айтууга даярдыгын билдирсе, болжолдуу түрдөгү күнөөлүү адамга карата кылмыш куугунтугу мүмкүнчүлүгү күчүн жоготпойт. Муну менен катар эле, талдоо жүргүзүү бир катар чакырыктарды таап чыкты:

1) КР КЖК157-беренесине эскирүү мөөнөтү өткөндүгү колдонулат (Он алты жашка *толо элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер): «… КР КЖК 154, 155 жана 156-беренелеринде каралган кылмыштардын белгилери болбогондо, он сегиз жаш куракка жеткен адам тарабынан он алты жашка толо элек бала менен жасалган жыныстык катнашуу, - сегиз жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат».* Ошол эле учурда, КР КЖК 158-беренесине карата эскирүү мөөнөтү өткөндүгү колдонулбайт (Ыплас аракеттер): *«КР КЖК 154, 155 жана 157-беренелеринде каралган кылмыштардын белгилери болбогондо, он алты жашка толо элек балага карата сексуалдык катнашсыз ыплас аракеттер жасалса, - жети жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат».*

2) КР КЖК 159-160-162-беренелери БУУнун Баланын укуктары боюнча Комитети тарабынан сунушталган *«балага карата»* деген универсалдуу терминологияны камтыйт.[89] КР КЖК 154-155-156-157-158-беренелери кийинкидей туюндурмаларды камтыйт: «*он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки жаш курактагы балага карата», «он төрт жашка толо элек балага карата», «он алты жашка толо элек жаранга карата».*

Корутундулар

1. Кыргызстанда жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сексуалдык кылмыштар үчүн эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуу жалпысынан эл аралык стандарттарга шайкеш келет, жабыр тарткан адам (кыз/эркек бала) жашы жеткен куракка толгон учурдан баштап эскирүү

[88] Европа Кеңешинин Аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү жөнүндө Конвенциясы. Стамбул, 11.V.2011. URL: https://rm.coe.int/168046253f

[89] КР Кылмыш-жаза кодекси. 28-октябрь, 2021-жыл. № 127 . URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112309/edition/2087/ru

мөөнөтү өткөндүгүн эсептеп баштоо мүмкүнчүлүгү дагы башталат. Бул жашы жеткен куракта кылмыш жөнүндө ачык айтууга даяр жабыр тарткан адамдардын укуктарын коргоону камсыз кылууга жол ачат. Бирок КР КЖК 157-б. каралган кылмыш-жаза куугунтуктоосунун мүмкүн эместиги, ошондой эле 157-беренеге эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуунун мүмкүн эместиги тобокелчиликтерин жараткан боштуктар болууда, бул жабыр тарткан адамдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусун чектеши мүмкүн. Бул шайкеш келбестиктерди четтетүү үчүн, жашы жетелек өспүрүмдөргө каршы сексуалдык кылмыштардын баарына карата эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн жана туюндурмаларды унификациялоо талап кылынат.

Сунуштамалар

1. КР КЖК 157-беренеси (Он алты жашка толо элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер) сексуалдык макулдуктун минималдуу жаш курагын 16 жаш катары белгилейт. Ошол эле учурда, КР КЖК 157-беренеси тарабынан кылмыш-жаза жоопкерчилигинин кыйла жогорку минималдуу жаш курагы (18 жаш) деп караштырылган, бул болсо ыктыярдуу түрдөгү сексуалдык мамилелердеги өспүрүмдөрдү кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотот (зордуктоо ж.б. сыяктуу башка кылмыштардын квалификациялоочу белгилери жок болгон учурда). Бул Лансарот Конвенциясынын 18(3)-беренесинин жоболоруна шайкеш келет, ага КР азырынча кошулбаганы менен, ал жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сексуалдык зомбулуктар жана эксплуатациялоо менен күрөшүү чөйрөсүндөгү маанилүү багыттоочу болуп эсептелет. Бирок КР КЖК 157-беренесинде жосундун катышуучуларынын бирөөсү 16 жашка толгон, бирок 18 жашка толо элек болгон, ал эми экинчиси 16 жашка толо элек болгон учурларда алардын жаш курактарындагы максималдуу айырмачылык белгиленген эмес. Чындыгында бул боштукту пайда кылат, мунун жыйынтыгында жаш курагы улуу жашы жетелек өспүрүм ал тургай таптакыр кичинекей балага карата сексуалдык аракеттерди жасаган учурда дагы кесепеттеринен кутулуп кетиши мүмкүн.

Жаш курактары боюнча максималдуу айырмачылыкты (эл аралык тажрыйбада бул адатта 2-3 жыл) белгилөө, ошондой эле жашы жетелек өспүрүмдөр болжолдуу түрдө бирдей өнүгүү деңгээлинде болуусу талабын (бул актуалдуу, мисалы жашы жетелек өспүрүмдөрдүн бирөөсүнүн интеллектуалдык өнүгүүсүнүн кечигүүсү бар болгон учурлар) белгилөө сунушталат.

Мындан сырткары, КР КЖК 154, 155 жана 157-беренелеринин санкциялык бөлүгүн кесиптик ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүнө тыюу салуу түрүндөгү кошумча жазалар менен толуктоо сунушталат, бул балдарды аларга кылмыштуу кол салуудан коргоо кепилдиктерин күчөтөт. Ошондой эле КР КЖК 58-беренесинин (Кылмыш куугунтуктоонун эскирүү мөөнөттөрү өткөндүгүнө байланыштуу кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу) 6-бөлүгүнө «156-беренени 2-3-бөлүктөрүндө» деген сөздөрдөн кийин «157-беренесинде» деген сөздү кошуу аркылуу, КР КЖК 157-беренесинде (Он алты жашка толо элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер) каралган жосунду эскирүү мөөнөтү колдонулбаган беренелердин тизмесине киргизген өзгөртүүнү киргизүү сунушталат.

КР КЖК 154-155-беренелеринин 3-бөлүгүнүн 2-пунктундагы «он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки» деген сөздөрдү алып салуу, аталган беренелердин 4-бөлүгүн жоюу сунушталат. Аталган беренелердин 3-4-бөлүктөрүндө караштырылган санкция толугу менен окшош. 156-беренени 2-бөлүгүнүн 1-пунктун алып салуу, 3-бөлүгүндө «он төрт жашка толо элек» деген сөздөрдү алып салуу, мына ушундайча бардык куректагы балага карата

«Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо» үчүн кыйла катаал санкцияны сактоо сунушталат.

10-индикатор. Кылмыш-жаза кодекси юридикалык жактардын жоопкерчилигин караштырат

10.1-КК. Кылмыш-жаза кодекси юридикалык жакка кылмыш-жаза укуктук каражаттарды жана өндүрүп алууну караштырат

Сыпаттамасы

Кылмыш-жаза кодексиндеги юридикалык жактарга жоопкерчилик караштыруу зарылдыгы жөнүндө жоболор бир катар алдыңкы эл аралык актыларда камтылган.[90] «Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү юридикалык жактардын коррупция үчүн жоопкерчилиги» [91] (2005-жыл) Отчетунда көрсөтүлгөн ЭКӨУ сунуштамалары, юридикалык жактардын кылмыш-жаза жоопкерчиликтерин жөнгө салууга карата сунуштама түрүндөгү бир катар чараларды караштырат.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Юридикалык жактардын кылмыш-жаза жоопкерчилиги КР Кылмыш-жаза кодексине биринчи жолу 2017-жылы киргизилген. Белгилей кетчү нерсе, өлкөдө юридикалык жактардын жоопкерчилиги БУУнун Коррупцияга каршы конвенциясын ишке ашырууда 2012-жылы биринчи жолу илимий талкуунун предмети болгон. 2017-жылдагы реформанын концепциясы өзүнө кылмыш-жаза жоруктар институтун түзүү жана ага ылайык Административдик жоопкерчилик кодекси реформасын камтуу менен чоң секирик жасады. Кылмыш-жаза жосундарынын үч звенолуу классификациясына өтүү (кылмыштар-жосундар-бузуулар) юридикалык жактар үчүн жоопкерчилик киргизүү перспективасын жана өлкөнүн өзүнө алган эл аралык милдеттенмелерин аткарууга жол ачты. Мындай жоопкерчилик Кылмыш жаза кодексинде квази-кылмыштуу түрүндө бекитилген. Концепция юридикалык жак кылмыштын субъектиси болушу мүмкүн эмес, бирок таасир этүүнүн башка чараларынын механизми аркылуу жоопко тартуунун субъектиси болушу мүмкүн экендигине негизделген. Мына ушундайча, кодекстин атайын бөлүмүндө юридикалык тараптарга карата кылмыш-жаза укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу чаралары караштырылган. 2017-жылдагы Кылмыш-жаза кодексинде өзүнүн чектөөлөрү жана жоопкерчиликтин шарттары

[90]1) БУУнун Коррупцияга каршы концепциясы, 2003-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/corruption.shtml
2) БУУнун Улуттар аралык уюшкан кылмыштуулукка каршы конвенциясы, 2000-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/orgcrime.shtml
3) БУУнун Улуттар аралык уюшкан кылмыштуулукка каршы конвенциясын толуктоочу Адамдарды сатуунун, өзгөчө аялдарды жана балдарды сатуунун алдын алуу жана токтотуу жөнүндө протокол, 2000-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/protocol1.shtml
4) БУУнун Улуттар аралык уюшкан кылмыштуулукка каршы конвенциясын толуктоочу Мигранттарды кургактык, деңиз жана аба аркылуу мыйзамсыз алып өтүүгө каршы протокол, 2000-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/protocol2.shtml
5) Баланын укуктары жөнүндө конвенцияга карата балдарды сатууга, балдар сойкулугуна жана балдар порнографиясына тиешелүү факультативдик протокол, 2000-жыл, URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/rightschild_protocol2.shtml

[91] Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү юридикалык жактардын коррупция үчүн жоопкерчилиги. ЭКӨУ Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн коррупцияга каршы түйүнү, 2015. URL: https://www.oecd.org/corruption/acn/ACN-Liability-of-Legal-Persons-2015-RUS.pdf

киргизилген болчу, жосундардын айлампасы чийилген, таасир этүү чаралары аныкталган. Юридикалык жактардын жоопкерчилиги көйгөйүн мыйзам чегинде мына ушундайча чечүү чоң жетишкендик боло алды жана ЕАГ [92] эл аралык отчетторунда байкалып турган. Караштырылган мыйзамдык конструкция өзүнө алдын алуучулук чаралардын ири потенциалын өзүнө камтыган жаңы кылмыш-жаза-укуктук таасир этүү чаралары түрүндө (коопсуздук чаралары катары) кодекстин концепциясына киргизилген. Муну менен катар эле, кылмыштын субьектиси катары жеке адамдын жеке айыпталуучу катары жоопкерчилиги теориясы сындырылган.

2021-жылдагы кылмыш-жаза мыйзамын реформалоонун жыйынтыгында КР Кылмыш-жаза кодексинде юридикалык жактардын кылмыш-жаза жоопкерчилиги институту жоюлду.

КР бир катар эл аралык актылардын катышуучусу болуп эсептелет: БУУнун Улуттар аралык уюшкан кылмыштуулукка каршы конвенциясы (Кыргыз Республикасынын Мыйзамы тарабынан 2003-жылдын 15-апрелинде ратификацияланган, № 74); Терроризмди каржылоо менен күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенциянын (Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен ратификацияланган, 15-апрель, 2003-жыл, № 79); БУУнун Коррупцияга каршы конвенциясы (Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен ратификацияланган, 6-август, 2005-жыл, № 128); ШКУ терроризмге каршы конвенциясы (Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен ратификацияланган, 11-июль, 2011-жыл, № 90). Бул эл аралык актыларды ратификациялоо менен Кыргыз Республикасы аларды аткаруу боюнча милдеттенмени өз моюнуна алган. Бардык актыларда юридикалык жактарга кылмыштардын аныкталган түрү үчүн жоопкерчиликти киргизүү жөнүндө талап белгиленген.

КР Кылмыш-жаза кодексинин акыркы редакциясын кабыл алган мыйзам чыгаруучу, юридикалык жактардын кылмыш жасоого катышкандыгы үчүн жоопкерчиликти бекитүү жөнүндө милдеттенмелерине карабастан, эл аралык актыларды көңүлүнө алган жок.

Ошол эле учурда КР Кылмыш-жаза кодексинде жосундун кылмыштуулугу жана анын жазаланууусу, ошондой эле башка кылмыш-жаза-укуктук кесепеттери бир гана КР Кылмыш-жаза кодексинде аныкталат деп караштырылган, ага ылайык юиридикалык жактардын кылмыштарды жасагандыгы үчүн жоопкерчилиги кодексте чагылдырылышы керек.

Дагы бир аз эмес маанилүү фактор санариптештирүү болуп эсептелет, бул юридикалык жак интернет түйүндөрүндө бир катар кылмыштарды жасагандыгы үчүн колдонулушу мүмкүн болгон учурлар. Сөз ар түрдүү маалыматтарды мыйзамсыз издөө, колдонуу, ошондой эле таратуу же болбосо накталай эмес төлөмдөрдү ишке ашыруу жөнүндө болуп жатат (спамдар, киберсквоттингдер, кибервалюталар ж.б.) Террористтик уюмдар өлкөнүн аймагында интернет түйүндөрүн колдонуу менен өздөрүнүн тарапташтарын тандоону, жалдоону жана каржылоону ишке ашырышат. Мына ушуга байланыштуу, Европа Кеңеши Компьютердик маалыматтар чөйрөсүндөгү кылмыштуулук жөнүндө конвенцияны кабыл алды (2001-ж.), [93] анда маалыматтык-коммуникациялык технологиялар чөйрөсүндөгү юридикалык жактардын жоопкерчилигинин чаралары сунушталды. Кыргызстан конвенциянын таасири жайылтылган аймакта жайгашпаса дагы,

[92] ЕАГдын пленардык жыйыны Кыргызстандын ФАТФтын 13 сунушу боюнча рейтингин жогорулатуу боюнча отчетун жактырды URL: https://www.fiu.gov.kg/news/view/929?language=ru

[93] Киберкылмыштуулук боюнча Европа конвенциясы, 2001-жылдын 23-ноябрында Будапештте кабыл алынган URL: https://rm.coe.int/1680081580.

өлкө дүйнөлүк интернет түйүнүнүн алдында экендигин эске алуу зарыл жана көйгөйдү стратегиялык жактан чечүү , анын үстүндө мыйзамдык планда чечүү биринчи орунга чыгат.

Мамлекет Башкы прокуратуранын жетекчилиги астында Коррупцияга каршы аракеттерди көрүү жөнүндө эл аралык кнвенциянын аткарылышы боюнча отчет берет жана анын аткарылышына мониторинг жүргүзөт. Каржылык чалгындоо дагы акчанын изин жашыруу жөнүндө мыйзамдын аткарылышы боюнча отчет берет[94] жана бул процесске мониторинг жүргүзөт.

2023-жылы Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети тарабынан жүргүзүлгөн мамлекеттин уюшкан кылмыштуулук менен кардиналдуу түрдө күрөшүү тажрыйбасы жана катар козголгон кылмыш иштери көрсөткөндөй, көп сандаган ийгиликтүү юридикалык жактар кылмыштуу кирешелерди адалдоо үчүн колдонулган.[95]

Юридикалык жактардын кылмыш-жаза жоопкерчилиги институтун кайтаруу, юридикалык жактардын өздөрүнүн башкаруу органдарындагы кызмат адамдарына корпоративдик көзөмөл жүргүзүүнүн кошумча чараларын кабыл алууларына түрткү болмок, муну менен катар эле юридикалык тараптардын кылмыштуулугунун алдын алуу боюнча милдет обьективдүү түрдө чечилмек. Бул таасирдүү институт, аны тиешелүү түрдө колдонуу акчаны адалдоо, коррупция, терроризмди каржылоо сыяктуу көптөгөн башка көрүнүштөрдү көзөмөлдөй алат. 2023-жылдын экинчи жарымындагы окуялар көрсөткөндөй, юридикалык

[94] 1) Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 6-августундагы № 87 “Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” Мыйзамы URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111822/edition /2757/ru.
2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 25-декабрындагы No 606 токтому менен бекитилген Террористтик ишти каржылоонун жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоонун (адалдоонун) тобокелдигине баа берүүнүн тартиби жөнүндө жобоURL: https://cbd.minjust.gov.kg/12936/edition/1270389/ru

[95] Мисалы: “Каганат” эс алуу жайынын жана “Аврора” тобунун тең негиздөөчүсү Азрет Боотаев мыйзамдагы ууру Камчы Асанбек (Камчы Көлбаев) менен байланышы үчүн кармалган. URL: https://kaktus.media/doc/488770_zaderjan_soychreditel_kaganat_resort_i_avrora_grypp_azret_bootaev_foto_video.html ; "Мадина" базарынын негиздөөчүсү Турсунтай Салимов УКМКнын СИЗОсунда калды.URL: https://kaktus.media/doc/493084_osnovatelia_rynka_madina_tyrsyntaia_salimova_ostavili_v_sizo_gknb_a_hoteli_v_sizo_1.html; «Орион» курулуш компаниясынын жана «Орион отелдер» мейманканасынын ээси Куттубай Мурзабаевге кылмыш иши козголду. URL: https://kaktus.media/doc/492565_na_vladelca_stroitelnoy_kompanii_orion_vozbyjdeno_ygolovnoe_delo.html; Камчы Асанбек (Көлбаев) уюшкан кылмыштуу тобунун мүчөлөрүнө жана уюшкан кылмыштуу топту каржылаган ишкерлерге карата кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу фактылары боюнча тергелип жаткан кылмыш ишинин алкагында «Бурана Гранд» курулуш компаниясынын директору И.У.И. Бул тууралуу КР УКМКнын басма сөз кызматы билдирди. URL: https://kaktus.media/doc/492062_zaderjan_direktor_eshe_odnoy_stroykompanii._ego_podozrevaut_v_otmyvanii_deneg_dlia_kolbaeva.html; "Каганат" комплекси. Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети Профсоюздар федерациясынан мүлкүн алып коюуга тиешеси бар адамдарды кармады URL: https://kaktus.media/doc/491489_kompleks_kaganat._gknb_zaderjal_ludey_prichastnyh_k_vyvody_aktivov_federacii_pro; Белгиленгендей, уюшкан кылмыштуу топту каржылаган деп шектелген Камчы Асанбек (Көлбаев) уюшкан кылмыштуу тобунун мүчөлөрүнө жана жеке ишкердик субъекттерине карата кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу фактылары боюнча козголгон кылмыш ишинин алкагында Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Борис Сандын уулу кармалган. , Александр кармалган. Ал Sun City жана Golden Dragon ээлик кылат. URL: https://kaktus.media/doc/491188_glavy_ypravliaushey_kompanii_trc_cym_zaderjali_po_dely_ob_otmyvanii_deneg.html ; «ЦУМ» ТРКсынын башкаруучу компаниясынын жетекчиси арам акчаны адалдоо фактысы боюнча кармалды.URL: https://kaktus.media/doc/491377_zaderjan_syn_eks_depytata_borisa_sana._on_vladeet_sun_city_i_zolotym_drakonom.html

жактардын кылмыш-жаза жоопкерчилиги институтун жоготуу өлкөнүн корпоративдик секторундагы кыянатчылык менен пайдалануулардын көбөйүүсүнө жана айрым адамдардын мыйзамсыз баюусуна алып келди.

Мониторингдин алкагында жүргүзүлгөн ФТТ жана тереңдетилген маектешүүлөрдүн жыйынтыгы, респонденттердин 50% (соттор, адвокаттар, укук коргоо органдары ж.б.) кылмыштарды жасагандыгы үчүнюридикалык тараптарга жоопкерчиликти киргизүү зарылчылыгы менен макул. Калган бөлүгү болсо, Кыргыз Республикасы мындай институтту киргизүүгө даяр эмес деп белгилешти жана муну соттордун, прокурорлордун жана тергөөчүлөрдүн квалификацияларынын жетишсиздиги менен байланыштырышты. 66 респонденттин ар бирин жекече жана анонимдүү түрдө анкетирлеп чыгуунун жыйынтыгы 38 респондент 38 респондент (57,6%) (соттор, адвокаттар, укук коргоо органдарынын кызматкерлери) юридикалык тараптарга кылмыш-жаза институтун киргизүүнү жактырышат. Алардын ичинен 26 респондент (39,4%) бул жоопкерчиликти кылмыштын өз алдынча субъектиси формасында, ал эми 12 респондент (18,2%) квази-жоопкерчилик формасында киргизүүнү сунушташты.

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасы юридикалык жактардын коррупция, террористтик кылмыштарды, баңги заттары ж.б. иштер боюнча кылмыштарды жасагандыгы үчүн жоопкерчиликти караштырган бир катар эл аралык актыларды ратификациялаган. КР Кылмыш-жаза кодексинин учурдагы редакциясында юридикалык жактарга карата кылмышты жасагандыгы үчүн таасир этүү чаралары караштырылган эмес.

Сунуштамалар

1. КР Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде караштырылган кылмыштарды жасагандыгы үчүн юридикалык жактардын жоопкерчилигин киргизүү мүмкүнчүлүгүн караштыруусу маанилүү.

11-индикатор. Кылмыш-жаза кодекси кылмыш-жаза укук бузуусун жасоо предметтерин жана каражаттарын атайын конфискациялоону колдонууну караштырат

11.1-КК. Кылмыш-жаза укук бузуусун жасоого багышталган же колдонулган, же болбосо аны жасоонун жыйынтыгында алынган мүлк мыйзам боюнча конфискациялоого жатат

Сыпаттамасы

Эл аралык стандарттардын деңгээлинде конфискациялоону колдонуу зарылдыгы жөнүндө бир катар эл аралык документтерде түз айтылган. Мисалы, БУУнун Баңги заты каражаттарын жана психотроптук заттарды мыйзамсыз айлантууга каршы күрөшүү жөнүндө конвенциясынын [96] 5-беренеси караштырат: (c) келип түшүүлөргө же кийинкилерден алынган башка кирешелерге карата: (i) кирешелерден; (ii) кирешеге айлантылган же өзгөртүлгөн жеке менчиктен; же (iii) бул беренеде башка кирешелер сыяктуу эле ошол эле түрдө жана ошол эле өлчөмдө кирешелер бириктирилген жеке менчиктерден.

[96] 1988-жылдын 20-декабрындагы Баңги каражаттарынын жана психотроптук заттардын мыйзамсыз жүгүртүүсүнө каршы БУУнун Конвенциясы URL: https://www.unodc.org/pdf/convention_1988_ru.pdf

БУУ Коррупцияга каршы конвенциясы[97] (31=бер.) конфискациялоо мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылууну караштырат «*а) ушул Конвенцияда белгиленген кылмыштардан алынган кирешелер же баасы мындай кирешелердин баасы менен бирдей болгон мүлктөр; b) ушул Конвенцияда белгиленген кылмыштарды жасоодо колдонулган же колдонууга багышталган мүлктөр, жабдуулар жана башка каражаттар. Эгерде кылмыштардан келген мындай кирешелер жарым-жартылай же толугу менен башка мүлккө айландырылган же өзгөртүлгөн болсо, анда ушул беренеде белгиленген чаралар ошол мүлккө карата колдонулат. Эгерде кылмыштардан келип түшкөн кирешелер мыйзамдуу булактар аркылуу алынган мүлккө бириктирилген болсо, анда тоңдурууга же камакка алууга тиешелүү бардык ыйгарым укуктар үчүн эч кандай зыян келтирбестен конфискациялоого мүлктүн бириктирилген кирешелеринин баасына туура келген бөлүгү гана жатат. Кылмыштардан келген мындай кирешелерден алынган кирешеге же башка пайдаларга карата дагы, кылмыштардан келген мындай кирешелер бириктирилген мүлктөргө карата дагы, ушул беренеде белгиленген ошол эле чаралар кылмыштардан келген кирешелерге колдонулгандай ошол эле ыкмада жана ошол эле деңгээлде колдонулат».*

Кылмыштык ишмердүүлүк аркылуу келген кирешелерди адалдоо, таап чыгуу, алып коюу жана конфискациялоо жөнүндө Европалык конвенция[98] кылмыштуу жол менен алынган кирешелер түшүнүгүн камтыйт. Тиешелүү ченемдер БУУнун трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы Конвенциясында 2000-ж. (ст. 12)[99] жана БУУнун Укуктук жардам жөнүндө жана жарандык, үй-бүлөлүк кылмыш-жаза иштери боюнча укуктук жардам жөнүндө конвенциясында караштырылган (Кишинев, 2002-ж.).[100]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

2017-жылдагы реформага чейин мүлктү конфискациялоо жазалар тутумуна мүлктүк мүнөздөгү кошумча жазалоо түрүндө киргизилген. 2017-жылдагы КЖК мүлктү конфискациялоону жазалоо тутумунан алып салды жана ага кылмыш-жаза укуктук таасир этүүнүн башка чаралары тутумунан орун берди (коопсуздук чаралары). Мына ошентип, мүлктү конфискациялоону айыптоо өкүмүнүн негизинде төмөнкүдөй мүлктөрдү мамлекеттин менчигине айландыруу менен акысыз алып коюу катары каралып баштады:

1) кылмыш жасоонун натыйжасында алынган акчаларды, баалуулуктарды жана башка мүлктү; 2) кылмыш жасоону каржылоого пайдаланылган же багытталган акчаларды, баалуулуктарды жана башка мүлктү; 3) кылмыш жасоонун натыйжасында алынган акчаларды, баалуулуктарды жана башка мүлктү жана (же) жарым-жартылай же толугу менен айландырылган же болбосо кайра өзгөртүлгөн бул мүлктөн түшкөн кирешелерди; 4) кылмыш жасоонун куралдарын, жабдууларын же башка каражаттарын (КЖК 2017-ж. 96-бер.). Мүлктү конфискациялоо айыпкер мыйзамсыз түрдө ээ болгон мүлккө багытталган

[97] Бириккен Улуттар Уюмунун Коррупцияга каршы Конвенциясы. Башкы Ассамблеянын 2003-жылдын 31-октябрындагы 58/4 резолюциясы менен кабыл алынган.URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/corruption.shtml

[98] Кылмыштуулуктан түшкөн кирешелерди адалдоо, тинтүү, конфискациялоо жана конфискациялоо боюнча Европа конвенциясы, Страсбургда, 8-ноябрь 1990-ж. URL: https://rm.coe.int/168007bd4a

[99] Трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы БУУнун Конвенциясы 2000-ж URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/orgcrime.shtml

[100] Жарандык, үй-бүлөлүк жана кылмыш иштери боюнча юридикалык жардам жана юридикалык жардам жөнүндө Конвенция (Кишинев, 2002)URL: https://cbd.minjust.gov.kg/17401/edition/297440/ru

кылмыш-жаза укуктук таасир этүүнүн (коопсуздук чарасынын) кандайдыр бир өз алдынча чарасы болуп калды. Муну менен катар эле, аны колдонуу соттун кароосунан көз каранды болуп келген.

Бирок 2021-жылдагы кылмыш-жаза мыйзамынын реформасы мүлктү конфискациялоонун ордун кошумча жазалар тутумунан кайрадан аныктоо менен, анын укуктук табиятын түп тамырынан бери өзгөрттү. Ошол эле учурда мазмундук бөлүгү өзгөргөн жок. Мүлктү конфискациялоо кайрадан кылмыштык жазалоо макамына ээ болду, ал эми анын кылмыш-жаза-укуктук таасир этүү чараларынан айырмасы, ал жазалоо чарасы болуп саналат жана ошол эле учурда соттолуучудан башка адамдарга карата колдонулбайт (акыл-эси соо эмес адамдарга, кылмыш жоопкерчилигине жашы толо элек адамдарга, предметтин кылмыштуу мүнөзү жөнүндө билген, бирок аны алган адамдарга ж.б.).

Кылмыш-жаза мыйзамына талдоо жүргүзүү, КР Кылмыш-жаза кодексинде баары болуп 284 ичинен мүлктү конфискациялоо кылмыштардын 57 курамында караштырылганын көрсөттү. Бирок бөлүмдөр боюнча алып караганда жеке адамга каршы, жеке менчикке каршы жана экономикалык ишмердүүлүккө каршы кылмыштарда конфискация кылмыштардын болгону 26 курамында жана коомго жана мамлекетке каршы кылмыштардын 31 курамында караштырылган.

Мүлктү конфискациялоо кошумча жазалоо макамына ээ болуу менен жана ошол эле учурда Кылмыш-жаза кодексинин Өзгөчө беренелеринин санкцияларында караштырылуусу зарыл. Ал андан кийин гана сот тарабынан колдонууга жатат. Бул КР КЖК 60-беренесинин 3-бөлүгүнүн мазмунунан келип чыгат, анткени мыйзам чыгаруучу бул жаатта эч кандай эскертүү келтирген жок. Бирок учурдагы КР КЖК санкцияларында мыйзам чыгаруучу уурдоо боюнча кылмыштардын 1 же 2 бөлүктөрүндө караштырган эмес. Алсак, уурдоону жасаганда конфискация КР КЖК 205-беренесинин 4-бөлүгү боюнча гана мүмкүн. Эгерде адамдар КЖК ушул эле беренсинин 1,2 же 3-бөлүктөрү боюнча соттолуп жатса, анда конфискация караштырылган эмес. Жана сот иш жүзүндө аны дайындай албайт. Тоноо, каракчылык, опузалап талап кылуу, алдамчылык ж.б. курамдары боюнча дагы ушундай.

Экономикалык контрабанда боюнча (КЖК 231-бер.) конфискациялоо жок. Ал бул бернененин 4-бөлүгүндө гана караштырылган (тактап айтканда эгерде жосун мисалы, уюшкан топ тарабынан жасалса, анда мыйзам чыгаруучунун пикир боюнча анын мүчөлөрү контрабанданын предметин кайтара алышпайт). 2022-жылдын 16-июнунда беренеге конфискациялоого тиешелүү толуктоолор киргизилген. Алсак, КР КЖК 231-беренесине карата эскертүүгө кийинкидей толуктоолор киргизилген *«бажы контролунан тышкары өткөрүлгөн товарлар жана башка предметтер, ошондой эле аларды ташууга пайдаланылган транспорт каражаттары (анын ичинде башка ташуучу каражаттар) конфискациялануга тийиш».*

КР КЖК 86-беренесинде (буюм далилдери)

контрабанданын предмети кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык мамлекеттин кирешесине алынууга жатат. Конфискация бир катар кылмыштардын курамында жок.[101] Милдеттүү шарттарынын бири кийинкилер болуп эсептелет: бул мүлк кылмыштуу жол менен алынганын далилдөөчү далилдерди чогултуу; ал кылмышты жасоонун куралы, предмети же каражаты болгону; мүлк кылмышты жасоонун жыйынтыгында алынган каражатка алынса. Конфискацияны колдонуунун укуктук кепилдиктери ушундай. Өкүмдө

[101] См.ст.ст.205–211, 286, 381,341,357,362 КЖК URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

конкреттүү түрдө кайсы мүлк конфискацияланып жатканы так көрсөтүлгөн (саналып берилген) болушу керек. Бул мүлктүн тизмеси көрсөтүлгөн болушу зарыл. Айыптоочу өкүмдүн жол-жоболоштуруучу бөлүгүндө соттун конфискациялоого жаткан мүлк кылмыш жасоонун жыйынтыгында алынгандыгы же мындай мүлктүн кирешеси экендиги жөнүндө корутундусуна негиз катары далилдер камтылуусу керек.

Сот тарабынан конфискациялоо жөнүндө чечимдер кабыл алынып жаткан учурда конфискациялоонун предмети жок болуп калган дагы кырдаалдар бар (ал колдонулуп кеткендигинен улам, сатылып кеткен, мыйзамдуу жол менен алынган мүлктөн бөлүүнүн мүмкүн эместигинен же болбосо тигил же бул себептерден улам). Мындай кырдаалдарда сот ошол предметтин баасына туура келген акчалай сумманы конфискациялоо жөнүндө чечим чыгарат (КР КЖК 69-бер.5-бөл.).

КР КЖК 69-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунда көрсөтүлгөн жана конфискациялоого жаткан мүлккө кирген предметтин ордуна акчалай каражаттар жетишсиз же жок болгон учурда, сот баасы конфискациялоого жаткан предметтин баасына туура келген, же болбосо ал предметтин баасына салыштырмалуу түрдө дал келген башка мүлктү конфискациялоо жөнүндө чечим чыгарат, мыйзамга ылайык өндүрүүгө жатпаган мүлккө бул жайылтылбайт.

Мониторингдин алкагында жүргүзүлгөн фокус-топтук талкуунун жыйынтыктарына талдоо жүргүзүү, ошондой эле анкетирлөө кийинкилерди көрсөттү. Респонденттер (адвокаттар, соттор, укук коргоо органдарынын кызматкерлери ж.б.) кылмыш-жаза сот өндүрүшү процессиндеги иш тажрыйбасы айыпкердин конкреттүү түрдө кайсы мүлкү кылмыштуу жол менен алынганы көп учурда изилденбей каларын белгилешти. Соттор сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө тергөөчү тарабынан түзүлгөн тизмеге таянып мүлктү конфискациялоо түрүндөгү жазаны колдонушат. Катышуучулар КР КЖК жана КПК ортосундагы конфискациялоо суроолору боюнча шайкештиктин жоктугун белгилешти, ошондуктан аларга конфискациялоо түрүндөгү жазаны колдонуунун так эрежелерин бекитүү сунушталды. ФТТ жана анкетирлөөнүн катышуучуларынын пикир боюнча, конфискация жаза катары Кылмыш-жаза кодексинин Өзгөчө бөлүгүнүн беренелеринде караштырылышы керек. Соттор мүлктү конфискациялоону КР КПК ченемлерине шилтеме келтирип колдонгон учурлар дагы бар. Респонденттер мүлктү конфискациялоо КР Кылмыш-жаза кодексинде караштырылган учурларда гана колдонулушу зарыл деп эсептешет.

66 респондентке анкетирлөө жүргүзүү көрсөттү: 43 респондент (65,2%) мүлктү конфискациялоо КР Кылмыш-жаза кодексинде жабырлануучуга келтирилгензыянды калыбына келтирүү максатында мыйзамда кылмыш-жаза-укуктук таасир этүү чарасы катары каралышы керек;

15 респондент (22,7%) – мүлктүк жаза катары; а 13 респондент (19,7%) – кылмыш жасагандыгына байланыштуу соттун атынан колдонулуучу коопсуздук чарасы катары. 32 респондент (48,5%) атайын конфискациянын жетиштүүлүгү жөнүндө ой пикирлерин билдиришти; 20 респондент (30,3%) жалпы конфискацияны киргизип кереги жок деп билдиришти; 18 респондент (27,3%) КЖКга жалпы конфискациялоонун киргизилүүсүнө макул экендиктерин билдиришти. 56 респондент (84,8%) мүлктү конфискациялоо КР КЖК Өзгөчө бөлүгүндөгү беренелердин санкцияларында караштырылган болсо, мүлктү конфискациялоону кошумча жаза катары колдонуу керек деп эсептешет; ал эми 10 респондент (15,2%) – ал КР КЖК Өзгөчө бөлүгүндөгү беренелердин санкцияларында караштырылбаган учурда деп белгилешти.

Мүлктү конфискациялоо дайындалышы керек деген кылмыштардын түрү боюнча, 32 респондент (48,5%) пайда табуу максатындагы кылмыштарга карата деп белгилешти; 30 респондент (45,5%) – оор жана/же өзгөчө оор кылмыштарга карата; жана 14 респондент (21,2%) – сот зарыл деп эсептеген бардык учурларда деп белгилешти.

Айыптоо органдары конфискацияланып жаткан мүлк кылмыштуу жол менен алынгандыгы жөнүндө далилдерди чогултуу зарылбы деген суроого 57 респондент (86,4%) ооба – деп жооп беришти; 8 респондент (12,1%) – маанилүү эмес деп белгилешти; 1 респондент (1,5%) – жок деп жооп берди.

Корутундулар

1. Мүлктү конфискациялоо өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамында кошумча жаза катары караштырылган, а анын мазмуну эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келет. Бирок бул институт жеткиликтүү иштеп чыгууга муктаж.

2. Мүлктү конфискациялоо кошумча жаза катары Кылмыш-жаза кодексинин 284-беренесинин 57 санкциясында каралган.

3. Сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө сот тарабынан камакка алуу коюлган мүлктүн кылмыштуу келип чыгуусун далилдөө зарыл, болбосо күнөө принциби бузулат жана обьективдүү айыптоо орун алып калат.

Сунуштамалар

КР Жогорку кеңеши КР Кылмыш-жаза кодексине ревизия жүргүзүүсү зарыл жана КР Кылмыш-жаза кодексинин Жалпы бөлүгүндөгү беренеге жасалганда конфискация колдонулушу мүмкүн экендигин белгилеген кылмыштардын категорияларын (түрлөрүн) бекитүүсү зарыл. Конфискациялоо институтун жазалоо чараларынан коопсуздук чараларына которуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу – бул аны бир гана соотолгон адамга карата эмес, ошондой эле башка жарандарга карата дагы колдонуу үчүн керек (акыл-эси соо эмес адамдарга, кылмыш жоопкерчилигине жашы толо элек адамдарга, предметтин кылмыштуу мүнөзү жөнүндө билген, бирок аны алган адамдарга ж.б.).

2. КР ЖС сотко мүлктү конфискациялоо түрүндөгү жазаны жайындоо тажрыйбаларын жалпылаштыруу сунушталат.

12-индикатор. Кылмыш-жаза кодекси жабырлануучунун укуктарын коргойт

12.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Кылмыш-жаза кодекси жабырлануучулардын укуктарын, эркиндиктери жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын, анын ичинде сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүүлүгү укугун жана келтирилген зыяндын ордун толтуруу укугун таануу жана сактоону камсыз кылуусу зарыл

Сыпаттамасы

АУЖД[102] 8-беренесинде ар бир адам конституциядагы же мыйзамдагы анын негизги укуктары бузулган учурда компоненттүү улуттук соттор аркылуу укуктары толук калыбына келтирилишине акылуу деп караштырган. Кылмыш-жаза кодекси жабырлануучуга ага ким тарабынан жасалганынан көз карандысыз түрдө мыйзамсыз негизде келтирилген

[102] Адам укуктарынын жалпы декларациясы. 1948-жылдын 10-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 217 А (III) резолюциясы менен кабыл алынган.URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml

моралдык жана материалдык зыянды калыбына келтирүү укугун камтышы керек, бул кылмыш-жаза укук бузуусун жасаган адамдын мындай зыянды калыбына келтирүүсүнө карата стимул катары каралышы зарыл. ЖСУЭП өзүнүн 11-беренесинде кандайдыр бир келишимдик милдеттенмени аткара турган абалда эмес болгондугун үчүн гана эч ким эркиндигинен ажыратылы мүмкүн эмес экендигин белгилейт.

Адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери декларациясынын 33-беренесинде [103] мамлекет кылмыштардын жабырлануучуларынын укуктарын сактоого милдеттенме алат жана келтирилген зыяндын тезинен компенсацияланууусун камсыз кылат. Кылмыштардын жабырлануучулары үчүн сот адилеттигинин негизги принциптери Декларациясына ылайык, келтирилген залалды кайрадан калыбына келтирүүнүн эки формасын айырмаоо керек – реституцияны жана компенсацияны. Социалдык адилеттикти калыбына келтирүү түрүндөгү жазалоонун максаты кийинкилерди түшүндүрөт: а) жеке адамга, коомго, мамлекетке кылмыш аркылу келтирилген залалды жазалоо аркылуу оптималдуу түрдө мүмкүн болушунча калыбына келтирүү, жумшартуу. Реституция деген болсо, адамдын мурунку укугун калыбына келтирүүнү, анын ичинде мүлктүк абалын калыбына келтирүүнү түшүндүрөт.[104]

1985-жылы БУУ Кылмыштардын жана бийлигинен кыянаттык менен пайдалануунун жабырлануучулары үчүн сот адилеттигинин негизги принциптери декларациясын кабыл алган[105], анда мамлекет тарабынан келтирилген зыянды калыбына келтирүү чаралары боюнча сунуштамалар жазылган. Бул чечим айрым өлкөлөрдө адистештирилген фонддорду түзүү түрүндө ишке ашырылды[106].

Дал ушундай окшош жобону 1983-жылдагы Зомбулуктуу кылмыштардын жабырлануучуларына келтирилген зыянды калыбына келтирүү боюнча Европа конвенциясынын 2-беренесинен табууга болот,[107] ал эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана мамлекеттердин жоопкерчилигине негизделген.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

[103] РСФСР Жогорку Советинин 1991-жылдын 22-ноябрындагы N 1920-1 "Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин декларациялоо жөнүндө" токтомуURL: https://docs.cntd.ru/document/9005146

[104] Генералдык Ассамблеянын 1985-жылдын 29-ноябрындагы 40/34 резолюциясы менен кабыл алынган Кылмыш жана кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу курмандыктары үчүн сот адилеттигинин негизги принциптеринин Декларациясы, 2-ст. 8. "Адилет реституция" - "мүлктү кайтарып берүү же келтирилген зыяндын же зыяндын ордун толтуруу, виктимизациянын натыйжасында келтирилген чыгымдардын ордун толтуруу, кызматтарды көрсөтүү, укуктарды калыбына келтирүү". Оор кылмыштардын натыйжасында денесине олуттуу залал келтирилген же физикалык же психикалык ден соолугуна олуттуу зыян келтирилген жабырлануучуларга келтирилген зыяндын (зыяндын) ордун толтуруу укук бузуучу тарабынан төлөнөт.URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/power.shtml

[105] Бийликтин кыянатчылык менен пайдалануусунан жана кылмыштардан жабыр тарткан адамдар үчүн сот адилеттигинин негизги принциптеринин декларациясы. Башкы Ассамблеянын 40/34резолюциясы менен кабыл алынган. 29-ноябрь, 1985-жыл URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/power.shtml

[106] Казакстан Республикасынын 2018-жылдын 10-январындагы № 131-VI «Жабыр тарткан адамдарга компенсациялоо фонду жөнүндө» Мыйзамы URL: https://adilet.zan.kz/rus/docs/Z1800000131;
Литвада быйыл кылмыштын курмандыктарына жарым миллион евро бөлүндү, 5.05.2024 URL: https://www.delfi.lt/ru/news/live/v-litve-v-etom-godu-zhertvam- prestupleniy-vydeleno-polmilliona- evro-96388557

[107] Оор кылмыштардын жабырлануучуларына компенсацияларды төлөп берүү жөнүндө Европалык конвенция. Страсбург, 24-ноябрь, 1983-жыл URL: https://rm.coe.int/1680079754

КР КПК 40-беренесине ылайык, жабырлануучу шектүүнүн, айыпталуучунун жана соттолгондун эсебинен кылмыштын негизинде келтирилген материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтурууга укуктуу.

КР Кылмыш-жаза-процессуалдык кодексине 2017-жылы жүргүзүлгөн реформага чейин кылмыштын негизинде келтирилген залал үчүн компенсация өндүрүү жарандык сот өндүрүшү тартибинде ишке ашырылчу. 2017-жылдагы Кылмыш-жаза кодекси келтирилген залалдын ордун толтуруунун жаңы кылмыш-жаза укуктук тартибин караштырды жана КР Кылмыш-жаза кодексинин 71-беренесинде келтирилген материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруунун ченеми киргизилген. Мына ошентип, кылмыш-жаза сот өндүрүшү тартибинде келтирилген материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруу, ордун толтуруу жөнүндө суроонун чечилишин тездетет. Бул ченем азыркы учурда иштеп жаткан 2021-жылдагы Кылмыш-жаза кодексинде сакталган. Албетте, КПК 37-беренесине ылайык, тергөөчү келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча чараларды көрүүгө ыйгарым укуктуу экендиги караштырылган (мисалы, мүлкүн камакка алуу аркылуу). Жабырлануучу ошондой эле, тергөө судьясына материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтурууну камсыз кылуу максатында мүлккө камак салуу жөнүндө өтүнүч берүүгө укуктуу (КПК 121-бер.). Ошол эле учурда мүлк кыймылдуу жана кыймылсыз болушу мүмкүн (акча каражаттарын жана баалуу кагаздарын кошкондо).

Судья сотко чейинки өндүрүш органдары тарабынан ушул Кодекстин 256-беренесинин 4-бөлүгүндө жана 261-беренесинин 7-пунктунда каралган материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтурууну жана мүлктү мүмкүн болгон конфискациялоону камсыз кылуу боюнча чаралар кабыл алынбаса, соттук отурумду дайындоо үчүн тоскоолдуктарды жоюу максатында ишти прокурорго кайтарып берет (КПК 278-берене).

Эгерде сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө материалдык зыянды аныктоо милдеттүү түрдө болсо, ошол эле учурда мындан айыпталып жаткан адамдын аракеттерин квалификациялоо көз каранды болсо, анда кылмыштардын бардык курамы үчүн моралдык залалды аныктоо талап кылынбайт. Моралдык-адеп-ахлактык азаптанууларды баарынан көп өмүргө, ден соолукка, жыныстык кол тийбестикке каршы жана зомбулукту жасоого же аны жасоо коркунучуна байланыштуу башка кылмыштар алып келет. 2017-жылдын Кылмыш-жаза кодексинде келтирилген моралдын залалды компенсациялоонун чектери келтирилген залалдын оордугунан көз карандылуу түрдө 50 эседен 1000 эсеге чейинки эсептик көрсөткүч өлчөмүндө бекитилген. Ошол эле учурда мындай мүлктүк талаптардын мыйзамдуулугу аныкталган болушу керек. Бардык учурларда акыл-эстүүлүк жана адилеттүүлүк талаптары эске алынышы зарыл. Келтирилген моралдык залал үчүн жоопкерчилик өз алдынча дагы, ошондой эле мүлктүк зыяндын ордун толтуруу менен чогуу колдонулушу мүмкүн.

КР Кылмыш-жаза кодексинин беренесинде көрсөтүлгөн чектөөлөрдөн улам, моралдык залалды компенсациялоонун өлчөмүн аныктоонун соттук тажрыйбасы, мындай өлчөмдөр өзгөртүлүшү керектигин же ордун толтуруунун башка механизмдери караштырылуусу керектигин көрсөттү. Бул компенсациялардын өлчөмү көп учурда жабырлануучу башынан өткөргөн азаптануларга туура келбегендиги менен байланыштуу.[108] Ошол эле учурда КР

[108] Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жылдын 25-январындагы чечими менен 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча. А.М.нын кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 71. Курманбаева, 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн ченемдик жобо.

КПК 40-беренсинин 10-бөлүгүнүн талаптарына карата Конституциялык сот Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети [109] тарабынан аныкталган тартипте адистештирилген фонддун эсебинен ордун толтуруу учурлары үчүн гана моралдык залалды компенсациялоонун чектерин мыйзам чегинде аныктоого жол берилет деп тапты. Бул чечимди аткаруу жаатында 2021-жылдагы Кылмыш-жаза кодексинин моралдык залалдын ордун толтуруу үчүн өлчөмүн аныктоо сот тарабынан анын оордугунун деңгээлинен көз карандылуу түрдө аныктала тургандыгы менен байланыштуу болгон 71-берененин 2-бөлүгүнө өзгөртүүлөр киргизилди.

Эл аралык сунуштамаларды ишке ашыруу үчүн 2017-жылдагы КР КПК өлкөдө компенсациялоо фондун түзүү жөнүндө жобо биринчи жолу караштырылган. Бул ченем 2021-жылдагы КР КПК кайталанып киргизилген. Алсак, 2021-жылдагы КР КПК 40-беренесинин 10-пунктунда кийинкидей мазмундагы жобо бекитилген: «Жабырлануучуга шектүүнүн, айыпталуучунун жана соттолгондун эсебинен материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруу мүмкүн болбогон учурда, материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети (мындан ары – Министрлер Кабинети) тарабынан аныкталган тартипте адистештирилген фонддун эсебинен жүргүзүлөт».

Республикада жабырлануучуларга жардам берүү фонду азыркы күнгө чейин түзүлө элек. Ошол эле учурда мамлекет жабырлануучуга баарынан мурун кылмыштын жасалуусун алдын алууга, бөгөт коюуга жана сапаттуу иликтөөгө жөндөмсүз болгондугу себебинен жабырлануучуга келтирилген залалдын ордун толтурууну камсыз кылуусу керек. Бирок Мындай ордун толтуруунун мисалдары жок. Алсак, КР «Терроризмге каршы аракеттенүү жөнүндө» 2022-жылдагы Мыйзамында террордук акты жасалган учурда зыяндын ордун толтуруунун тартиби караштырылган.[110]

Изилдөө учурунда жүргүзүлгөн тереңдетилген маектешүүлөрдө прокурорлор КР Кылмыш-жаза кодекси жабырлануучунун укугун коргойт деп белгилешти. Алардын пикир боюнча, кылмыш-жаза мыйзамдарындагы зыяндын ордун толтуруу механизми/процедурасы көбүрөөк натыйжалуу болуп эсептелет. Адвокаттар жабырлануучуга келтирилген зыяндын ордун толтуруунун кылмыш-жаза-укуктук мүнөзү натыйжалуу экендигин, бирок иш жүзүндө болсо соттор жарандык тартипте арыз менен кайрылуунун зарылдыгына шилтеме келтиришип, моралдык залалдын ордун толтурууну кылмыш-жаза тартибинде ишке ашыруудан баш тартышат. Анкетирлөө учурунда сурамжылоого катышкан 66 адамдын ичинен, жооптордун сунушталган 8 вариантынын ичинен 44 респондент (66,7%) (соттор, прокурорлор, адвокаттар, укук коргоо органдарынын кызматкерлери, бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү ж.б.), жабырлануучунун Фондун түзүүнү мамлекеттин аталган фондду түзүү механизми жаатындагы көз карашынын жоктугу кечеңдетет деген вариантты тандап алышты; 28 респондент (42,4%) мындай фондду түзүүнүн булактары жоктугу

Кылмыш-жаза кодексинин “эсептөө көрсөткүчүнүн 50дөн 1000гө чейинки өлчөмүндө” деген сөздөр менен туюнтулган 71-беренеси Конституциянын 23-беренесинин 2 жана 4-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 62-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылат. Кыргыз Республикасынын. URL: https://constsot.kg/wp-content/uploads/2023/01/01-kurmanbaeva-a.m.-1.pdf

[109] КР КЖПКнин 40-беренесинин 10-бөлүгү 2021-ж. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112308/edition/14744/ru

[110] КР 2022-жылдын 4-июлундагы No 55 "Терроризмге каршы аракеттенүү жөнүндө" Мыйзамынын 32-беренеси.URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112387/edition/1177705/ru

кечеңдетет деген вариантты тандап алышты. Айрым респонденттер болсо.ю жооптордун сунушталган варианттарынын ичинен бир нечесин тандашты.

Корутундулар

1. КР Кылмыш-жаза кодексинде материалдык зыяндын жана моралдык залалдын ордун толтуруунун тартибин жөнгө салган берене караштырылган.

2. КР Кылмыш-жаза-Процессуалдык кодексинде 2017-жылы эле материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруунун адистештирилген фондун түзүү караштырылган, бирок тиешелүү укуктук акты азыркыга чейин кабыл алына элек.

Сунуштамалар

1. Реформанын аягына сапаттуу түрдө чыгуу үчүн КР Кылмыш-жаза-Процессуалдык кодексинде караштырылгандай материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруунун адистештирилген фондун түзүү сунушталат.
2. КР Жогорку соту кылмыш-жаза чөйрөсүндө материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтурууну жалпылаштыруусу жана мындай сыроолорду соттордун кароосу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуусу максаттуу.

13-индикатор. Кылмыш-жаза кодекси балдардын жана жаш адамдардын кылмыш-жаза жоопкерчилигинин жана аларды жазалоонун өзгөчөлүктөрүн караштырат

13.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Кылмыш-жаза кодеси жашы жетелек өспүрүмдөргө жаза дайындоонун ордуна таасир этүүнүн башка чараларын колдонуу мүмкүнчүлүгүн караштыруусу керек

Сыпаттамасы

Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын [111] 40.1-беренеси караштырат: «1.*Катышуучу-мамлекеттер кылмыш-жаза мыйзамын бузду деп эсептелген, аны бузгандыгы боюнча айыпталып жаткан же күнөөлүү деп таанылган ар бир баланын укугун тааныйт, ага андагы башкалардын адам укуктарын жана эркиндиктерин сыйлоону калыптандырган, балада өзүнүн кадыр-баркы жана маанилүүлүгү сезимин өстүрүүгө түрткү болгон мамиле жасоону тааныйт, муну менен катар эле, баланын жаш курагы жана аны реинтеграциялоого жана алардын коомдо пайдалуу ролду аткаруусуна мүмкүн болушунча көмөктөшүүнү эске алат».* ***Бириккен Улуттар Уюмунун жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сот адилеттигин жөнөтүүгө тиешелүү Минималдык стандарттык эрежелери (Пекин эрежелери)***[112] караштырат: «*5.1. Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сот адилеттиги тутуму эң биринчи кезекте, жашы жетелек өспүрүмдүн бакубаттуулугун камсыз кылууга жана жашы жетелек укук бузуучуларга карата бардык тарбиялоочу жаза-чаралары, укук бузуучунун инсандык өзгөчөлүктөрүнө жана укук бузуунун жагдайларына чен өлчөмдүү түрдө болуусун камсыз*

[111] Баланын укуктары жөнүндө конвенция. Башкы Ассамблеянын 44/25 резолюциясы менен кабыл алынган . 20-ноябрь, 1989 -жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/childcon.shtml

[112] Бириккен Улуттар Уюмунун жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сот адилеттигин жөнөтүүгө тиешелүү Минималдык стандарттык эрежелери (Пекин эрежелери). Башкы Ассамблеянын 40/33 резолюциясы менен кабыл алынган. 29-ноябрь, 1985-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/beijing_rules.shtml

кылууга багытталган». ***Глобалдык чакырыктарга жооп берүү үчүн комплекстүү стратегиялар жөнүндө Сальвадорск декларациясы: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү кылмыштуулуктун алдын алуу тутумдары жана кылмыш-жаза сот адилеттиги жана алардын өнүгүшү***[113] караштырат: «*27. Биз балдарды эркинен ажыратуу акыркы чара катары жана тиешелүү түрдө максималдуу кыска мөөнөткө гана колдонулушу принцибин колдойбуз. Биз жашы жетелек өспүрүм укук бузуучуларды кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумунун таасири чөйрөсүнөн чыгарууга түрткү берген, абакка камоого альтернативдүү чараларды, реституциондук сот адилеттиги жана башка тиешелүү чараларды тиешелүү учурларда кеңири колдонууну сунуштайбыз».* ***Кылмыштуулук жана сот адилеттиги жөнүндө Вена декларациясы: XXI кылымдын чакырыктарына жооптор*** [114] ***, караштырат:*** «*24. … оор жагдайларга кабылган жашы жетелек өспүрүмдөрдүн укук бузуучу болуу коркунучуна кабылган жана кылмыштуу топторго, анын ичинен улуттар аралык уюшкан кылмыштуу топтор менен байланыштуу топторго тартуу үчүн жеңил олжого айлануу коркунучтарына дагы кабылган учурлары аз болбойт жана биз мындай көрүнүштүн өсүүсүнүн алдын алуу үчүн ага каршы туруучу чараларды кабыл алууга милдеттүүбүз».*

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Кылмыш-жаза кодексинин 17-беренеси адилеттүүлүк жана гуманизм принциптерин негиз кылуу менен кылмыштын субъектисинин – баланын жаш курагы менен байланыштуу кылмыш-жаза жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрүн гана белгилейт. Балага тиешелүү бардык ченемдерди КР Кылмыш-жаза кодексинин Жалпы бөлүгүнүн бир бөлүмүнө топтоо бул адамдардын кылмыш-жаза жоопкерчилигинин жалпы принцибин көрсөтүү жана алардын кылмыш-жаза жоопкерчилигин жөнгө салган бардык ченемдерди тутумдаштыруу мүмкүнчүлүгүн берет. Мындай тажрыйба БУУнун бир катар документтеринин сунуштамаларына шайкеш келет жана заманбап чет элдик кылмыш-жаза мыйзамдарында кеңири колдонулат. Ошондой эле КР учурдагы иштеп жаткан Кылмыш-жаза-процессуалдык кодекси 54 бөлүмдү камтыйт «Мыйзам менен чатагы бар балдардын жасаган кылмыштары жөнүндө иштер боюнча кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тартиби», мында балага карата сотко чейинки жана соттук териштирүүлөрдүн өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү бардык ченемдер топтоштурулган.

Жалпы эрежеге ылайык, балдардын кылмыш-жаза жоопкерчилиги кодекстин 17-бөлүмүндө караштырылган эрежелерди эске алуу менен КР КЖК жоболоруна ылайык башталат. Бул эгерде балдарды кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартууда тигил же бул суроо бул бөлүмдүн алкагында жөнгө салынбаса, анда жалпы жоболорду жетекчиликке алуу сунушталат.

[113] Глобалдык чакырыктарга жооп берүү үчүн комплекстүү стратегиялар жөнүндө Сальвадорск декларациясы: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү кылмыштуулуктун алдын алуу тутумдары жана кылмыш-жаза сот адилеттиги жана алардын өнүгүшү. Башкы Ассамблеянын 65/230 резолюциясы менен кабыл алынды. 21-декабрь, 2010-ж.. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/salvador_declaration.shtml

[114] Кылмыштуулук жана сот адилеттиги жөнүндө Вена декларациясы: XXI кылымдын чакырыктарына жооптор. Бириккен Улуттар Уюмунун Кылмыштуулуктун алдын алуу жана укук бузуучуларга карата мамиле боюнча Онунчу Конгрессинде кабыл алынган, Вена, 10-17 апрель, 2000-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/vendec.shtml

Кылмыш-жаза жоопкерчилигинин жалпы сыроолору, анын ичинде жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жайылтылуучу жалпы сыроолору КР КЖК Жалпы бөлүгүндөгү башка главалар менен жөнгө салынган, тактап айтканда алар кодекстин башка беренелерине жайгаштырылган. Алсак, КР КЖК 28-беренеси жоопкерчилик канча жаштан баштала тургандыгы жөнүндө, толугу менен жашы жетелек өспүрүмдөргө арналган; КЖК 68-беренесинин 2-бөлүгү жашы жетелек өспүрүмдөргө карата өмүр боюу эркиндигинен ажыратууну колдонууну жокко чыгарат; КЖК 73-беренесинин 1-бөл.5-пунктунда айыпкердин жашы курагы жетелектиги жаза дайындоодо жумшартуучу жагдай катары таанылат. Ошол эле учурда аларда кылмыш-жаза жоопкерчилигинин негиздери жана анын принциптери жашы жеткен адамдар менен бирдей.

2021-жылга чейин бирдиктүү термин – кылмыш жасаган жашы жетелек адам. 2021-жылдагы КЖК жашы жетелек өспүрүмдөргө карата ар түрдүү терминдер колдонулуп жатат: бала, балдар, жашы жетелек өспүрүм, он сегиз жашка чейинки куракгагы адамдар, он алты жашка толгон адам. Мыйзам чегиндеги мындай ыкма таптакыр туура эмес. Суроонун мазмунун түшүнүү үчүн бирдиктүү термин керек, бирок маниси жактан түшүнгөндө сөз кылмыштын жашы жетелек субъектиси жөнүндө болуп жатат.

КР КЖК 96-беренесине ылайык, балдар деп кылмыш жасалган учурга карата жашы он сегизге толо элек адамдар таанылат. Кылмыш жасаган он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки балага жаза дайындалышы же болбосо тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар колдонулушу же болбосо пробациялык көзөмөл белгилениши мүмкүн. Кылмыш-жаза жоопкерчилигинин жаш курагы тиешелүү кылмыштын субьектисинин милдеттүү белгиси катары, кесепеттеринин пайда болуу убактысына карабастан жосунду (аракетти же аракетсиздикти) жасаган убактан баштап аныкталат. Ошондой эле адам өзүнүн туулган күнүндө тиешелүү жаш куракка чыкты деп эсептелбейт, а андан кийинки сутканын нөл-нөл сааты болгондон кийин. Көпчүлүк кылмыштар үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги 16 жаш куракган башталат. КР КЖК 28-беренесинин 2-бөлүгүндө толук тизмеленген кылмыштар үчүн жоопкерчилик 14 жаштан башталат. Демек, балдардын жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрүнө кийинкилерди киргизүүгө болот: жашы жетелек өспүрүмдөргө карата колдонулган жазалардын санынын аздыгы; жашы жеткен чоң адам укук бузуучулар менен салыштырганда жаза дайындоонун мөөнөттөрүнүн жана өлчөмдөрүнүн аздыгы; тарбиялоочу таасир этүү чараларын колдонуу менен бошотуу мүмкүнчүлүгү; пробациялык көзөмөлдөө шарттарында болуунун жана бошотуунун кыйла жеңил шарттары; жоопкерчиликтен бошотуу жана жаза дайындоо үчүн мөөнөтү өткөндүгү кыскартылгандыгы; соттолгондугун жоюунун кыскартылган мөөнөттөрү.

Жазаларды дайындоо боюнча сот тажрыйбаларына талдоо жүргүзүү, жашы жетелек өспүрүмдөргө карата эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны дайындоо 2020-жыл менен салыштырганда 2023-жылы азайган. Алсак, мисалы 2020-жылы 211 жашы жетелек өспүрүмдүн ичинен 77 өспүрүм эркиндигинен ажыратууга соттолгон, ал эми 2023-жылы 159 жашы жетелек өспүрүмдүн ичинен 32 өспүрүм эркиндигинен ажыратууга соттолгон. Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата пробациялык көзөмөлдү колдонуу, соттолгон жашы жетелек өспүрүмдөрдүн жалпы санына карата өскөн.[115]

[115] 2020-жылдан 2023-жылга чейин Кыргыз Республикасында жазаларды дайындоо боюнча сот тажрыйбаларына талдоо жүргүзүү
URL: https://www.unodc.org/roca/uploads/documents/2024/Analysis_of_Judicial_Sentences_Infographic_ru.pdf

КР КЖК ошондой эле жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жазаларды дайындоонун ордуна таасир этүүнүн башка чараларын колдонуу мүмкүнчүлүгүн караштырат. Тактап айтканда, 97-беренеде баланы кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан алыстатуу чараларын колдонууга байланыштуу кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу суроосу жөнгө салынган. КР КПК 467-474-беренелерине ылайык, баланы кылмыш-жаза сот өндүрүш тутумунан чыгаруунун тартиби жана кабыл алынуучу чаралар караштырылган.

Ушундай түрдө, кылмыш жасаган мыйзам менен чатагы бар балага карата жаза дайындоонун ордуна кийинкилер колдонулушу мүмкүн: 1) Тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары (КР КЖК. 96-98-бер., КР КПК 480-бер.); 2) Пробациялык көзөмөлдү дайындоо (КР КЖК 96-бер., КР КПК 479-бер.); 3) Мыйзам менен чатагы бар баланы кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгаруу (КР КПК 97-бер., КР КПК 467- 475-бер.).

Ушул изилдөөнүн алкагында адвокаттарга сурамжылоо жүргүзүү кийинкилерди көрсөттү, окуялардын 85% мыйзам менен чатагы бар балдарга карата тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары дайындалган эмес. Муну иштердин бөлүгүндөгү жосундардын оордугу жана иштин жагдайлары балага карата тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын колдонууга жол берген жок деген түшүндүрмөнү айтышкан, белгилей кетчү нерсе буларды колдонуу көп учурда кылмыш-жаза укуктук таасир этүү чаралары катары колдонулат.



Адвокаттардын 68% алар катышкан иштер боюнча, сот пробациялык көзөмөлдөөнү дайындаганын белгилешти. Бул сот иштин жагдайлары жана жосундун оордугу мыйзам менен чатагы бар балдарга эркиндигинен ажыратуу менен байланышкан жазаны дайындабоого жол берген учурда, кайра тарбиялоонун максаттарына жооп берген башка чараларды колдонушкандыгын далилдеп турат.



Мыйзам менен чатагы бар балдардын иштери боюнча тажрыйбага ээ адвокаттарды сурамжылоо дагы адвокаттар мыйзам менен чатагы бар баланы жазадан бошотууга багытталган чараларды колдонушарын көрсөттү, жабыр тарткан адам менен элдештирүү боюнча чараларды көрүшөт, балага карата тарбиялоочу мүнөздөгү мажбурлоо чараларын дайындоого же пробациялык көзөмөлдөөнү колдонуу жөнүндө эскертме өткөрүшөт.



Эгерде пробациялык көзөмөл дайындалган соттолгон бала, пробациялык мөөнөттүн ичинде өзгөчө оор болуп саналбаган жаңы кылмыш жасаса, сот иштин жагдайын жана күнөөлүүнүн ким экендигин эске алуу менен пробациялык мөөнөттү колдонуу жөнүндө чечимди кайрадан кабыл ала алат (КР КЖК 103-бер.). Балдарга карата пробациялык көзөмөлдөө 6 айдан 1 жылга чейинки мөөнөткө белгиленет.

Бөлмөлүк талдоо жүргүзүү жана балдарды коргоо тутумундагы адистерге сурамжылоо жүргүзүү, жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жазалоонун ордуна башка жаза-чараларын колдонуу мүмкүнчүлүгүн ишке ашыруу жаатындагы бир катар чакырыктарды аныктады:

Сот тарабынан кийинкидей тарбиялоо мүнөздөгү мажбурлоо чаралары дайындалышы мүмкүн: 1) эскертүү менен көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү; 2) эскертүү менен жүрүм-турумун чектөө. Бул чаралардын тарбиялык мүнөзү ачык-айкын жана жетиштүү эмес. Көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү жана жүрүм-турумун чектөө, бала менен жетиштүү түрдөгү тыгыз байланышууга ээ үй-бүлөнүн мүчөсү болуп саналган жоопкерчиликтүү чоң адамдын бар болуусун түшүндүрөт. Иш жүзүндө болсо, мыйзам менен чатагы бар баланын үй-бүлөсүндө бүлөнүн мүчөсү болуп саналган жоопкерчиликтүү чоң адам жок болуп чыгат же бала менен үй-бүлөнүн жашы жеткен мүчөлөрүнүн ортосунда байланыш жоголгон болот.

2) Пробация кызматы башкармалыгынын Борбордук аппаратынын түзүмүндө Социалдык коштоо жана реабилитациялоо иш алып барбайт. Ювеналдык пробация сектору жана мамлекеттик органдар менен, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү эки адистин курамында. Кадрдык камсыз кылуунун бул көлөмү максаттары мыйзам менен чатагы бар балдарды кайра тарбиялоо, усулдук иштерди жүргүзүү, балдар менен иштөөдө инновациялык ыкмаларды киргизүү болуп эсептелген пробациялык көзөмөлдөө боюнча уюштуруучулук иштерин жүргүзүү үчүн жетишсиз болуп саналат. Пробация кызматынын райондук деңгээлдеги кадрдык түзүмүндө ювеналдык пробация суроолору боюнча адистештирилген кызматкерди бекитүү мүмкүнчүлүгү жок.

Корутундулар

1. Кыргызстан мыйзам менен чатагы бар балдарга мамиле кылуу боюнча эл аралык стандарттарды маанилүү деңгээлде интеграциялаган. Бул пробациялык көзөмөлдөө жана тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары сыяктуу альтернативдүү чараларды караштырган мыйзамдарда чагылдырылган. Бул чаралар балдарды коомго реинтеграциялоого жана алардын кылмыш-жаза тутуму менен байланышын минимизациялоого көмөктөшүүгө багытталган.

2. Көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү жана жүрүм-турумун чектөө сыяктуу тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары жетишсиз түрдө белгиленген тарбиялоочу компонентке ээ. Бул чараларды ишке ашыруу, мыйзам менен чатагы бар балдардын үй-бүлөлөрүндө жоопкерчиликтүү чоң адамдардын жоктугу менен татаалдашып жатат. Бул колдоо көрсөтүүнүн кыйла натыйжалуу социалдык механизмдерин түзүү зарылчылыгын баса белгилейт.

3. Ювеналдык пробация секторунун кадрдык ресурска ээ болушу өтө төмөн, бул болсо жашы жетелек өспүрүмдөрдү кайра тарбиялоонун жана реабилитациялоонун максаттарын натыйжалуу ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн чектейт. Инновациялык ыкмаларды ишке киргизүү жана социалдык коштоо боюнча тапшырмаларды толук кандуу аткаруу үчүн, кадрдык жана усулдук базаны маанилүү деңгээлде күчөтүү талап кылынат.

Сунуштамалар

1. КР КПК 480-беренесинде тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын ишке ашыруунун конкреттүү программаларын белгилөө зарыл, же болбосо тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларынын мазмунун жана ишке ашыруу алгоритмин жөнгө салган мыйзам алдындагы актыга шилтеме келтирген ченемди киргизүү зарыл.

2. Пробация кызматынын кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн усулдук жактан камсыз кылуу бөлүгүндө, ювеналдык пробацияны жана алардын мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча адиштештирилүүсүн активдүү өнүктүрүү зарыл. Пробация

кызматынын пробациянын кардарлары менен иштеген бардык адистеринин мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө суроолору боюнча квалификацияларын жогорулатуу жаатында иш алып баруу зарыл. Буга паралелдүү түрдө эле, келечекте ювеналдык пробация суроолору боюнча адистештирилген кызматкерди бөлүү мүмкүнчүлүгүн түзүү максатында райондук деңгээлде акырындан кадрларды өстүрүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу керек.

3. Мыйзам менен чатагы бар баланын жасагандыгы үчүн жоопкерчиликти түшүнүүсү жана өкүнүүсү менен түз байланыштуу элдештирүүчү процедураларды (медиация, үй-бүлөлүк топтук конференциялар ж.б.) камтыган калыбына келтирүүчү сот адилеттигин кеңири колдонуу, ювеналдык пробацияны өнүктүрүүнүн багыттарынын бири болушу зарыл. Пробация тутумунун алкагында кайрадан социалдаштыруу программаларын натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жалпы республика боюнча ювеналдык пробация борборлорун түзүү максаттуу, ал жерлерде пробациялык көзөмөл дайындалган мыйзам менен чатагы бар балдар, жашы жетелек өспүрүмдөрдүн (кыз/эркек бала) муктаждыктары жана жекече тобокелчиликтери белгиленген усулга ылайык аныктамалардын негизинде гана кайра тарбиялоого, реабилитациялоого жана кайрадан социалдаштырууга багытталган кийлигишүүлөрдөн өтүшмөк.

13.2-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Кылмыш-жаза кодекси балдар жана жаш адамдар үчүн жазаны жумшартуу мүмкүнчүлүгүн караштыруусу керек

Сыпаттамасы

Баланын укуктары жөнүндө конвенция караштырат: *«37-берене. Катышуучу-мамлекеттер караштырышат: а)… бошотуу мүмкүнчүлүгүн караштырбаган өлүм жазасы дагы, өмүр боюу абакка эркиндигинен ажыратуу дагы, жаш курагы 18 жаштан ылдыйкы адамдар жасаган кылмыштар үчүн дайындалбайт; b) … Баланы камакка алуу, кармоо же абакка камоо мыйзамга ылайык ишке ашырылат жана болушунча кыска убакыт аралыгына шайкеш келген акыркы чара катары гана колдонулат».* **Пекин эрежелери караштырат:** *«5.1. Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сот адилеттиги тутуму эң биринчи кезекте, жашы жетелек өспүрүмдүн бакубаттыгын камсыз кылууга жана жашы жетелек өспүрүм укук бузуучуларга карата бардык таасир этүү жаза-чаралары дайыма укук бузучунун өздүгү менен, ошондой эле укук бузуунун жагдайлары менен чен-өлчөмдүү болуусун камсыз кылууга багытталган».* **Бириккен Улуттар Уюмунун эркиндигинен ажыратылган жашы жетелек өспүрүмдөргө карата Эрежелери** [116] белгилейт: *«1.Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сот адилеттиги тутуму алардын укуктарын жана коопсуздуктарын коргошу керек, жана да алардын дене бойлук жана акыл-эстик жактан абалдарынын жакшы болууларына көмөктөшүүсү зарыл. Абакка камоо акыркы чара катары гана колдонулушу керек».*

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КЖК 17-бөлүмү «Балдардын кылмыш-жаза жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрү» мыйзам менен чатагы бар балдарга карата жазаларды дайындоонун бир катар өзгөчөлүктөрүн камтыйт. Балагага жазаны дайындоодо жазанын алдын алуучу максаттарын эске алуу

[116] Бириккен Улуттар Уюмунун эркиндигинен ажыратылган жашы жетелек өспүрүмдөрдү коргоого тиешелүү Эрежелери. Башкы Ассамблеянын 45/113 резолюциясы менен кабыл алынган. 14-декабрь, 1990 -ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/juveniles_liberty.shtml

менен, күнөөнүн даражасы жосун тарабынан келтирилген залалдын даражасына шайкеш келүүсү керек (КР КЖК 72-берене), анын жашоо жана тарбия шарттары, психикалык өнүгүшүнүн деңгээли, инсандык башка өзгөчөлүктөрү, ошондой эле ага курагы боюнча жашы улуулардын таасири эске алынат (КР КЖК 102-беренеси). Мыйзам менен чатагы бар кылмыш жасаган балдарга жазалардын төмөнкүдөй түрлөрү гана дайындалышы мүмкүн: коомдук иштер, айып, эркиндигин чектөө, түзөтүү жумуштары, эркиндигинен ажыратуу (КР КЖК 103-беренеси).

Коомдук иштер 20 сааттан 120 саатка чейинки мөөнөткө дайындалат, баланын дене боюнун мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жумуштарды аткарууну билдирет жана ал аны окуудан же негизги ишинен бош убакта аткарат. Жазанын мындай түрүн он төрт жаштан он алты жашка чейинки балдардын аткаруусунун узактыгы бир күндө эки сааттан, ал эми он алтыдан он сегиз жашка чейинки балдарга бир күндө - үч сааттан ашпоого тийиш (КР КЖК 104-берене).

Айып он алты жашка толгон балдарга карата колдонулат. Айып соттолгон баланын өз алдынча эмгек акысы же өндүрүп алууга айландырыла турган мүлкү болгондо дайындалат (КР КЖК 105-берене).

Коркунучтуулугу аз же анча чоң эмес кылмыш жасаган он төрт жаштан он алты жашка чейинки балдарга 2 айдан 6 айга чейинки мөөнөткө, 16 жаштан 18 жашка чейинки куракгыларга - 6 айдан 1 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөө дайындалат (КР КЖК 106-берене).

Түзөтүү жумуштары 16 жаштан 18 жашка чейинки курактагы ишке орношкон балдарга иштеген жеринде бир айдан бир жылга чейин дайындалат. Түзөтүү жумуштарына соттолгон баланын эмгек акысынан, соттун өкүмүндө 5тен 10 пайызга чейинки чектерде белгиленген өлчөмдө мамлекеттин кирешесине чегерүү жүргүзүлөт (КР КЖК 107-беренеси).

Эркиндигинен ажыратуу - жаза дайындоо тутумундагы эң катуу жаза, ал КР жашы жетелек өспүрүмдөргө дагы дайындалышы мүмкүн. Балага карата дайындалуучу эркиндигинен ажыратуу КР КЖК 108-беренесинде караштырылган. Балдарга карата өмүр боюу эркиндигинен ажыратуу колдонулбайт.

КР Балдар жөнүндө кодексинин 90-беренеси ювеналдык юстиция тутумунун функционалдашуусунун бир принциби катары *«мөөнөтүн чектөөнү эске алуу менен эркиндигинен ажыратууну акыркы чара катары колдонууну»* караштырат.

КР учурдагы мыйзамына талдоо жүргүзүү жашы жетелек өспүрүмдөргө карата эркиндигинен ажыратуу жана аныкталган бир мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган жазалар колдонулушу мүмкүн экендигин көрсөттү. Ошондой эле жашы жетелек өспүрүмдөрдү жаза дайындоодон бошотуунун негиздери тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын колдонуу менен жазадан бошотууга (КР КЖК 98-бер.) же кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан алыстатуу чараларын колдонууга (КР КЖК 97-бер.) байланыштуу караштырылган.

Эгерде он алты жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы бала анча оор эмес жана (же) азыраак оор кылмышты биринчи жолу жасаган болсо, мурда соттолгон эмес болсо, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан алыстатуу программасына катышпаган болсо

жана кылмыш жасагандыгын мойнуна алса, ал тергөөчү тарабынан он алты жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы баланын туура өнүгүүсүнө жана кайра социалдашуусуна көмөктөшүүгө жана кайтадан кылмыш жасоосуна бөгөт коюуга багытталган, тизмеси КР КПК ылайык келишимде белгиленген, сотко чейинки өндүрүштүн алкагында кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан алыстатуу чараларын колдонуу менен кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулат.

Ошондой эле он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы бала анча оор эмес жана (же) азыраак оор кылмышты биринчи жолу жасаган болсо, ошондой эле эгерде тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын колдонуу аркылуу анын оңолуп кетүүсүнө жетишүү мүмкүн экендиги таанылса, сот тарабынан жаза дайындоодон бошотулат. Сот тарабанынан кийинкидей тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары колдонулушу мүмкүн: 1) эскертүү менен көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү; 2) эскертүү менен жүрүм-турумун чектөө.

Кылмыш жасаган учурга карата он сегиз жаш куракка толо элек балдарга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза алты айдан он жылга чейинки мөөнөткө дайындалышы мүмкүн. Он сегиз жашка чейинки куракта кылмыш жасаган он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки балага эркиндигинен ажыратуу мөөнөтү төмөндөгүдөй белгиленет: 1) анча оор эмес кылмыш үчүн - эки жылга чейин; 2) оор кылмыш үчүн - эки жылдан беш жылга чейин; 3) өзгөчө оор кылмыш үчүн - беш жылдан он жылга чейин.

Кылмыштардын же өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоодо эркиндигинен ажыратуунун максималдуу мөөнөтү он жылдан ашпоого тийиш. Бала кылмышкерлерге жоопкерчиликтин мындай жумшартылышы алардын жашы жеткен чоң кылмышкерлерге салыштырганда коомдук коркунучтуулугунун деңгээлинин төмөндүгү менен негизделген.

2021-жылдын КЖК киргизилген дагы бир жаңылык КР КЖК 108-беренесинин 4-бөлүгү: «*Эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза он алты жашка чейинки куракта биринчи жолу анча оор эмес кылмыш жасаган он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы соттолгон балага дайындалбайт*». Мисалы, эгерде бала он алты жашка чейинки куракта болуп туруп биринчи жолу азыраак оор кылмыш жасаса, бирок жоопкерчиликке 17 жаш курагында тартылып жатса, анда эркинен ажыратуу мыйзам чыгаруучу белгилегендей дайындалуусу мүмкүн эмес. Бул жерде сөз кийинкидей кылмыштар жөнүндө болуп жатат: Ден соолукка анча оор эмес залал келтирүү (КР КЖК 131-бер.1-2-б.), жөнөкөй жана квалификацияланган тоноо (КР КЖК 206-бер.1-2-бөл.), каракчылык (КР КЖК 207-бер. 1-б.), бейбаштык (КР КЖК 280-бер.2-бөл.). Мыйзам чегиндеги мындай жумшартуу эч кандай криминологиялык негиздемелерди камтыбайт жана айрыкча жабырлануучунун кызыкчлыктарын эске албайт. Демек, эркиндигинен ажыратуу бала оор жана өзгөчө оор кылмыш жасаган учурларда дайындалышы мүмкүн.

Кылмыш жасаган учурга карата 18 жаш куракка толо элек балдарга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза 6 айдан 10 жылга чейинки мөөнөткө дайындалышы мүмкүн (КР КЖК 108-беренеси). Кылмыштардын же өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоодо эркиндигинен ажыратуунун максималдуу мөөнөтү 10 жылдан ашпоого тийиш. Эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза 16 жашка чейинки куракта биринчи жолу анча оор эмес кылмыш жасаган 14 жаштан 18 жашка чейинки курактагы соттолгон балага дайындалбайт (КР КЖК 108-беренеси). 14 жаштан 16жашка чейинки курактагы балага оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза

дайындалганда, КР КЖК Өзгөчө бөлүгүнүн тийиштүү беренесинде каралган жазанын төмөнкү чеги жарымына кыскартылат (КР КЖК 108-беренеси).

КР КЖК 58 жана 92-беренелеринде каралган эскирүү мөөнөттөрү он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы балдарды кылмыш-жаза жоопкерчилигинен же жаза өтөөдөн бошотууда жарымына кыскартылат (КР КЖК 111-беренеси).

Жазаны дайындоодо КЖК жашы жетелек өспүрүмдүн жеке жашоосуна байланыштуу жагдайлар караштырылган, сот аларды көңүлгө алуусу зарыл[117]. КР КЖК 72-беренеси жазанын жеңилирээк түрү жазанын максатына жетүүнү камсыз кылбаган учурда гана ушул Кодекстин 60-беренесинде каралган жазанын оор түрү дайындалышы мүмкүн экендигин камсыз кылган жобону караштырат.

Эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү дайындалган жазаны балдар жалпы же күчөтүлгөн режимдеги тарбиялоочу колонияларда өтөшөт. Тарбиялоо абактарында жазаны өтөө дайындалат: 1) биринчи жолу эркиндигинен ажыратууга соттолгон эркек балага, кыз балага, ошондой эле пробациялык көзөмөл жокко чыгарылган жана эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза дайындалган балдарга - жалпы тартиптеги тарбиялоо абактарда; 2) мурда эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазасын өтөгөн эркек балага - күчөтүлгөн тартиптеги тарбиялоо абактарда.

Жасалган кылмыштын мүнөзүнөн жана коомго коркунучтуулугунун деңгээлинен, айыпкердин жеке жашоосундагы жагдайлардан жана иштин башка жагдайларынан көз карандылуу түрдө сот тарабынан кабыл алынган чечимдин себептерин көрсөтүү менен, эркиндигинен ажыратууга соттолгон эркек балага жалпы тартиптеги тарбиялоо абактарда жазасын өтөө дайындалышы мүмкүн.

Балдар эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү дайындалган жазасын өтөп жаткан абактар КР КЖК тарбиялоо деген аталышты алышты. Жашы жетелек өспүрүмдөргө абактын түрүн күчөтүүгө мыйзам тарабынан жол берилбейт. Тарбиялоо абактары – бул жаш курагы толо элек соттолгондор жазасын өтө үчүн жиберилүүчү түзөтүү мекемелери. БУУнун Жашы жетелектердин арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча жетектөөчү принциптери, 1990-жыл[118] ушул категорияга өзгөчө көңүл буруунү сунуштайт, анткени «анткени эркиндигинен ажыраган жашы жетелек өспүрүмдөр аярлуулуктун акыркы чегине жеткенде, өзгөчө көңүл бурууга жана коргоого муктаж болушат».

Тарбиялоо абактарынын режими түзөтүү абактарына караганда кыйла жеңил, укуктук чектөөлөр аз. Мындан сырткары, балдардын билим алуусун аягына чыгаруусуна мүмкүнчүлүк берүү үчүн аларды чоң адамдар менен кармоого которбойт, болбосо бул алардын оңолуусуна терс таасирин тийгизет, бекитилген эреже бар, ага ылайык жашы он

---

[117] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси. 2021-жыл. 102-берене. Балага карата жазаны дайындоо.

1. Балага жаза дайындоодо ушул Кодекстин 72-беренесинде каралган жагдайлардан тышкары, анын жашоо жана тарбия шарттары, психикалык өнүгүшүнүн деңгээли, инсандык башка өзгөчөлүктөрү, ошондой эле ага курагы боюнча жашы улуулардын таасири эске алынат. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

2. Баланын жаш курагы жумшартуучу жагдай катары, башка жоопкерчиликти жумшартуучу жана оордотуучу жагдайлардын топтомунда эске алынат. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

[118] БУУнун Жашы жетелек өспүрүмдөрдүн арасында кылмыштуулуктун алдын алуу үчүн жетектөөчү принциптеринде (Эр-Рияд жетектөөчү принциби). Башкы Ассамблеянын 45/112 резолюциясы менен кабыл алынган. 14-декабрь, 1990-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/juveniles_deinquency_prevention.shtml

сегиз жашка толгон соттолгон адамдар алардын жаш курагы жыйырма бир жашка толгонго чейин, бирок андан ашык эмес убакытка чейин тарбиялоо абактарында калышат. Терс мүнөздөмө берилген, жашы он сегиз жашка толгон соттолгон адамдар тарбиялоо абактарынан жазасын андан ары өтөө үчүн жалпы режимдеги түзөтүү абагына которулушат.

Мыйзам чыгаруучу, азыраак оор кылмыш жасагандыгы үчүн жазаны жеңилдетүүдөн сырткары дагы бир жеңилдетүүнү караштырган, бирок өзгөчө оор кылмыш жасаган учурда. Он төрт жаштан он алты жашка чейинки курактагы балага оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындалганда, ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн тийиштүү беренесинде каралган жазанын төмөнкү чеги жарымына кыскартылат.

2022-2023-жж. карата Балдардын арасындагы кылмыштуулукка КР Башкы прокуратурасы[119] тарабынан талдоо жүргүзүүгө ылайык, КБР алдын ала көрсөткүчтөрүнүн негизинде кылмыш жасагандыгы боюнча катталган 973 жашы жетелек өспүрүмдүн ичинен: 64 ата-энесинин камкордугусуз калтырылгандар, 149 аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөн, 9 жетим балдар, 23 мигранттардын балдары, 28 кароосуз балдар, 3 балдар үйлөрүнүн жана интернаттардын тарбияланууучулары, 132 толук эмес үй-бүлөлөрдө тарбияланып жаткандар, 295 толук үй-бүлөлөрдө тарбияланып жаткандар, 9 үй-бүлөдөн сырткары тарбияланып жаткандар. Калган 261 бала боюнча аныктоо мүмкүн болгон жок (баланын макамы көрсөтүлгөн эмес), ушуга байланыштуу бүгүнкү күндө электрондук базанын ишин жакшыртып иштеп чыгуу боюнча иштер алынып барууда. Мына ошентип, мыйзам менен чатагы бар балдардын иштеринин 26,8% баланын жашоо жана тарбия шарттары мызам тарабынан эске алынуусу мүмкүн эмес бойдон калат.



Мыйзам менен чатагы бар баланын жашоо кырдаалынын инсандык өзгөчөлүктөрүн сотко чейинки стадияда чагылдырууга түздөн түз арналган механизм, балдарды коргоо боюнча

[119] 2022-2023-жылдарга карата балдар арасындагы кылмыштуулукка талдоо жүргүзүү. КР Башкы Прокуратурасы

ыйгрым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери алып келе турган баланын жашоо кырдаалына баа берүү жана талдоо жүргүзүү болуп эсептелет. КР КПК 54-беренесине ылайык, балдарды коргоо боюнча ыйгрым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери кылмыш-жаза сот өндүрүшү процессинде милдеттүү:

1) баланын турмуштук кырдаалына баа берүүгө жана талдоо жүргүзүүгө, алардын жыйынтыгы боюнча корутунду түзүүгө;

2) баланын социалдык-психологиялык мүнөздөмөсүн түзүүгө.

Ошондой эле, сот балдар жасаган кылмыштар жөнүндө пробация органына милдеттүү түрдө пробациялык баяндама даярдоону тапшырат (КР КПК 28-берене, 4-бөл.). КР КПК 5-беренесинин 42-пунктуна ылайык, пробациялык баяндама - инсандыгын, социалдык-турмуш-тиричилик шарттарын жана кылмыш жасоого өбөлгө болгон башка жагдайларды изилдөөнүн негизинде айыпталуучунун социалдык-психологиялык портрети жөнүндө пробация органдарынын корутундусу.

Ошол эле учурда пробациялык баяндама айыпталуучу баланын инсандыгын жана жагдайларын ар тараптуу изилдөө аркылуу ага жекелештирилген мамилени камсыз кылуу үчүн маанилүү куралды өзүнө камтыйт, бул жерде татаалдаштыруучу фактор Пробация департаментинин адистери мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча адистикке ээ эмес экендиги болуп саналат (13.1-КК.кара). Ошол эле учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адистери айыпталуучу балдардын дал ушул муктаждыктарына жана тобокелчиликтерине баа берүүнү жүргүзүү боюнча окутуудан өтүшкөн эмес. Бул болсо алардын баланын инсандыгы жана жагдайлары боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрүнүн динамикалык тобокелчиликтерди (криминогендик муктаждыктарын) жана коргоо факторлорун аныктоо жаатындагы пайдалуулугун чектейт, бул жашы жетелек өспүрүмдүн инсандыгын жана жагдайларын үстүртөн, формалдуу изилдөөгө алып келиши мүмкүн. Тобокелчиликтерге жана муктаждыктарга толук кандуу баа берүү мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөөнү туура уюштуруу үчүн кардиналдуу түрдө маанилүү болуп эсептелет, тактап айтканда, балага жазаны дайындоодо жана аны менен тарбиялык иштердин жекече планын иштеп чыгууда маанилүү.

Изилдөөнүн алкагындагы ФТТ учурунда адвокаттардын арасында талкуулоо буларды көрсөттү, алардын пикири боюнча жашы жетелек өспүрүмдөргө карата эркиндигинен ажыратуунун азыркы учурда колдонулуп жаткан мөөнөтү жетиштүү. Бирок адвокаттардын кээ бирөөсү эркиндигинен ажыратуунун КР КЖК караштырылган мөөнөттөрүн ушундай эле калтыруу керек деп эсептешет, ал эми башкалары болсо эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны жеңилдетүү мүмкүн деп эсептешет. Адвокаттар кылмыш-жаза мыйзамында караштырылган балдарга карата тарбиялоо таасир этүү чараларынын натыйжалуулугун белгилешти.

Изилдөөнүн жүрүшүндө сурамжылоого катышкан 34 адвокаттын пикирлерине ылайык, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адисинин мыйзам менен чатагы бар балдардын иштеринин алкагында баланын жашоо кырдаалына талдоо жүргүзүү жана баа берүү боюнча изилдөөсүнүн толуктугу жана ар тараптуулугу кийинкидей бааланат:

№	**Сиз катышкан иштерде, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адиси мыйзам менен чатагы бар балдардын иштеринин алкагында баланын жашоо кырдаалына талдоо жүргүзүү жана баа берүү боюнча изилдөөсүнүн толуктугуна жана ар тараптуулугуна кандай баа бересиз?**	**Респондентт ердин саны**
1	Абдан жакшы	
2	Жакшы	5
3	Канааттандырарлык	4
4	Жаман	4
5	Баалай албайм	7
6	Алар болгону баланын жашаган дареги боюнча чыгышат жана ЖТШ (жашоо-тиричилик шарттары) актысын түзүшөт	2
7	Кызматкерлер көп учурда номиналдуу түрдө гана катышышат	3
8	Кызматкерлер өз ишин аткарышат	2
9	Кызматкерлердин кесипкөйлүгүн, иш-билгилигин жакшыртуу зарыл деп эсептейм	4
10	Талдоо жүргүзүүнүн ар тараптуулугу жеткиликсиз болбой калган учурлар кездешет	1

Демек, КР Кылмыш-жаза кодекси анын жашоо жана тарбия шарттары, психикалык өнүгүшүнүн деңгээли, инсандык башка өзгөчөлүктөрү, ошондой эле ага курагы боюнча жашы улуулардын таасири эске алуу менен, балдар жана жаш адамдар үчүн жазаны жумшартуу мүмкүнчүлүгүн караштырып турган учурда дагы, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан баланын жашоо кырдаалына сапаттуу талдоо жүргүзүүнүн жоктугунан иш жүзүндө (практикада) бул мүмкүнчүлүктү ишке ашыруу көп учурда мүмкүн эмес болууда.

Корутундулар

1. Кыргызстандын мыйзамдары жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жазаларды эл аралык стандарттарды эске алуу менен колдонууну камсыз кылган жоболорду камтыйт, ага мөөнөтүн чектөө менен эркиндигинен ажыратууну акыркы чара катары колдонуу кирет. Кылмыш-жаза мыйзамында жашы жетелек өспүрүмдөр үчүн жазалоонун ар түрдүү чаралары караштырылган, алардын жаш курагын, жашоо жана тарбиялоо шарттарын, ошондой эле баланын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алат. Бирок жашы жетелек өспүрүмдүн жашоо жана тарбиялоо шарттары жөнүндө сапаттуу маалыматтардын жетишсиздигинен улам, бул чаралар көп учурда декларативдүү бойдон калууда.

2. Кылмышка аралашып кеткен балдардын ири бөлүгү жайсыз үй-бүлөлөргө же турмуштук оор социалдык шарттарда жашаган үй-бүлөлөргө тиешелүү. Бирок бир катар окуяларда баланын жашоо кырдаалы жөнүндө маалымат толук эмес бойдон калууда, бул болсо көрсөткүчтөр менен иш алып барууну жакшыртуу зарылчылыгын баса белгилейт.

3. Изилдөөгө катышкан адвокаттардын пикирлери боюнча, балдарды коргоо органдарынын кызматкерлеринин кесипкөйлүгүн жана компетенттүүлүгүн жакшытуу зарылчылыгы бар, муну баланын жашоо шарттарына үстүртөн талдоо жүргүзүү окуялары тастыктап турат.

Сунуштамалар

1. КР Прокуратура органдарынын ишмердүүлүктөрүнүн багыттарынын бири балдардын укуктарын коргоо, балдардын мыйзамда караштырылган укуктарынын аткарылышын камсыз кылуу, балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого багытталган мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү болуп эсептелет, ошондой эле баланын маанилүү кызыкчылыктарын камсыз кылуу жана колдоо принциби колдонулат, КР Башкы Прокуратурасы баланын турмуштук кырдаалына толук кандуу жана ар тараптуу баа берүү жана талдоо жүргүзүү колдонулушун камсыз кылуусу зарыл.

2. Жекече баа берүүнү жана талдоо жүргүзүүнү дал ушул сотко чейинки пробациянын кызматкери балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери менен чогуу жүргүзүүсү максаттуу болот. Бул баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылууда тобокелчиликтерди жана муктаждыктарды эске алуу менен, баланын өздүгүн жана жагдайларын ар тараптуу изилдөөнү камсыз кылууга шарт түзөт. Бул сунуштаманы, келечекте райондук деңгээлде ювеналдык пробация суроолору боюнча адистештирилген кызматкерди бөлүү мүмкүнчүлүгүн паралелдүү түрдө караштырып, Пробация кызматынын бардык адистеринин мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча квалификацияларын жогорулатуу жаатында иш алып баруу зарылчылыгы жөнүндөгү жогоруда белгиленип өткөн сунуштамалар менен чогуу кароо керек.

ЧӨЙРӨНҮ БААЛОО

1-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза саясаты			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого карата комментарий**
1.	**Кылмыш-жаза саясаты жана Кылмыш-жаза кодекси**		
1-индикатор. Көз карандысыз мамлекеттин кылмыш-жаза саясаты болот, анын максаты коопсуздукту, адамдын укуктарын жана эркиндиктерин, мамлекеттин, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын мыйзамдуу кызыкчылыктары болуп саналат	1.1. Көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Кылмыш-жаза мыйзамы мамлекеттин укуктук саясатынын элементи болуп эсептелет, ал эми Кылмыш-жаза кодекси жана материалдык, процессуалдык кылмыш-жаза укугу чөйрөсүндөгү башка мыйзамдар кылмыш-жаза саясаты документтеринин негизинде иштелип чыгат	0	$З_0+П_0=0$ КР боюнча КК 0 балл деп баа берилди, анткени кылмыш-жаза саясатын, ошондой эле кылмыш-жаза саясаты боюнча формалдуу саясатты калыптандыруунун тутумдуу (системалуу) жана узак мөөнөттүү ыкмасы жок.
2-индикатор. Өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамы укук үстөмдүгүнө негизделген	2.1. Кылмыш-жаза мыйзамы укук үстөмдүгүнүн негизинде кылмыш-жаза-укуктук мамилелерди жөнгө салган жалгыз мыйзам болуп эсептелет	0,5	$З_{0,5}+П_0= 0$ КР боюнча КК 0, 5 балл деп баа берилди, анткени өлкөнүн Конституциясы кылмыш-жаза жосунун киргизүүнү караштырганына карабастан, 2021-жылдагы соттук-укуктук реформада кылмыш-жаза жосуну ишке ашырылган эмес жана укук колдонуу тажрыйбасы жок.
2.	**Кылмыш-жаза кодексинин принциптери жана алардын колдонулушу**		

1-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза саясаты			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого карата комментарий**
3. Кылмыш-жаза укугунун принциптери өлкөнүн Кылмыш-жаза кодексинде бекитилген	3.1. Кылмыш-жаза кодексинин принциби мыйзамдуулук болуп эсептелет	0,5	$З_1 + П_{0,5} = 0,5$ КК 0,5 балл деген баа берилди, анткени улуттук мыйзамдар эл аралык стандартка шайкеш келгени менен, бирок Кылмыш-жаза кодексинин Өзгөчө бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө бул принцип дайыма эле эске алына бербейт. Муну менен катар эле укук колдонуу тажрыйбасы бирдей эмес калыптанууда, муну изилдөөнүн респонденттери ырасташты.
	3.2. Кылмыш-жаза кодексинин принциби юридикалык аныктык болуп эсептелет	0,5	$З_{0,5}+П_{0,5}=0,5$ КК 0,5 балл деген баа берилди, анткени КР КЖК айрым беренелери принципке дал келбейт (1.1-тиркемени кара). Буга карабастан, юридикалык аныктык принциби КР КЖК бекитилген жана эл аралык стандартка шайкеш келет, жүргүзүлгөн изилдөө көрсөткөндөй, укук колдонуу тажрыйбасы күнөөлүү адамдардын жосундарын квалификациялоо жана кылмыштардын курамдарындагы баалоочу белгилерине байланыштуу айрым кыйынчылыктарга кабылууда. Бул адвокаттар жана укук коргоочулар белгилегендей, КЖК ченемдерин колдонуу процессинде адам укуктарынын бузулушуна алып келүүдө.

1-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза саясаты			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого карата комментарий**
	3.3. Кылмыш-жаза кодексинин принциби мыйзам алдында баарынын бирдейлиги болуп эсептелет	0,5	$З_1$+$П_{0,5}$=0,5 КК 0,5 балл деген баа берилди, анткени баарынын мыйзам алдындагы теңчилик принциби КЖК бекитилгенине жана эл аралык стандарттарга шайкеш келгенине карабастан, адвокаттардын пикири боюнча укук колдонуу тажрыйбасы - бир тараптуу эмес.
	3.4. Кылмыш-жаза кодексинин принциби пропорционалдуулук болуп эсептелет (шайкеш келүүчүлүк)	0,5	$З_{0,5}$ +$П_{0,5}$=0,5 КК 0,5 балл деген баа берилди, анткени КР КЖК пропорционалдуулук (шайкештик) принциби бузулган. Укук колдонуу тажрыйбасы дагы жасалган жосунга жазанын шайкеш келүүсү бузулгандыгын көрсөтүп турат, муну изилдөө дагы далилдеди. Санкциялардын жеткиликтүү иштелип чыкпагандыгы укук колдонуудагы боштуктарды пайда кылат, акыркы жыйынтыгында болсо, адамдын адилеттүү соттук чечимге ээ болуу укугун бузат.
	3.5. Кылмыш-жаза кодексинин принциби жоопкерчиликтин жеке мүнөзү болуп эсептелет	1	$З_1$+$П_1$= 1 КК 1 балл деген баа берилди, анткени жоопкерчиликтин жеке мүнөзү принциби КЖК бекитилген, эл аралык стандарттарга жана укук колдонуу тажрыйбасына шайкеш келет. Укук колдонуучулар бул принциптин ишке ашырылуусу боюнча эч кандай күмөн саноолорун билдиришкен жок.

1-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза саясаты			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого карата комментарий**
	3.6. Кылмыш-жаза кодексинин принциби гумандуулук болуп эсептелет	0,5	$З_{0,5}+П_{0,5}=0,5$ КК 0,5 балл деген баа берилди, анткени, гуманизм принциби КР КЖК бекитилгенине жана эл аралык стандартка шайкеш келгенине карабастан, аны кодекстин беренелеринде айрым багыттар боюнча ачуу логикалык жактан аягына чыгарылган эмес. Фокус-топтук талкуулар көрсөткөндөй, изилденип жаткан гуманизм принцибин ишке ашырууда укук колдонуу тажрыйбасы айрым бир кыйынчылыктарга кабылууда.
	3.7. Кылмыш-жаза кодексинин принциби кылмыш-жаза укуктук каражаттарды бир жолу колдонуу болуп эсептелет (ne bis in idem же "бир жосун эки жолу жазаланбайт")	1	$З_1+П_1=1$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 1 балл деген баа берилди, анткени КР Конституциясында жана КЖК кылмыш-жаза укуктук каражаттардын бир жолу колдонулуусу принциби бекитилген («ne bis in idem или "бир жосун эки жолу жазаланбайт»), бул эл аралык стандартка, анын ЖСУЭП 14-беренесинин 7-бөлүгүндөгү сыпаттамасына шайкеш келет. Укук колдонуу тажрыйбасы эл аралык стандартка шайкеш келет.

1-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза саясаты			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого карата комментарий**
	3.8. Кылмыш-жаза кодекси жана ага киргизилген бардык өзгөртүүлөр анын принциптерине шайкеш гана келбестен, ошондой эле ага шайкеш колдонулуусу керек	0,5	$З_{0,5}+П_0=0$ КК 0,5 баллды түзөт, анткени өлкөдө киргизилип жаткан мыйзамдык өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун шайкештигин текшерүү процедурасы жок. Бул КР КЖК бардык жоболору (ченемдери) жана ага киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор анын принциптерине шайкеш келүүсү керек жана бекитилген мыйзамдык процедураларга ээ болуусу зарыл. Бул процедура киргизилип жаткан өзгөрүүлөрдүн КЖК принциптерине шайкеш келүүсүн караштыруусу керек. КЖК бекитилген принциптерге катыштык менен колдонулуусу зарыл. Мындай процедура мыйзам чыгаруу деңгээлиндеги дагы, ошондой эле укук колдонуу деңгээлиндеги дагы кылмыш-жаза укуктук принциптерди ишке ашырууга жол ачат.
3. **Кылмыш-жаза кодексинин таасири мейкиндикте жана адамдардын чөйрөсү боюнча**			
4. Кылмыш-жаза кодекси аймактуулук принцибинин таасирин караштырат	4.1. Өлкөнүн Кылмыш-жаза кодекси көз карандысыз мамлекеттин аймагында кылмыш-жаза укук бузуусун жасаган бардык адамдар жарандыгынан көз карандысыз түрдө, ушул мамлекеттин Кылмыш-жаза кодекси боюнча жоопкерчиликке тартылышат	1	$З_1+П_1=1$ КК 1 балл деген баа берилди, себеби КР Кылмыш-жаза кодексинин ченемдеринде эл аралык стандарттарга толугу менен шайкеш келген аймактуулук принциби бекитилген, тактап айтканда республиканын аймагында кылмыш жасаган бардык адамдар, жарандыгынан көз карандысыз түрдө, КР КЖК боюнча жоопкерчиликке тартылышат. Укук колдонуу тажрыйбасы дагы эл аралык стандарттарга шайкеш келет. Аймактуулук принцибин бузган бир дагы окуя аныкталган эмес.

1-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза саясаты			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого карата комментарий**
5. Кылмыш-жаза кодекси мамлекеттин чегинен сырткары жасалган кылмыш-жаза укук бузууларына карата жарандуулук принцибинин таасирин караштырат	5.1. Көз карандысыз мамлекеттердин анда туруктуу түрдө жашаган жарандары жана жарандыгы жок адамдар, алар анын чегинен сырткары кылмыш жасаган учурда, эгерде тиешелүү эл аралык келишимдердебашкача каралбаса, көз карандысыз мамлекеттин Кылмыш-жаза кодекси боюнча жоопкерчиликке тартылат	1	$З_1+П_1=1$ КК 1 балл деген баа берилди, анткени КР КЖК ченемдеринде бекитилген, анда көз карандысыз мамлекеттердин жарандары жана анда туруктуу жашаган жарандыгы жок адамдар, анын чегинен тышкары жерде кылмыш жасаган болсо, эгерде тиешелүү эл аралык келишимде башкача каралбаса, көз карандысыз мамлекеттин Кылмыш-жаза кодексине ылайык жоопкерчиликке тартылууга тийиш деп көрсөтүлгөн.
6. Кылмыш-жаза кодекси эл аралык кылмыштарга жана эл аралык мүнөздөгү кылмыштарга карата универсалдуу юрисдикция принцибинин таасирин караштырат	6.1. Көз карандысыз мамлекетте дайыма туруктуу түрдө жашабаган чет жердик жарандар жана жарандыгы жок адамдар анын чегинен сырткары кылмыш жасашса, эгерде бул тиешелүү эл аралык келишимдерде түз караштырылган болгон учурларда көз карандысыз мамлекеттин Кылмыш-жаза кодекси боюнча жоопкерчиликке тартылат	0	$З_0+П_0=0$ КК 0 балл деген баа берилди, анткени КР мыйзамдары жана укук колдонуу тажрыйбасы эл аралык стандартты чагылдырбайт. Универсалдуу юрисдикция принциби КР Кылмыш-жаза мыйзамында жок.

1-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза саясаты			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого карата комментарий**
7. Өткөрүп берүү процедурасы (экстрадициялоо) эл аралык стандарттарга жооп берет	7.1. Кылмыш-жаза кодекси Өткөрүп берүү (экстрадициялоо) эреже эмес, өзгөчө учур экендигин караштырат	0,5	$З_1 + П_{0,5} = 0,5$ КК 0,5 балл деген баа берилди, анткени улуттук мыйзамдар эл аралык стандартка толук шайкеш келгени менен, укук колдонуу тажрыйбасы бирдей эмес калыптанууда.
4. **Кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелер**			
8. Кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелер ыктыярдуу түрдөгү аткарууга жатат	8.1. Кылмыш-жаза кодекси учурдагы эл аралык келишимдерге ылайык келет, алардын милдеттүү күчүнө макулдугун эгемендүү мамлекеттин парламенти берген	0,5	$З_{0,5} + П_{0,5} = 0,5$ КК 0,5 балл деген баа берилди, анткени талдоо өлкөнүн улуттук мыйзамдарынын эл аралык конвенцияларга жарым-жартылай шайкештигин көрсөттү жана укук колдонуу тажрыйбасы болсо ушуга байланыштуу бирдей эмес калыптанууда.
9. Эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуу	9.1. Тынчтыкка жана адамзатына каршы кылмыштар үчүн кылмыштык куугунтуктоо жана жазаларды аткаруу эскирүү мөөнөтү өткөндүгү байланыштуу жоюлбайт	1	$З_1+П_1=1$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 1 балл деген баа берилди, анткени КР КЖК тынчтыкка жана адамзатына каршы кылмыштарга карата кылмыш куугунтуктоосунун жана айып өкүмүн ишке ашыруунун мөөнөтүнүн өткөндүгү алынып салынган.

1-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза саясаты			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого карата комментарий**
	9.2. Терроризм жана коррупция кылмыштарына карата эскирүү мөөнөтү өткөндүгү мезгили көбөйтүлүп колдонулат	0,5	$З_{0,5} + П_{0,5} = 0,5$ Өлкөнүн мыйзамдары эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келет. Мөөнөтү өткөндүгү эки беренеге карата гана чектелген эмес – коррупция жана терроризм актысы. Башка коррупциялык кылмыштарга карата КР КЖК белгиленгендей, мөөнөтү өткөндүгүнүн жалпы мөөнөтү колдонулат.
	9.3. Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жасалган сексуалдык кылмыштардын эскирүү мөөнөтү өткөндүгү жабырлануучу адамдын жашы жеткен күндөн баштап эсептелип баштайт	0,5	$З_{0,5}+П_{0,5}=0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени КРда жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сексуалдык кылмыштар үчүн эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуу эл аралык стандарттарга жалпысынан шайкеш келет, бирок КР КЖКде ар башка беренелеринде балдардын жаш курактык категорияларын аныктоонун бирдиктүү ыкмасынын жоктугуна, ошондой эле 157-беренеге карата эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонууга байланыштуу чакырыктар орун алууда, бул жабырлануучулар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн чектеши мүмкүн.
10. Кылмыш-жаза кодекси юридикалык жактардын жоопкерчилигин караштырат	10.1. Кылмыш-жаза кодекси юридикалык жакка кылмыш-жаза укуктук каражаттарды жана өндүрүп алууну караштырат	0	$З_0+П_0=0$ Бул көзөмөлдөөчү көрсөткүч КР боюнча 0 балл деп бааланды, анткени жасаган кылмыш үчүн юридикалык жактардын жоопкерчилиги институту жок.

1-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза саясаты			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого карата комментарий**
11. Кылмыш-жаза кодекси кылмыш-жаза укук бузуусун жасоо предметтерин жана каражаттарын атайын конфискациялоону колдонууну караштырат	11.1. Кылмыш-жаза укук бузуусун жасоого багышталган же колдонулган, же болбосо аны жасоонун жыйынтыгында алынган мүлк мыйзам боюнча конфискациялоого жатат	0,5	$З_1$+$П_{0,5}$=0,5 КК 0,5 балл деген баа берилди, анткени КР КЖК кылмышты жасоо предметтерин жана каражаттарын атайын конфискациялоо караштырылганына жана бул эл аралык стандарттарга шайкеш келгенине карабастан, укук колдонуу тажрыйбасы бир тараптуу эмес калыптанууда. Демек, мүлктү конфискациялоо жөнүндө укук колдонуу ченеми тажрыйбасын укуктук талаага келтирүү зарыл.
12. Кылмыш-жаза кодекси жабырлануучунун укуктарын коргойт	12.1. Кылмыш-жаза кодекси жабырлануучулардын укуктарын, эркиндиктери жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын, анын ичинде сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүүлүгү укугун жана келтирилген зыяндын ордун толтуруу укугун таануу жана сактоону камсыз кылуусу зарыл	0,5	$З_{0,5}$+$П_{0,5}$=0,5 КК 0,5 балл деген баа берилди, анткени КР КПК материалдык зыянды жана (же) моралдык залалды ордун толтуруунун адистештирилген фондун түзүү караштырылганына карабастан, тиешелүү укуктук акты дагы деле кабыл алына элек.

1-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза саясаты			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого карата комментарий**
13. Кылмыш-жаза кодекси балдардын жана жаш адамдардын кылмыш-жаза жоопкерчилигинин жана аларды жазалоонун өзгөчөлүктөрүн караштырат	13.1. Кылмыш-жаза кодеси жашы жетелек өспүрүмдөргө жаза дайындоонун ордуна таасир этүүнүн башка чараларын колдонуу мүмкүнчүлүгүн караштыруусу керек	0,5	$З_1+П_{0,5}=0,5$ Кыргызстан мыйзам менен чатагы бар балдарга мамиле кылуу боюнча эл аралык стандарттарды маанилүү деңгээлде интеграциялаган. Бул мыйзамда көрсөтүлгөн, алар пробациялык көзөмөл жана тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоочу чаралар сыяктуу эркиндигинен ажыратууга карата альтернативдүү чаралар. Ошол эле учурда, көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү жана жүрүм-турумун чектөө сыяктуу тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоочу чаралар жеткиликтүү түрдө белгиленген тарбиялоочу компонентке ээ, ал эми бул чараларды ишке ашыруу болсо, мыйзам менен чатагы бар балдардын үй-бүлө мүчөлөрүндө жоопкерчиликтүү чоң адам жок болгондугу менен татаалдашууда. Ювеналдык пробация сектору кадрды ресурсу өтө төмөн болуп жатат.
	13.2. Кылмыш-жаза кодекси балдар жана жаш адамдар үчүн жазаны жумшартуу мүмкүнчүлүгүн караштыруусу керек	0,5	$З_1+П_{0,5}=0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, себеби КР КЖК эл аралык стандартка толугу менен шайкеш келүүнү көрсөтүп турат, балдар жана жаш адамдар үчүн жазалоону жумшартуу мүмкүнчүлүгүн караштырат. Укук колдонуу тажрыйбасына талдоо жүргүзүү, ал эми укук колдонуу тажрыйбасы болсо КР КЖКде мыйзам менен чатагы бар баланы анын инсандыгын жана жекече жашоо шарттарын эске алуу менен жазаны жеңилдетүү боюнча укуктук мүмкүнчүлүктөрдү толук көлөмдө колдонулбай жаткандыгын көрсөттү.

1-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза саясаты			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого карата комментарий**
	Баары	**12,5 балл**	

КОРУТУНДУ

«Кылмыш-жаза саясаты» 1-чөйрөсүнө жүргүзүлгөн изилдөө өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамынын өнүгүү тенденциясын, соттук-укуктук реформалардын жүрүшүндө пайда болгон татаалдыктарды, айрым кылмыш-жаза укуктук институттарды мыйзам чегинде жөнгө салуудагы көйгөйлөрдү, эл аралык стандарттардын айрым ченемдерине карата шайкеш келбестиктерди көрүүгө түрткү болду, адам укуктары чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдар жана жалпы эле коом иштөөсү зарыл болгон чакырыктарды аныктоого шарт түздү. Бул изилдөөнүн баалуулугу, ченемдик базаны жана укук колдонуу тажрыйбасын комплекстүү өздөштүргөндүгүндө жана бул ишенимдүү жыйынтыктарды алуу мүмкүнчүлүгүн берди.

Изилдөөнүн колдонулган Усулдамасы өзүнүн универсалдуулугун жана келечектеги кийинки мониторингдерди жүргүзүүдөгү практикалуулугун көрсөтө алды. Изилдөөнүн жыйынтыктары мындан кийинки бардык изилдөөлөргө салыштырма талдоо жүргүзүү үчүн негизги башталгыч чекит катары кызмат кыла алат. 1-Чөйрөгө баа берүүдөн алынган баллдар эл аралык конвенцияларды жана алынган эл аралык милдеттерди аткаруу боюнча өлкөнүн позициясын баалоо мүмкүнчүлүгүн беришет.

Мыйзам чыгаруу ишмердигине талдоо жүргүзүү, жаңы мыйзамдарды кабыл алууда мыйзам чыгаруучу тарабынан кылмыш-жаза укугунун принциптери бардык учурда эле эске алына бербестигин көрсөттү. Албетте буга жараша, эгерде КЖК беренелери кылмыш-жаза укугунун принцибине шайкеш келбесе, укук колдонуучулар кыйынчылыктарды сезишет. Коллизиялар пайда болгон учурда, иш мыйзам чегинде бекитилген принциптердин негизинде чечилиши керек. Бирок КР Кылмыш-жаза кодексине талдоо жүргүзүү жана укук колдонуучулардын арасындагы сурамжылоолор, КЖК ченемдеринде коллизиялар кездешкен учурда жосундарды квалификациялоо жаатындагы кыйынчылыктар пайда кыларын көрсөттү. Адвокаттар сот өндүрүшүнүн жүрүшүндөгү айрым учурларда кылмыш-жаза укугунун принциптерине токтолушкандыгын, бирок алар угулбай, көңүл бурулбай эле калганын ырасташты.

Кылмыш-жаза укугунун принциптеринин жана КЖК ченемдеринин макулдашылбагандыгы, укуктук жөнгө салуунун ырааттуулукта башталуусунун бузулушуна жана алардын адилетсиз түрдө колдонулушуна алып келүүсү мүмкүн. Укук колдонуу тажрыйбасында укуктун принциптери баалоочу түшүнүктөрдү талкуулоодо, же болбосо кылмышты жасаган адамдардын жосундарын квалификациялоо процессинде, ошондой эле соттун жаза дайындоо процессинде колдонулушу мүмкүн.

Кылмыш-жаза укугунун принциптери:

– Кылмыш-жаза кодексинин бардык текстине сыйдырылган идеялардын башаты боло алышат жана башаты болуусу керек, аларсыз ал идеологиялык жана мазмундук жактан толук кандуу эмес болушу мүмкүн;

– кылмыш-жаза укугунун бардык ченемдерин жана Кылмыш-жаза кодексинин жоболорун коомдун моралдык негиздери жана конституциялык түзүлүштүн принциптери менен байланыштырып турат;

– анын адамга багытталган табиятын баса белгилеп турат;

– Кылмыш-жаза кодексинин бардык жоболорунун коргоочу кабыгы болуп эсептелет жана аларды туура эмес чечмелөөдөн сактап турат; юридикалык аргументациялоо учурунда колдонулат жана укуктук ой пикирди калыптандырат;

– Кылмыш-жаза кодексине бекитилүүсү фактысынын өзү анын бир топ туруктуу болуусуна жол ачат.

Жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгында кийинкидей маанилүү корутундулар жасалды:

1. Кыргызстанда анын негизинде кылмыштуулуктун алдын алуунун мамлекеттик концепциялары жана программалары калыптана турган, ошондой эле кылмыш-жаза мыйзамына өзгөртүүлөр дагы анын негизинде киргизилүүсү керек болгон кылмыш-жаза саясатынын бирдиктүү калыптанган доктринасы жок.

2. Кылмыш-жаза укугунун принциптери өлкөнүн Кылмыш-жаза кодексинде бекитилген, бирок жаңы мыйзамдарды кабыл алууда мыйзам чыгаруучу тарабынан айрым принциптер дайыма эле эске алына бербейт. Кийинки (келечектеги) мыйзам чыгаруу реформасы кылмыш-жаза укуктук принциптерге ылайык КЖК Өзгөчө бөлүгүнүн ченемдерин шайкештикке келтирүүгө багытталуусу зарыл.

3. Коррупциялык кылмыштарга карата кылмыш куугунтуктоонун жана айыптоо өкүмүн аткаруунун эскирүү мөөнөтү өткөндүгү институту эл аралык стандарттарга шайкеш келбейт.

4. КР колдонуудагы Кылмыш-жаза кодекси юридикалык жактарга кылмыш жасагандыгы үчүн таасир этүү чаралары караштырылган эмес, бул эл аралык милдеттенмелерге толугу менен шайкеш келбейт.

5. Мүлктү атайын конфискациялоо институту мыйзам чегиндеги жеткире иштеп чыгууга муктаж, ал эми укук колдонуу тажрыйбасы бир тараптуу эмес ишке ашырылууда.

Негизги көрсөткүчтөрдүн ар биринде кылмыш-жаза мыйзамын эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү боюнча, ошондой эле кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүндөгү укук колдонуу тажрыйбасын бирдиктүү калыптандыруу боюнча мамлекеттик органдарга тиешелүү сунуштамалар берилди.

Белгилей кетүү зарыл, мамлекеттик органдардын жана жарандык коомдун натыйжалуу өнөктөштүгү изилденип чыккан суроолор боюнча сынчыл тереңдикти алууга, ошондой эле мыйзамдардагы жана аны колдонуу тажрыйбаларындагы потенциалдуу кемчиликтерди түшүнүүгө жол ачмак.

ТИРКЕМЕ 1.1. Кылмыш-жаза кодексинин беренелеринде укуктук аныктык принцибине ылайык келбеген түшүнүктөрдүн жана белгилердин болжолдуу тизмеси

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 42-беренеси төмөнкүдөй мүнөздөмөлөрдүн бирине ээ болгон 3 адамдан турган кылмыштуу чөйрөнү түшүнүүнүн реалдуулугун чагылдырбайт: “туруктуу жана иерархиялык бирикме”; Кылмыш-жаза кодексинин 123-беренесинде “узак убакытка созулган психотравматикалык кырдаал” деп эмнени түшүнүү керектиги түшүнүксүз.
2. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 161-беренеси Кылмыш-жаза кодексинин 109-беренесин кайталайт, бул адам кайсы жосундар кылмыш болуп саналаарын алдын ала билүүгө мүмкүндүк берүүчү жетиштүү тактыктын, бир тараптуулуктун жана алдын ала айтуунун жоктугун көрсөтөт. Норма жогорку коррупциялык тобокелдиктерди камтыйт.
3. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 163-беренесинде (жаныбарларга ырайымсыз мамиле жасоого карата) – “садисттик ыкмаларды колдонуу” деген термин колдонулат. "Методдор" деген сөз көптүк санда колдонулат, ошондуктан бир нече ыкмалар талап кылынабы же бирөө жетиштүүбү белгисиз.
4. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 166-беренесинин 4-бөлүгүндө жана 167-беренесинин кайталанма белгилери бар, бул жазалануучу жосунду так жана даана аныктоого мүмкүн эмес; Кылмыш-жаза кодексинин 167-беренесинин эскертүүсү диспозицияга карама-каршы келет. Атап айтканда, берененин диспозициясында мыйзамсыз ташып келүү же алып чыгуу “...пайда алуу максатында же ансыз” жана эскертүүдө – “тике же кыйыр түрдө финансылык же башка материалдарды алуу максатында” деп көрсөтүлгөн. пайдалары».
5. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 172-беренесинин 2-бөлүгүндө “иш жүзүндө никелик мамилелерге же никеге туруу үчүн баланы ала качуу” деген бүдөмүк жана туура эмес формулировка бар. Сөз баланын так канча жашы жөнүндө болуп жатат деген суроо туулат.
6. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 173-беренесинде “Бала менен иш жүзүндө никелик мамилелерге мажбурлоо” деген бүдөмүк жана туура эмес формулировка бар. Жашы көрсөтүлүшү керек. Кылмыш-жаза кодексинде жашы жете электердин (14 жашка чейинки курактагы) түшүнүгү айрым жоболордо колдонулат: Кылмыш-жаза кодексинин 144, 145-беренелеринде.
7. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 175-беренесинде «...никеге туруу курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу менен бала менен нике кыюу» деген бүдөмүк жана туура эмес формулировка бар.
8. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 176-беренесинде аныкталбаган “...жалпы чарба жүргүзүү менен” деген түшүнүк бар.
9. Үй-бүлөдөгү зомбулук үчүн жоопкерчиликти караган Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 177-беренеси жана Кылмыш-жаза кодексинин 70-беренеси кылмыштын жана укук бузуунун кайталанма курамына ээ, ошондой эле аларды аткарууда жогорку коррупциялык тобокелдиктерди камтыйт.

10. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 177-беренесинде үй-бүлөлүк зомбулуктун аныкталбаган белгиси – «психикалык азап» камтылган.
11. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 186-беренесинде камкорчулук милдеттерин кыянаттык менен пайдалануудан келтирилген зыяндын мүнөзү аныкталбайт.
12. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 195-беренесинин 2-бөлүгүндө "...башка маселелер боюнча" деген белгини колдонуу ченемди кеңири түшүнүүнү жана чечмелөөнү камсыз кылат. Бул кылмыштын бардык элементтерин жана кылмыш үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартуунун негиздерин так аныктоого мүмкүндүк бербейт.
13. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 225-беренесинде башка бирөөнүн товардык белгисин, тейлөө белгисин, товар чыгарылган жердин аталышын же окшош товарларга окшош белгилерди мыйзамсыз пайдалануунун курамынын белгиси катары кайталоо элементи камтылган. Ал жок болсо кылмыш ишин козгоого болбойт. Кылмыш жасоо процессин ким, кайда, качан жазышы керектиги белгисиз. Же жосун укук бузуу жөнүндө протокол менен таризделип, укук бузуу катары каралууга тийиш. Бирок Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде административдик преюдиция колдонулбайт.
14. Бажы контролунан тышкаркы ташылган товарларды жана башка буюмдарды, ошондой эле аларды ташуу үчүн пайдаланылган транспорттук каражаттарды (анын ичинде башка транспорт каражаттарын) конфискациялоо жөнүндө жобону караган Кылмыш-жаза кодексинин 231-беренесинин 6-пункту. конфискациялоодо белгисиздик кошумча жаза катары Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин санкциясында каралбайт, бирок эскертүүдө.
15. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 280-беренесинде "коомдук тартип", "цинизм менен айырмаланган адепсиз аракеттер" сыяктуу баа берүү мүнөзүндөгү жана укук колдонууда кыйынчылыктарды жаратуучу белгилер бар.
16. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 322-беренесинде таралган электрондук билдирүүлөрдүн канчасы “массалык” деп эсептелиши керектиги көрсөтүлгөн эмес.
17. Коррупция боюнча Кылмыш-жаза кодексинин 336-беренеси кеңири баяндалган, бул кызмат адамдарынын ар кандай аракеттерин ушул жобонун алкагында чагылдырууга мүмкүндүк берет.
18. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 376-беренесинде "ушул Кодексте каралган кандайдыр бир мыйзамсыз же коомдук коркунучтуу жосундарды жасоо менен байланышкан" деген белги эмнени түшүнүү керектиги түшүнүксүз.
19. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 389-беренесинин эскертүүсүндө "оор жагдайлар аралашкан" учурда кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу түшүнүксүз бойдон калууда.
20. Кылмыш-жаза кодексинин 403-беренесинде “адамдын физикалык жана/же психикалык абалына оор залал келтирүү” элементи адамзатка каршы кылмыштын курамында эмнени түшүнүү керектиги түшүнүксүз.
21. Кылмыш-жаза кодексинин 1-тиркемеси "ушул Кодексте колдонулган терминдердин мааниси" эки башка түшүнүктү аныктоого мүмкүндүк берет: "өзгөчө ири зыян" жана "өзгөчө ири өлчөмдө"; "ири зыян" жана "ири өлчөмдө"; «олуттуу зыян» жана «олуттуу сумма»; "майда зыян" жана "кичине өлчөмдө".